**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Баткен мамлекеттик университети**

**Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институту**
**Педагогика жана БББУ кафедрасы**

**Миталипов Камалидин Миталипович,**
**Касымов Тыныбек**

# Жүрүш-туруш этикасы, эстетикасы жана баарлашуу маданияты

**(назарияттык бөлүк)**

**Ош шаары, 2013 –жыл**

УДК 17
ББК 87.7
М 66

Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы
Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун
Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен басмага
сунушталган.

Резензиялаган: Тешебаев А.К. педагогика илимдеринин
кандидаты, доцент

Редактор: Пакыров К. филология илимдеринин
кандидаты, профессор

**Миталипов К.М., Касымов Т.**
М 66 Жүрүш-туруш этикасы, эстетикасы жана баарлашуу маданияты: (назарияттык бөлүм),-Ош 2013. – 184 б

ISBN 978-9967-03-958-2

Жүрүш-туруш этикасы, эстетикасы жана баарлашуу маданияты, окуу жайлардын окутуучулары, студенттери, мектеп мугалимдери, окуучулары жана жалпы эле ата-энелер, коомчулукка кайдыгер карабаган инсандар үчүн колдонмо

**М 0301070000-13** УДК 17
ББК 87.7
ISBN 978-9967-03-958-2
© Ош, 2013

# БАШ СӨЗ

Мен, БатМУ КГПИнин «Педагогика жана БББУ» кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты, Миталипов Камалидин Миталипович менен ага окутуучусу Касымов Тыныбектин авторлоштукта даярдашкан «Жүрүш-туруш этикасы, эстетикасы жана баарлашуу маданияты» деген наамдагы китебинин долбоорун окуп чыктым. Китептин долбоору 7 глава 26 параграфтан турат. Көлөмү 180 китептик беттен турат. Негизинен жүрүш-туруш этикасы, эстетикасы жана баарлашуу маданияты боюнча жетишерлик даражада материалдар берилген.

Китеп жүрүш-туруш этикасы, эстетикасы жана баарлашуу маданиятын үйрөнүүнүн назарияттык бөлүгү болуп, өз ичине жүрүш-туруш жана баарлашуу маданиятынын көп спектрлүү баалуулуктарын тарыхый жана бүгүнкү күндүн же азыркы заман талабына жараша түшүндүрүү жагын камтыган. Айрыкча этиканын өнүгүү тарыхы, ыймандуулугу, ага коюлуучу талаптар боюнча жетишээрлик денгээлде назарияттык жактан маани берилип, анын мүнөзүн ар тараптан ачып бергенге аракеттер жасалган. Баарлашуунун маданияты боюнча авторлор жалпы ыргакты сактоо менен көйгөйдү өз чыйыры менен чечишкен. Китеп жогорку окуу жайларынын педагогика багыты боюнча окушуп жатышкан студенттердин жалпы жүрүш-туруш жана баарлашуу маданиятын калыптандырууга арналганы менен чын-чынына келгенибизде ар кандай эле инсандын жалпы жүрүш-турушун калыптандырууга анын жүрүш-туруш жана баарлашуу маданиятынын деңгээлинен негиздүү, сапаттуу, ар тараптан өнүккөн болуусуна өз таасирин бараандуу тийгизерине ишеним бар. Себеби китептеги келтирилген илимий материалдар бул ойду толугу менен далилдеп турат.

Назарияттык жактан жазылган бул китептин долбоору табигый түрдө өз өнүгүүсүн талап кылып, бүгүнкү жаңы замандын талабына жараша элдик тарбия, этнопедагогика менен байытылып, өзүнүн амалиятык бөлүгү менен толуктануусун талап кылып турат. Себеби коомдун алдына жаңы талаптарды коюулуп келе жатат. Ошол жаңы талаптар канааттандыруусу үчүн жүрүш-туруштун жана баарлашуу маданиятынын түрлөрүн амалияттык жактан синтездөө аркылуу бүгүнкү күндүн инсанынын жалпы жүрүш-турушун жана баарлашуу баалуулуктарын калыптандыра алабыз.

Мына ушул багытта бул китеп кызмат кыларына ишенсе болот.

*Педагогика илимдеринин кандидаты,*
*БатМУ КГПИнин доценти:*
*Тешебаев А*

*25.06.2013-жыл.*

# I ГЛАВА

# ЭТИКА ИЛИМИНИН ТАРЫХЫ, НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ ЖАНА ЭТАПТАРЫ.

## 1. ЭТИКА ИЛИМИ ЖАНА ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЭТИКАСЫ ЖӨНҮНДӨ.

Бүгүнкү күндөгү коомубуздун турмушундагы өзгөрүү жараянына назар салып, инсандардын мындан аркы өнүгүүсүнө маани бере турган болсок, алардын руханий өнүгүү деңгээлинин келечегине акыл калчасак, адамдардын жашоо жараяныңдагы адептүүлүгүнө маани бербей кое албайбыз. Себеби, ар бир инсанды бүгүнкүбүз жана эртеңки күнүбүз толкундатпай койбойт. Айрыкча манилүү болгон адептүүлүк баалуулуктарынын ушул күнгө чейинки абалы жана келечектеги тутар жолу, азыркы күндөгү проблемалуу маселелердин бири. Ошондуктан адептүүлүк жөнүндөгү окуунун булагы болгон этикага кызыгуу өзүнөн-өзү түшүнүктүү, табигый көрүнүш. Этика өтө байыркы илим болуу менен ошол мезгилде өтө жаш, адам коомунун ар бир өнүгүү этабында өтө зарыл, жол көрсөткүч милдетин аткарган, мындан быякка да аткара бермекчи.

Этика, илим катары, байыркы грек антикалык философиясынын ичинде жашап келген. Этикага карата жашоонун даанышмандуулугу катары көз караш болгон. Байыртадан этикага адеп-ахлакты изилдөө менен кантип бактылуу болуунун, ага жетүүнүн амалияттык жолдору, анын зарыл каражаттары жөнүндөгү ой-толгоолор кирген. Этика илимин өнүктүргөн байыркы даанышман-философтордун бири - Аристотель. Ал байыркы грек философу Платондун окуучусу болуп, философияда дуализмди негиздеген,

«логиканын атасы» наамына арзыган. Б.э.ч. 384-жылы төрөлүп, б.э.ч. 322-жылы көз жумган. Өзүнүн философиялык эмгектеринде этиканы илимге кошуп, адеп-ахлакка ой жүгүртүү аркылуу акыл-эс менен аны багыттай алууга боло тургандыгын далилдеп, кылык-жоруктарды жана аракеттерди адам баласы тандап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болорун айткан. Этика боюнча анын ой жүгүртүүлөрү 10 томдон турган « Никомах этикасы», эки китептен турган « Чоң этикасы» жана «Евдомов этикасы» деген эмгектеринде өтө түшүнүктүү жагдайда жаратылган. Аталган эмгектерде этика ар түрдүү аспектерде каралып, ага психология жана саясаттын ортосунан орун берилген.

Аристотелдин этикага маани бергендигинин себеби илимдин түрлөрүн ал үч чоң бөлүктөргө бөлгөн: назарияттык (акыл калчоочу), амалияттык (өндүргүч) жана чыгармачылык (жаратуучулук). Ушул илимдердин ичинде этиканы экинчи топко бөлүп, анын аткаруучу функциясы рухий-чыгармачылык, калыптандыруучулук ишмердүүлүктү иш жүзүнө ашырууда, маанилүүлүккө ээ болгондугунда болуп турат. Ал акыйкатында адеп-ахлак жана адептүүлүктү багыттоочу күчүнө ээ болгондугу менен баалуу. Анын аныктамасы боюнча этика адамдарга ишмердүүлүк, эрктик руханий сапаттарын, касиеттерин коомдук жана жеке турмушунда көрсөтө алуусу, касиеттерди сактай билүүсү болуп эсептелет. Ал, турмуш-тиричиликтеги, үрп-адат, каада-салт, адеп-ахлак, жүрүш-туруш нормалары.

Коомубуз жаңы доорго өтүп жаткан мезгилде ата-энелердин, коомчулуктун, тарбиячылардын, педагогдордун жана мугалимдердин алдында жаңы проблема пайда болду. Болочок муунду тарбиялоодо эмнеге маани берүү зарыл, кайсы жолду тандап алуу керек, тарбия жараяны кайсы багытта уюштурулат, эмненин мисалында, инсандын рухий дүйнөсү, көз-

карашы, дүйнө таануусу, аң-сезими, ой жүгүртүүсү, адеп-ахлагы, жүрүү-туруусу, адамкерчилиги кандай багытта калыптануусу керек деген ой-толгоолор болбой койбойт. Албетте бул багытта жүрүш-туруш этикасы көрүнүктүү ролду ойноп, өсүп келе жаткан муундун рухий дүйнөсүн байытуу, анын адептүүлүгүн жана коомдун адеп-ахлагын амалияттык жана назарияттык жактан калыптандырууну өз алкагына ала алат.

Жүрүш-туруш этикасы адептүүлүктү изилдеген илим. Ал адептүүлүк жөнүндөгү илим болуу менен адеп-ахлак нормаларын да өз ичине камтып турат.

« Этика» же болбосо анын уңгусу болгон «этикет» түшүнүгү ар түрдүү адабияттарда ар түрдүүчө түшүндүрүлөт. 1972–жылы Ленинград шаарында басылып чыккан «Советтик этикет» деген китепте юридикалык илимдердин кандидаты, доцент Л.Г Грингбергдин «Мораль жана этикет» деген макаласында «Этикет» деген сөз француз тилинен алынып, «Етугуиетте» дегенди туюндурат, которгондо этикетка, ярлык, жөрөлгө же болбосо, белгилүү бир салтанатты, массалык иш чараны өткөрүүнүн жол-жоболору» деген маанини аңдатат десе, ал эми философия илимдеринин доктору, профессор А.И.Титаренконун редакциясынын астында 1976-жылда Москва шаарында басылып чыккан « Марксисттик этика» деген китебинин 7-бетинде «Этика» сөзү байыркы гректердин « Этос» деген сөзүнөн келип чыккан деп айтылат. Анын мааниси үрп-адат, кулк-мүнөз, ойдун образы. Байыркы философтор бул терминди туруктуу мүнөздүн жаратылышын ачууда, белгилөөдө пайдаланышкан. Керек болсо адептүүлүктү, коомдук көркөм кубулуштарды түшүндүрүүдө да кеңири колдонушкан. М: Эмподокл, биринчи элементтердин этосу жөнүндө, Гераклит, адамдын этосу жөнүндө ж.б.у.с. Этиканы изилдөө

менен кайсы мүнөз, кайсы адеп-ахлакка төп келгендиги жана ошол этика жөнүндө биринчилерден болуп, Аристотель айткан. « Этос» сөзү, латын сөзүнүн « Мос» сөзүнө төп келет. Аны которгонубузда кулк-мүнөз, үрп-адат, жүрүм-турум, касиет, ички табият, мыйзам, тыюу маанилерин берет. Латындын «Мос» сөзү адеп-ахлак сөзүнө тийиштүү болуп, «Моралис» деген маанини туюндурат. Кийинчерээк андан «Моралитас» термини пайда болду. Ошентип « этика» деген грек жана « моралитас» деген латын сөзү маани жагынан кыргыздын « адеп-ахлак» деген сөзүнө туура келет.

Ар дайым « этика » жана » мораль» же болбосо « адептүүлүк», инсандар тарабынан бир-бирине жакын мааниде пайдаланылып келе жатат.

М: кесиптик этика, этикалык нормалар, жүрүш-туруш этикасы, илимпоздун этикасы, мамилелердин этикасы ж.б.у.с. Орус тилинин азыркы заман сөздүгүндө этикага эки жактык маани берилет. Биринчиси: философиялык ойдун, экинчиси: жүрүш-туруштун нормасы катары каралат. Проблемага мындай караганыбызда чаржайыт түшүнүк пайда болуп, маңыз-мааниси өз ордуна келе албай турат. Этиканы илим деп алганыбыз туура болот, анын үйрөнүүчү обьектиси-адептүүлүк жана адеп-ахлак. Болгондо да инсандын руханий дүйнөсүн, ички маданиятын жана коомдун жалпы коомдук адеп-ахлагын изилдейт.

Француз агартуучусу Вальтердин айтымына караганда, «Этикет-бул, акылы тайкыларга акыл эс». Белгилеп өткөнүбүздөй этика адептүүлүктү үйрөтүүчү илим. Анын тамыры байыркы замандардын философиясына барып такалат. Ошол эле учурда ал ар дайым адамзаттын адептүүлүк зарылчылыгы катары жаңы маани, жаңы мазмунга ээ болуу менен тирүү жандын адептик талабы катары жашап келе жатат.

Бүгүнкү күндөгү коомубуздун бардык коомдук турмушунун динамикалык өнүгүүсү, илимий-техникалык прогресстин таасири аркылуу дүркүрөп өсүүсү, жаңы технологиялардын жашоо турмушубуздагы ээлеген ордунун бараандуулугу, элибиздин дүйнөлүк цивилизацияга жакындап, маданият сферасынын болуп көрбөгөндөй кадам таштоосу, албетте коомубуздун аң-сезимдүү ар бир мүчөсүн ойлонтпой койбойт. Мындай абалда биздин элибиздин дүйнөлүк интеграциядагы орду кайда, анын ролу кандай болот, аны менен камыр-жумур болуп кете алабы?- дегендей суроолор түйшөлтөт. Мындай кырдаалда биринчи кезекте коомубуздун адеп-ахлактык деңгээлин көтөрүү замандын талабына жооп берет. Инсандын адептүүлүк сапатын көтөрүү менен аны адеп-ахлак жагынан өлкөнүн ишенимдүү кишисине айлантуу, күтүлбөгөн кырдаалдарда туура чечимге келүү, ар кандай шартта адамкерчилик касиеттерин көрсөтө алганга багыттоо болуп эсептелет. Жогоруда көрсөтүлгөн кээ бир жүрүш-туруш этикасы жана эстетикасынын милдеттерин аткарууда адептүүлүктү изилдөөчү илим катары этиканын мааниси чоң жана инсандын ар тараптуу өнүгүүсүндөгү орду бараандуу.

Албетте этиканын нормаларын, талаптарын китептерден окуп алуу менен эле инсан гармониялык тарбияларды алып калбайт, же болбосо, жүрүү-туруусу ойдогудай калыптанып, ой жүгүртүүсү оңолуп, көз-карашы кеңейип, адеп-ахлагы жөндөлүп, адептүүлүгү ойдогудай жаралып калбайт. Бирок адептүүлүк этикасын үйрөнүү менен ар бир инсандын аң-сезими өсүп, анын тийгизген таасири сезилээрлик даражада болот. Себеби, этиканын негизги таламдарына маани берген инсан, ар кандай шарттарда өзүнүн адептүүлүк сапаттарына жана жүрүү-туруусуна кандайдыр бир деңгээлде маани берип, өзүнүн абалын көзөмөлдөөгө кудурети жетет. Адам баласынын адептүүлүк сапаты,

деңгээли, турмуштун, чөйрөнүн таасири астында калыптанат. Ага ар түрдүү социалдык факторлор өз изин түшүрөт. Азыркы мезгилге чейин коомдун адеп-ахлагы, ага болгон талап сунуштар жана чектөөлөр качандан башталгандыгы боюнча так илимий маалыматтар жетишсиз же болбосо такыр эле жокко эсе. Алгачкы общиналык коомдо жашоо кырдаалынын татаалдыгы адам баласынын баштарын бириктирген. Аларды өздөрүнүн жашоо таламдарын биологиялык жактан камсыздоого жамааттташып гана жетүүгө боло тургандай сезимдерин бышыктап, биримдикке тартып турат. Ар бир топтун өзүнүн адеп-ахлактык деңгээли болгон. Анын негизинде топтун ар бир мүчөсү менен мамилелер уюштурулган. Мындай абал өз кезегинде мезгили келип, топтун ичинде өзгөчө статуска ээ болгон элиталык катмарды жараткан. Ушуну менен катар, бул өзгөчө бир социалдык регламенттин б.а. (тартиптин) механизмин түзгөн. Мезгилдердин өтүүсү менен коомдун адеп-ахлагы ошол механизмдин маанилүү учуру болуп калды. Бул жараян бир тектүүлүктүн пайда болуусуна алып келди. Бир тектүүлүктүн пайда болуусу алгачкы общиналык коомдо инсандардын бири-биринен бөлүнүүсүн камсыз кылып, алардын андан аркы мамилелерин принципиалдуу жаңы баскычка көтөрдү. Тектеш топтор биригишип урууларды жаратышты. Өз мезгилинде бул адам коомунун өнүгүүсүнүн жаңы баскычы болуп, өзүнүн кызыкчылыгы бар, аны турмушка ашырууга же аткарууга жан талашкан, социалдык багыты бар адамдарды пайда кылды. Ошол эле мезгилде ал адам баласы өзүнүн тектештеринин, тобунун эркин башка жамаатташтар менен жасаган мамилелеринде өзүнүн тобунун эркин алып жүрүүчү топтун жоопкерчиликтүү мүчөсү болуп калды. Бир тектүүлүктүн пайда болуусу менен биринчи жолу

«өзүмдүкү», «меники», «биздики» же «анықы», «башканыкы» деген түшүнүктөр пайда болду. Инсандардын калыптануусундагы манилүү учурлардын бири аял менен эркектин ортосундагы эмгектин табигый түрдө бөлүнүүсү болуп эсептелет. Себеби ал инсандардын жоопкерчиликтерин аңдатып, милдеттерин белгилеп, коомдогу ээлеген даражасын көрсөтүп турган.

Тарых илиминен бизге белгилүү болгондой алгачкы общиналык коомдо эркектер тамак табуу менен алектенишип, оокат жана азык-түлүк табышып келишкен болсо, ал эми аялдар үй оокатын уюштурушуп, коломтону өчүрбөгөн. Эркек же аял болуп төрөлүү менен инсан белгилүү бир коомдук ишти аткарууга мажбур болгон. Ошол эле учурда башка иштер менен алектенгенге да укуктары болгон. Адамдардын коомдук, чарбалык иштерди аткаруусу алардын коомдогу ээлеген ордун да аныктаган, бул өз кезегинде алардын өз ара мамилелериндеги кээ бир карама-каршылыктарды жараткан. Ошол себептен адамдардын өз ара мамилелерин жөндөө жана башкаруу максатында адеп-ахлактык нормалар жана талаптар жарала баштады. Белгилүү болгондой адеп-ахлак коомдук өнүгүүнүн жүрүү темпин төмөндөтүү же ылдамдатуу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Алдыңкы адеп-ахлак коомду прогресске, алга жылуусун камсыздаган. Дүйнө туюму жана маанайы алмашып турган элдердин жашоо турмушунун оңолорун билдирген, жарчы социалдык күчтү белендеп барды. Мындай күчтөр кээ бир учурларда илимден да илгерирээк коомдун ички өнүгүү процессин божомолдоп, амалияттык жактан эмес балким ырайлык (эмоцианалдык) формада билдирип барууга жетише алышкан.

Сөзсүз инсандын адептүүлүк тагдыры коомдун адеп-ахлактык тагдыры менен бекем органикалык байланышта болот. Ошондой эле, коомдун тагдыры да

жашоо ишмердүүлүгү менен аны түптөгөн адам баласынын тагдыры менен ажырагыс байланышта болуп, өнүгүү жолунда инсанды өзүнүн мыйзамдарына ылайык калыптандырып келген.

«Ар кандай коомдук катмардын өзүнүн «жашоо манерасы», өзүнүн адаты, өзүнүн тутунган багыты бар» - деген В.И.Ленин. Ошол коомдун ар-бир мүчөсүнүн жүрүш-туруштарын башкарып жана багыттап турган өзгөчө «жашоо манерасын» адептүүлүк нормалары тескейт.

Ар бир коомдук экономикалык формация өзүнүн таптык структурасына ээ. Эгерде коом ичинде альтернативдик түзүм болсо ал жерде өсүү-өнүгүүгө кеңири жол ачылат. Анын адеп-ахлактык деңгээли аныкталып, ойлордун плюррализми өнүгөт, натыйжада демократиялык өнүгүүгө кеңири жол берилет. Мындай коомдо антоганизм (карама-каршылык) өтө төмөнкү чектин деңгээлин ээлейт. Ал эми антоганисттик коом болбосо, андай формацияда адеп-ахлак талаптары башкаруу табынын талаптарына айланып калат. Алардын заказдарын аткарат. Мындай абалда башкаруу табы өздөрүнүн кызыкчылыктарын жалпы элдин кызыкчылыктары катары көрсөтүүгө далалаттанат. Бул багытта ал өзүнүн идеологиялык куралы катары мечиттерди, окуу жайларын, массалык-маалымат каражаттарын пайдаланат. Натыйжада жалпы элдер адеп-ахлактык, көз-караштарын, дүйнө туюмдарын коомдогу болуп жаткан социалдык жараян катары кабылдашат. Себеби бир коомдо жашашкан элдердин жалпы кызыкчылыктары чагылдырылып жаткандай туюлат. Чын-чынына келгенде таптардын коомдогу ээлеген орундары башка же болбосо, көбүн эсе, карама-каршы келет. Аны териштирүүнүн жаңы адеби, же болбосо, оппозициялык адеп, адеп-ахлагы пайда болот. Жашоо кысымынын натыйжасында оппозиция өнүп чыгат. Ал, оппозициянын өзгөчө бир

кызыкчылыктарын көрсөтө алат. Сөзсүз ал ошол мезгилдеги башкаруу адебине каршы болуп, ар кандай шайман, каражаттар менен уюштуруу иштери аркылуу кырдаалдын ички мазмунун ачып берүүгө аракет жасап, бул багытта оппозиция ар түрдүү, карама-каршы талаптарды коюп, аны оппонентине аткартуу максатында чакырыктарды, талаптарды, сунуштарды колдонушат. Маселенин субьективдүү жактарына маани беришет. Ал максаттарды иш жүзүнө ашырууда жана башка иш чаралардын түрлөрүн пайдаланышат. Жетекчилер болсо өздөрүнүн кызыкчылыктарын жалпы коомдук кызыкчылыктар менен айкалыштыра алышпай туура эмес жолдорго барышат. Анын себебинен башкаруучулар менен оппозициянын ортосунда принципиалдык маселелер боюнча пикир келищпөөчүлүктөр пайда болуп, натыйжада эки полярдуу көз караштардын пайда болуусуна алып келет. Мындай кырдаалдарда демократиялык мамилелерди ишке киргизүү талапка жооп берет.

Адамзаттын адеп-ахлактык тажрыйбасынын жалпы баалуулуктарына ар бир таптын кошкон салымы ар түрдүүчө жана андагы социалдык-тарыхый ролуна түздөн-түз байланышат. Коомдун адеп-ахлактык өнүгүүсү жогорулоочу кыймыл. Андай жогорулоону камсыздаган коом өз мезгилинин адептүүлүк прогрессин камсыздаганга жарамдуу болот. Бул тескерисинче, тарых элегинен өтө албаган жамаат регресске кетип, өзүнүн, адамгерчиликтүүлүккө каршы реакциячыл адеп-ахлагын жаратып, коомго адепсиздик ооруусун жуктуруусу мүмкүн. Мындай тенденцияга жашоо турмушубуздун кээ бир сфераларында, ар кандай мезгилдерде кабылып жүрөбүз.

Ар кандай турмуштун өзүнүн адептүүлүк чени бар. Ал болсо ар кандай коомдук формацияда өзүнүн тарбиялоочу милдетин аткарат. Адептүүлүк адам баласынын пайда болгонунан баштап, болуп өткөн

коомдук өзгөрүүлөргө карабастан, коомдун талабына, үрп-адат, каада-салтына негизделип, жүрүш-туруш нормаларына ылайык таасир берип, коомдун тарбиялоодогу идеялына таянат. Коомдун өсүп-өнүгүү жараянында, адеп-ахлак, тарбиялоодогу негизги идеялык жана амалияттык аракеттердин ачкычтык кызматын аткарды. Себеби, коом, коомдун ар бир мүчөсү талаптарынын жардамына дайыма муктаж болуп келген. Бул багытта адептүүлүк адеп-ахлактын көп кырдуу функциясынын кошумча бутагы болуп, ал, индивиддин өсүү жараянынын жол көрсөткүчү, акыл-насаат берүүчү, руханий дүйнөсүн байытуучу, анын ар тараптан өнүккөн инсан болуп калыптануусуна шарт түзүүчү аракеттерин турмушка ашырып келе берет.

Адеп-ахлак, адам коому кандай гана шартта жашабасын, кандай гана экономикалык, саясий, укуктук абалда болбосун өзүнүн энчисине бөлүнгөн « коомдун мүчөлөрүнүн өздөрүн жамаатта алып жүрүүлөрүнүн негизги жана жардамчы нормаларын» сактатуу багытында ишмердүүлүк жүргүзөт. Адеп-ахлак тапсыз коомдо пайда болуп, өтө көп тарыхый этаптарды басып өттү. Ар кандай коомдук өзгөрүүлөргө карабастан мындан ары да өз милдеттерин аткара бермекчи. Себеби, адамзат коому бар экен адеп-ахлактык талаптар маанисин жоготпойт. Бирок адеп-ахлакты идеалдаштырып болбойт. Себеби, коомдун экономикалык абалына турмуш чындыгына жараша адамзаттын өзүн алып жүрүүсүнүн коомдогу заттык ордун аныктап бара берет. Жүрүш-туруш этикасы адамзатын өтүмүшүнөн обочолоно албайт. Себеби, адам баласынын аң-сезимдүү жашоо мезгилинен бери жыйылган үрп-адат, каада-салт, адептүүлүк нормалары өткөн мезгилдин жаңыланган көрүнүшү болуп келет. Жашоо-бул, дөңгөлөк сымал. Ар кандай турмуштук шартта ошол эле кубулуш жаңы формага келет, мазмуну болсо ошол эле бойдон калат.

Ошондуктан тарбиялоо түгөнгүс түбөлүктүү категория. Бирок жүрүш-турушка карата болгон талап жаңы багыт боюнча болуп, коомдун жашоо мезгилине шайкеш келип, маңыз-мааниси боюнча этиканын талабын чагылдыруусу керек. Ар кандай доордун ар кандай кырдаалдарында жүрүш-туруш этикасы социалдык шарттардын натыйжасында өзгөрүлүп, ал же бул нормаларын өзгөртүп, жаңы формада бири-бири менен байланыштырып келет. Мындан кийин да байланыштарын, тыгыздашканын жоготпойт.

Кыргыз элинин коомдук жашоосуна мусулман дининин адеп-ахлак жагына таасири тийе баштаганга чейин деле элибиз өсүп келе жаткан жаш муунду адептүүлүккө тарбиялоо маселелери менен чөйрө, жашоодон алынган амалияттык тажрыйбалардын негизинде инстинктивдүү түрдө алектенишип келишкен. Адептүүлүктүн нормалары инсандардын өз ара мамилелеринде өтө катуу сакталган. Жүрүш-туруштун деңгээлинин чеги коомдун катуу көзөмөлүндө болуп, андан четтөө же анын принципиалдык талаптарын бузуу, уруулар, уруктар, топтордун арасында өтө курч сындалган, көпчүлүк мезгилдерде күнөөкөр жеке башы менен жалпы коомдук тартипти бузгандыгы үчүн топтун, уруунун алдында жооп берген. Каада-салт, үрп-адатты бузуу, коомчулуктун күндөлүк жашоосун бузгандай абалда кабылданган. Кээ бир жөнү жок аракеттер болсо:

М: Кыз бала турмушка чыкпай туруп төрөп койду дейли. Мындай жүрүш-туруш эрежесин бузуу жалпы бир уруунун бетине так түшүргөн менен барабар бааланган. Мындай жорукка намыстанышкан тууган-урук, ага-ини ойго келбеген жазалоолорго барышкан. Же болбосо күнөөкөрдүн жакын тууган-уруктарын менен пикир келишпөөчүлүккө чейин алып келген.

Кыргыздардын үй-бүлөсүнүн ичинде ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн ар дайым аткаруучу милдеттери так

жана даана бөлүштүрүлүп, ар кимиси өз ишин аткарган. Кандайдыр бир себептер менен аткаруучу жок болуп калса, анын ордун башкасы ээлеп, анын жоктугун билдирбей, милдетин аткарып турган. Ошол үй-бүлөнүн коомдогу ээлеген ордуна жараша, үлгү катары кызмат жасай алган жөрөлгөлөрдү коом арасында жүрүш-туруш эрежелерине, каада-салтка, үрп-адатка айланткан. Ал, ошол үй-бүлөнүн социалдык статусуна байланышкан. Колунда барлар менен колунда жоктордун арасында жүрүш-туруш этикасы кескин айырмаланган. Бирок ал таптык мүнөзгө ээ болбой, туугандык, жааттык мүнөздөргө ээ болуп, көпчүлүк жана башка элдерден түп-тамырынан айырмаланып турган.

Кыргыз элинин мусулман динин кабыл алуусунан баштап, инсандардын адеп-ахлагына жаңы талап пайда болду же болбосо, мусулман шарияти кирип келди. Кандайдыр бир деңгээлде жаратылышынан көчмөнчүлүк менен жан багып келген кыргыздарга мурда көнүмүш болбогон шарт болуп, бир топ ыңгайсыздыктарды жаратты. Бара-бара ага көнүшүп, жашоолорунун адептүүлук нормаларына айлантырууга аракеттенишип, күндөлүк жашоо турмушунун чордонунан орун берилди. Мусулманчылыкты кабыл алышкан кыргыздар Аллага жана анын жердеги өкүлү Мухаммед пайгамбарга кандай ишенишсе « Шариятка» жана пайгамбардын « Хадистерине» да ошондой эле ишенише башташты жана алардын талаптарын жетекчиликке алышты. Натыйжада жүрүш-туруш этикасы инсандын ыймандуулук касиеттери менен өлчөнүп, баалана баштады. Бүгүнкү күндө жүрүш-туруш этикасы жана эстетикасы ыймандуулук талаптары менен жуурулушуп кетсе, мындан коомубуз ченемсиз пайда көрмөк. Өсүп келе жаткан жаңы муундун адептик сапаттарына түшүмдүү үрөөн себилмек. Ар бир элдин жүрүш-туруш этикасынын

жана эстетикасынын өзүнө таандык өнүгүү тарыхы бар. Европанын жүрүш-туруш этикасы Азияныкына окшобойт, же болбосо Африканын жүрүш-туруш нормалары Индокытайлыктарга дал келбейт. Себеби, адамзаттын өнүгүү этабында ар бир этностун өзүнүн тарбиялоо өзгөчөлүктөрү, талаптары, нормалары болуп, ал башка элдин үрп-адат, каада-салты менен байланышып, турмушка болгон көз караштарынын натыйжаларында аң-сезимдеринин деңгээлине жараша өнүккөн, өскөн.

Инсандын жүрүш-турушун калыптандырууда кыргыз элинин баланы коомчулук аркылуу тарбиялоого алуусу негизинен өтө туура болгон. Себеби, тарбия кысымына алынган бала ата-энесине, ага-инисине баш ийбөөсү мүмкүн, ал эми жалпы коомчулуктун талкуулоосу, катуу талабы, ар кандай инсандын жүрүш-турушуна сөзсүз таасир берет. Коомдук пикир менен эсептешпегенге, андай адепсиз инсанда, арга калбай калат. Ошондуктан айыл аксакалдары кээ бир инсандардын кылык-жоруктарын аш-тойлордо, маарекелерде, чогулуштарда айтышып уяткарышкан. Сөзсүз мындай иш аракеттер жакшы натыйжа берип тарбия алкагына алынган инсандын жүрүш-турушун оңдоого оң таасирин тийгизген. Кыргыз элинин жүрүш-туруш этикасынан алчу болсок, «аксакалдарды сыйлоо», алардын колуна суу куюп, төргө өткөргөн. Аксакал дасторкондон даам татмайын дасторконго кол салбай күтө туруу, аксакалдаштырып мүчө (устукан) тартуу, аксакалга жол бошотуу, алардан мурда озунуп сүйлөбөө, аксакалды колтуктан алып атына миндирүү, узатып коюу, ж.б.у.с. жөрөлгөлөрдүн баасы чоң жана тарбиялык мааниси терең. Мындай иштерди ким аткаруусу мүмкүн? Сөзсүз тарбия көргөн инсан, жүрүш-туруш нормаларын талаптагыдай түшүнө алган адамзаты аткарат. Байыртадан эле кыргыз эли үрп-

адат, каада-салттарга бай болуп келгенин карт тарыхтын барактарынан, элибиздин залкар оозеки чыгармасы болгон

«Манас» эпосунан билебиз. Ошондой эле дайыма көчүп-конуп жүрүп, өзүнүн жүрүш-туруш этикасына коңшулаш жана башка элдердин жагымдуу амалияттык мааниге ээ, адеп, маданият, адеп-ахлактык кээ бир нормаларды өзүнүн күндөлүк жашоо турмушуна сиңирген. Натыйжада ал нормалар чоочун болгон кырлары жоголуп, нукура элдик адеп-ахлак нормаларына айланышып кетишкен.

М: Кыргыздын саламдашканда «Малы-жаның аманбы? - деп сурашканын алып көрөлү. Ушундай эле саламдашуулар Египеттиктерде, Кытайлыктарда жана Монголдордо да бар. Айырмасы эле, алар;

« Сиз бүгүн тамак жедиңизби?», «Малдарыңыздын дени сообу?» дешип сурашат. Африкадагы Зулустар «Мен сени көрүп турамын» дешсе, Кытайлыктар болсо таанышын алыскы аралыктан көрүп калса өзүнүн колун өзү кысып саламдашат. Латын Америкасындагылар кучакташса, Французадар беттеринен сүйүшөт. Айта берсе түгөнбөйт, бир эле саламдашуунун канчалаган түрлөрү бар. Чыгыш мусулмандарын мисалга алчу болсок:

Алар бири-бири менен сөзсүз түрдө саламдашуусу талап кылынат. Эки жактык мамиле бузулган болсо да саламдашууга милдеттүү. Саламдашканда да үнүн бийик чыгарып, салам айтылып жаткан кишиге айкын угулгандай даражада айтуусу зарыл болот. Мусулман баласы жолунда жолуккан кишинин баарына салам айтууга милдеттүү. Эл чогулуп турган болсо баарына салам айтылат, тургандардын ичинен биринин ысымын атап саламдашылбайт. Уктап жатканга, тамак жеп жаткан кишиге, эгер анын оозунда тамагы болсо, Куран окуп жатса же намаз окуп жатса, азан айтып жаткан киши менен саламдашылбайт. Калган учурларда

тартип боюнча салам айтылат. Ким биринчилерден болуп салам айтса, ал кубатталат, урматка ээ болот.

Европада болсо этикет манархтардын үй-бүлөсүндөгү, короосундагы жөрөлгө катары пайда болду.

М: Байыркы Римде Юлий Цезарга жөн гана «цезарь» дешип кайрылышкан. Императордук бийликтин пайда болуусу менен император турган короодогу элдерге, аларга ыйгарылган мамлекеттик наамдарга (чиндерге) ылайык кайрылуу керек болгон. Ар бир мамлекеттик ранганын ээси ошол жерде түзүлгөн каада-салтка ылайык өз милдеттерин аткарышкан. Чиновниктин сарайындагы турмушту, жашоону, этикет катуу көзөмөлгө алып, жөндөп турган. Чиновниктин үй-бүлө мүчөлөрүнө өзгөчө жөрөлгөлөр менен гана кайрылышкан. Көрүнүктүү француз агартуучусу Вольтердин айтымында Франциянын королунун короосундагы кээ бир жөрөлгөлөр, театрлаштырылып көрсөтүлгөн спектаклдерге окшошуп кеткен. Монарх болсо өз сарайынын кулуна айланган, себеби жүрүш-туруш этикасынын талабынан бир кадам да четке чыга алган эмес. Төбөлдөрдүн турмуштук укладын этикет дайыма көзөмөлдөп, анын аткарылуусун камсыздаган. Ошол эле учурда ал өзгөчө бир белгини билдирип, аристократтарды бири-бирине жакындаттырып, коомдогу ээлеген ордун белгилеген. Этикет аристократтарга бир белги катары энчиленип, анын коомдогу ээлеген ордун, жеңилдетилген социалдык катмардагы орду жөнүндө эскертип турган. Аристократтардын балдары жаштайынан этикет талап кылган жүрүш-туруш манераларына атайын даярдалып, анын мыйзамы менен гана жашоого үйрөтүлгөн. Алар менен сарайдагы атайын окутуучулар алектенишкен. Бул өзүнчө эле таанып-билүүнү талап кылган илим болгон. Чиновниктердин короосундагы

жөрөлгөлөрдү сактабаган адамдарга таң калуу, жактырбагандай мамиледе болушуп, кыжырданышкан.

Орус элинин этикетине келчү болсок, төбөлдөргө атайын жүрүш- туруш тартиптери боюнча китептер басылып чыгарылган. Алардын катарына ХУ111-кылымда басылып чыккан «Домостройду» алсак болот. Ал китеп шаар тургундарынын жашоо сферасынын түрдүү жагдайларын камтып, жүрүү-туруу нормаларын белгилеген. Ошол китептин талабына ылайык үй-бүлө башчысы өзүнүн үй-бүлөсүндө чектелбеген бийлике ээ болуп, короосундагы элдин баарынын «атасы» болгон. Россия мамлекетинин бийлик башына Петр-1 келгенден баштап, күндөлүк турмуш-тиричиликте өзгөрүү, реформалар башталып, Европанын маданияты өздөштүрүлө баштаган. Бул багытта бир топ белгилене турган жаңылыктар орус элинин жашоосуна киргизилген. Дворяндардын турмуш-тиричиликтеринде көзгө көрүнөрлүк реформалар жүргүзүлгөн. Айрыкча жаш муундун өнүгүүсүнө атайын жетекчиликке алынуу керек болгон жүрүш-туруш нормалары белгиленип, сунушталган. Албетте булардын баары жалпы Россиянын элинин маданиятын көтөрбөй, аристократтарга гана тиешелүү болгон. Ошондой болсо да жаштар үчүн чет тилден которулуп басылып **чыгарылган «Юности честное зерцало» (Өспүрүмдүктүн сыймыктар күзгүсү)** деген китеп кандайдыр бир деңгээлде жаш дворяниндин дворянин болуп калыптануусуна көмөк көрсөткөн, дворяниндердин жөрөлгөлөрүн сактоону үйрөткөн, турмуштун көптөгөн кырдаалдарына жооп берген. Албетте заманынын талабына жараша, колунда барлар балдарын ак сөөктөргө кошуу үчүн атайын уюшулган окуу жайларда окутууга аргасыз болушкан. Андан тышкары үй-бүлөсүндө немец, кийинчерээк француз тарбиячыларын кармашкан. Мындай аракеттер тез эле өз натыйжаларын берип, дворяндардын балдары немец,

француз тилдеринде сүйлөшүп, орус тилин чаныша башташты. 1812-жылдагы орустар менен Французлардын согушуна чейин орус коомчулугуна француздардын тийгизген таасири өзүнүн эң жогорку чегине чейин жетип, орустардын ак сөөктөрү француз тилинде, француз манерасында сүйлөшүп, ал эле эмес француз тили Россиянын атайын тилинин макамына көтөрүлдү. Байлыгы ашкан сайын бийлик адамдары түрдүү ассамблеяларды, кечелерди, баллдарды, канды кызыткан оюн-зоокторду өткөрө башташты. Андай иш-чараларды өткөрүү жөрөлгөлөрү болуп, катуу талаптагы регламент менен башкарылган. Мындай, коомдун жогорку эшалонунда тургандардын жолугушуулары, негизинен, борбордук Петербургда жана Москва шаарларында болоор эле. Чет жакта, шаар, айылдарда кадимки эле «Домостройдун» талабы менен жашашып турушту.

Шаардагы ак сөөктөрдүн жашоолорун тартипке келтирүү максатында Петр-1 дуэлге чыгууну токтотуу боюнча токтом кабыл алган болучу, бирок аны эч ким аткарууну оюна да алып койбоду. Ошол себептен 1787-жылы Өкмөт манифест кабыл алып, дуэлге чыккандарды жазалай баштады. Ошого карабастан аскер кызматкерлеринин арасында улана берди. Ага чейин 1787-жылы 8 - апрелинде карта менен кумар ойноого тыюу салган Устав чыкты. Бирок, бул да көпкөн элди токтото албады, натыйжасында көптөгөн элдер дүйнөлөрүнөн ажырашты, турак-жайларынан ажырашты, аягында өзүн-өзү өлтүргөнгө чейин барышты. Мына ушундай фактылардан кийин этиканын бузулуусу коомду кандай абалга дуушар кылып коеру мүмкүн экендигин боолгоп билсек болот.

Борбордук Азиянын ренессансы IX-XV кылымдар арасында болуп өттү. Албетте ага Ислам маданиятынын тийгизген таасири чон. VII кылымдын аягында арабдын Орто Азияны басып алуусу, мында

жашаган элдердин нукура элдик маданиятынын жашап, өсүп-өнүгүүсүнө өзүнүн терс таасирин тийгизген менен дегинкиси отурукташкан түрк элдеринин илим-билимдүү болуусуна шарт түздү. Арабдар тарабынан ачылган медреселерде болочок ойчул-философтор таалим-тарбия алышып, тамга таанышып, жаратылыштын сырдуу дүйнөсү менен таанышууга мүмкүнчүлүк алышты. Борбордук Азиянын философ-энциклопедистери Араб маданияты киргенге чейин эле, байыркы гректердин антикалык философиясы менен жакындан тааныш болушкан. Аларды окушкан, философиялык маңызын аңдап жеткендей илимдерге ээ болушкан. Ал эле эмес өздөрүнүн философиялык трактаттарын жаратышкан. Мына ошол философиялык ой жүгүртүүлөрүндө жүрүү-туруу этикасына да маани беришип, ислам шариятынын чегинде аны өнүктүрүүгө далалаттанышкан. Жүрүү-турууга болгон зарылчылык көп улуттуу Орто Азия элинин инсандар аралык мамилелерин көзөмөлдө кармап, мамлекеттин талабына ылайык бейпилдикте жашоосун камсыздоодо турган. Жогорудагыларды эсепке алуу менен орто кылым ойчулдары аракеттенишкен. Ал ойчул-даанышмандарга төмөнкүлөрдү, Ибн Исхак Кинди (800-870), Жафар Рудакий (860-941), Абу Наср Фарабий (870-950), Аль Хорезмий (879-950), Абулкосим Фирдавсий (940-1020), Абурайхон Беруний (978-1050), Абу Али ибн Сино (980-1037), Носир Хосров (1004-1072), Юсуп Баласагуний (1015-), Омар Хаям (1048-1123), ибн Хусайн ибн Мухаммадил Махмуд Кашкарий, Насриддин Туси (1210-1274), Унсуралмаали Кайкавус, Абухамид Мухаммад ибн Мухаммад аль Газзалий жана башка көптөгөн жүрүш- туруш этикасына салым кошушкан философторду кошсок болот. Булардын ар бири заманынын табигый, гуманитардык илимдеринин өнүгүүсүнө кошкон салымдарынан тышкары ислам дүйнөсүнүн жүрүш-туруш этикасын да баа жеткисиз

ойлору менен байытып, жалпы эле прогрессивдүү адамзатынын энчисине өздөрүнүн кайталангыс даанышмандык ой толгоолорун белек катары калтырышкан. Борбордук Азиянын ойчул-энциклопедисти Абу Али ибн Сино этика жана адеп-ахлах маселелери боюнча « жакшылык жана жамандык жөнүндөгү» трактатын жаратты. Абулкосим Фирдавсий болсо «Падышалардын китеби», «Шахнамэни» тартуулады. Абурайхон Беруний «Сөз даанышмандыгы» жыйнагын калтырды. Махмуд Кашкарий « Девани лугат ат-Түрк» же түрк сөздөрүнүн таблицасын түздү. Юсуп хас хажиб Баласагуний болсо 54 жашында « Кутадгу билик» дастанын жазып дүйнөлүк маданиятка өз үлүшүн кошту. Борбордук Азия ренасанссынын даанышман ойчулдары бир добуштан жүрүү-туруу этикасы боюнча адилеттикти, адептүүлүк, адамгерчилик, адеп-ахлак, илим-билимдүүлүктү, тил маданиятын сактоону, сабырдуулук менен тообага келүүнү, кең пейилдүүлүк менен чынчылдыкты, өз элинин чыныгы перзенти болуп жашоону жакташкан. Ошондой эле чыныгы инсан болуу үчүн сулуулукту сезе билүү, дене боюн таза кармоо жана эмгектенүүнү билүү керек дешкен. Борбордук Азиянын ойчул-даанышмандарынын жүрүш-туруш этикасы боюнча ойлорунун кээ бирлерине маани берсек.

М: Аль Фарабий 159дан ашык китебин этика, эстетика, педагогика жана психологияга арнап, биринчи маанини рухий тарбияга бурган. Айрыкча көңүлдү баатырлыкка, чыдамкайлыкка, кең пейилдүүлүккө жана жолдоштуктукту сактоого маани берген. Инсандын эң негизги сапаттары жогоруда белгиленген сапаттар менен баалануусу зарыл деген ойдо болгон. Булардан тышкары жүрүү-туруу нормаларын үйрөнүп, кесип тандоо керектигин белгилеген.

Ибн Исхак Кинди болсо атуулдук билим берүүнү эңсеген. Ал аркылуу акыл-эс өнүгөрүн айткан. Анын этикасы инсанды илим-билимге сугаруу менен жогорку маданияттуулукка жетүү болгон.

Жүрүш-туруш этикасы боюнча өзүнүн баалуу ойлорун айткан ойчул-энциклопедист Абу Али ибн Сино болгон. Өзүнүн 4 бөлүктөн турган «Ооруудан айыгуу» китебинде ( Книга исцеления) жүрүш-туруш этикасы жөнүндө өтө бай ойлору менен бөлүшкөн. Ал айткан « Адилеттик-адам жасаган иштерди көркүнө чыгарат», демек адилеттүүлүк адам баласына эң керектүү сапаттардын бири экен. Бул сапатты өнүктүрүүгө ар бир инсан милдеттүү деген талап пайда болот. Мындан тышкары ал чынчылдыкка, кең пейилдүүлүккө, тазалыкка, эстүүлүккө, даанышмандуулукка, адамгерчиликке тарбиялоо да керек экендигин айрыкча белгилейт. Ушул тарбиялардын башында, үй-бүлөдө ата турарын эскертет.

Абу Райхон Беруний болсо инсанды калыптандырууда эмгектин манилүүлүгүн белгилейт. Адам сапаттарынан айрыкча достукка, урмат-сыйга маани берет. Инсан тарбиясында руханий дүйнөсүн, акылын өстүрүү, жаман адаттардан арылтуу, бийлик үчүн умтулуу психологиясын басынтуу зарыл экендигине көңүл бурат.

Омар Хаям гуманист акын катары прогрессивдүү ойлору менен инсандарды адептүү болууга үндөйт. Бул дүйнөнүн негизи сенин кандай жашоого умтулганыңа байланыштуу экендигин аңдатат.

Акыл токтот, ар дайым адеп сакта,
Ачууң менен бирөөгө жаман айтпа.
Кыйнаганча башканы өзүң кыйнал,
Жашайм десең бейкапар бул жарыкта.

Жогорудагы 4 сап ырында Омар Хаямдын жүрүш-турушка болгон мамилеси даана көрүнүп турат. Анын инсандарга болгон мамилеси, аларга болгон урматтоосу, сүйүүсү, кыска-нуска айтылган. Анын жүрүш-туруш этикасы ар тараптан сабырдуулукту жана адамкерчиликтүүлүктү жактайт.

Унсуральмаали Кайкавус жүрүш-туруш адеби боюнча алдына ат салдырбаган этиктердин бири. Ал өзүнүн « Кабуснамэ» деген эмгегинде инсанды өзү тууралуу ой жүгүртүүгө багыттайт. Китеп X1 кылымда жазылганы менен күнү бүгүнкүдөй жашап, жагымдуу, ары таасирдүү. Бул чыгарма эч кимди кайдыгер калтырбайт. Мындагы адептүүлүк жөнүндөгү айтылган сөздөр өзүнүн таамайлыгы, жашоо-турмуштуулугу менен айырмаланат.

М: Көптөгөн жүрүш-туруштун этикалык жана эстетикалык ойлорунан бир сөзүн алсак, Кайкавус айтат: «Акмакка жооп, унчукпай коюу». Же төгүнбү? Акмак менен кандайдыр бир маселени талашып-тартышып отургандан көрө унчукпай койгон жакшы эмеспи? Унчукпай койсоң тоодой балээден кутуласың. Унсуральмаалинин сөздөрүнөн таалим ала турган болсок, сөздөрүнүн берметтери шурудай төгүлүп, назиктей чачылып турат. Ал бир гана сөз чебери болбостон, терең философиялык ой жүгүртө алган, турмуш-жашоо адебин терең үйрөнгөн, аны амалияттык жактан турмуш-тиричиликте инсан өзүнүн рухий дүйнөсүн байытууга пайдаланса боло турган деңгээлде сунуштай алган ойчул.

Борбордук Азиянын даанышмандарынын бири, ойчул Абу Хамид Мухаммад ибн Мухаммад аль Газзалий жараткан «Кимеи саодат Турки» деген эмгегинде кантип инсанды ыймандуу, бардык элге тең тараза, ар тараптан өнүккөн деңгээлде тарбиялоо боюнча өз оюн ортого салып, ал үчүн перзент төрөлгөндөн баштап кандай иш-аракеттерди турмушка

ашыруу керек экендиги жөнүндөгү философиялык ойлорун айтат. Ал өзүнүн чыгармасында ата-эне, тууган-уруктардын бала тарбиялоодогу ролу жөнүндөгү маселелерге айрыкча маани берет. Анын айтымында «перзент ата-эненин колундагы аманат». Ошондуктан аны ата-эне келечекте өздөрүнүн наамына так түшүрбөй турган деңгээлде тарбиялоосу зарыл деп айтат. Өз чыгармасында «аманатка кыянатчылык жасабоо» керектигин эскертет.

Баласагун шаарында XI кылымда жашап, жүрүш-туруш этикасы боюнча залкар ойлорун « Кутадгу билик» дастанында жазып калтырган жазуучу, ойчул, мамлекеттик ишмер Юсуп хас хажиб Баласагуний болуп эсептелет. Анын эмгегинде тарых, илим, билим, этика, эстетика, этнография жана ушуга окшогон баалуу маалыматтар орун алган. Учурунда « Кутадгу билик» дастаны Түрк тилиндеги «эң сонун чыгарма» деп аталган. Ойчул бул дастанда Тавгач уулу Бугра Карахан або Али хасан бинни Арсланханга арналган бөлүгүндө адеп жана адеп-ахлак маселелерине кеңири токтолгон. Юсуп Баласагун инсан ар бир ишин, акыл-эс менен, ар бир иш чараны өз орду менен турмушка ашыруу керек экендигин эскертет. Ошону менен катар адам баласы бул дүйнөдөн өтө тез өтүп кетет, маанисиз жана пайдасыз сезимдердин туткунуна айланбоосу керек дейт. Айтылган сөздүн маанисине маани берип,

« Сөз алтындан да кымбат турат» - дейт. Ошондой эле кесип ээлерине урмат-сый менен мамиле жасоонун заарылчылыгы жөнүндө ой толгойт. Ойчулдун этикасында адамгерчилик алдыңкы орунга коюлат. Чыгармасында тил адебине өз алдынча маани берилген.

Кыргыз элинин азыркы заман жүрүш-туруш этикасына заманчыл акындардын поэзия жана проза жанрларынын өкүлдөрүнүн кошкон салымдары бараандуу. Алардын насыят, үлгү, санат ырларындагы философиялык ойлорду кандайдыр бир нерсеге же

ошондой эле мазмундагы ой жүгүртүүлөр менен салыштырганга болбойт. Насыят, үлгү, санат ырларынын баалуулуктары ушунда турат. Анын жашоо сырларын, адамзат касиети, жакшы-жаман, туура жол, максаттар маңыздары, андан адашпоо багыттары жөнүндө өтө түшүнүктүү түрдө айтып бергендигинде жатат. Акындардын ырларындагы жүрүш-туруш этикасы ар кандай инсанга түшүнүктүү жана жакын. Заманчыл акындардын жакшы менен жаманды, ачуу менен таттууну, түркөйлүк менен даанышмандыкты, аруулук менен уятсыздыкты өздөрүнүн насыят, үлгү, санат ырларында таамай, так жана ачык мүнөздөшүп беришкен. Ошону менен инсандардын жүрүш-туруштарын жөндөө жана багыттоо ниеттерин ишке ашырышкан. Андай акындардын катарын төмөнкү аты аталган акындар толуктап турат; Калыгул Бай уулу (1785-), Арстанбек Буйлаш уулу (1840-1882), Молдо Кылыч Шамыркан уулу ( 1866-1910), Алдаш Жззнике уулу- Алдаш молдо (1876-1914), Молдо Нияз Эсенгул уулу ( 1826-1896), Эсенаман Жапак уулу (1833-1913), Нишан молдо ( 1846-1916), Жеңижок (1860-1918), Жумамудун молдо (1862-1918), Алдаш Белек уулу (1720-1780), Токтогул Сатылганов (1864-1033), Эшмамбет Байсейитов (1870-1926), Коргол Досуев (1890-1962), Тоголок молдо Байымбет уулу (1860-1942), Барпы Алыкулов (1884-1949), Калык Акыев (1883-1956), Токтораалы Талканбаев (1868-1944), Ысак Шайбеков (1880-1957), Абылкасым Жутакеев (1888-1931). Акындар ырларында инсан кандай болуу керек, жүрүү-туруусу менен кандай талаптарды аткаруусу зарыл, кайсы мезгилде калыптанат, торолот, чыныгы «адам баласы» деген наамга татыктуу боло тургандыгы жөнүндө ой калчашат. Калыгул Бай уулу санат ырында мындай дейт:

«Кайгысыз киши каарыбайт,
Калп айткан киши жарыбайт»

(Мурас. Фрунзе 1990 жыл. 30 бет). « Зарзаман» деген чыгармасында Молдо Кылыч « Акылы мол малы жок, аспабы жок устадай»,-дейт ( Мурас. Фрунзе. 1990 жыл. 77 бет). Ал эми Алдаш Жээнике уулу « Ормон-Балбай» тарыхый поэмасында мындай дейт:

Элге мээнет жетээрде,
Эки жааты көп болот,
Ынтымагы жок болот.

Жалпы эл бейпилдикте жашоону кааласа, ынтымакта болуусу керек экендигин эскертет. Токтогул Сатылганов өзүнүн «Насыят» деген ырында:

«Дениң соода эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эпкин менен жумуш кыл,
Эринчээк, жалкоо дедирбей» - деп жалпы жаштарга кайрылуу менен алы-күчүң ашып турганда, баралыңа келип турганыңда эмгектенип, жашоо-турмушуңду оңдоп, бутуңа туруп алгын деген баалуу кеңешин берип, жаштарды эпкиндүү эмгекке чакырган.

Жогорудагы акындардын насыят, санат, терме, үлгү ырлары баа жеткисиз мааниге ээ. Анткени акындар инсандарды туура жүрүүгө, кыянатсыз жашоого, адилеттүү болууга, ойлогон ой менен көздөгөн максаттарга жетүүгө, инсанга баалуу касиеттерди жашынан сактоо керек экендигин, адамгерчилик сапаттарын дайыма өнүктүрүп, өстүрүп туруу керек экендигин эске салып турат. Жүрүш-турушту калыптандырууда акындардын ырларынын мааниси ченемсиз, аларды эч кандай башка нерсе менен алмаштырууга болбойт. Себеби, акындардын жүрүш-туруш этикасы, жалпы элди, курак-жашы боюнча камтып турат. Жүрүш-туруштун кемчилдиктери таасын көрсөтүлүп, учкул сөздөрдүн күчү менен сүрөттөлүп, аларды жөндөө, оңдоо боюнча да баалуу пикирлер айтылган. Алардын баары өсүп келе жаткан

муундун аң-сезимдүү болуп, айтылган кепке маани берүү менен мамиле жасоо керек экендигин аңдатат. Акындардын ырлары турмуштук тажрыйбадан алынгандыгына байланыштуу ар бир инсанга жагымдуу, жакын, жашообузга чырмалышып, сиңишип калган. Дайыма, тынымсыз тарбиялык функциясын аткарып келет. Ал өз кезегинде кыргыз элинин жүрүш-туруш этикасынын мазмунун байытат. Коомубуздун мындан аркы өнүгүүсүндө элдин жана акындарыбыздын ырларынын күчү, таасирдүүлүгү, манилүүлүгү, руханий дүйнөнү байытып, ташкындаган энергиясы таңдантканын токтотпойт.

## 2. ЭТИКАНЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ ЖАНА ЭТАПТАРЫ.

Этикалык ойлордун тарыхы таң каларлыктай ар түрдүү жана бири-бирине кээде тескери да келген учурлар кездешет. Өзүнүн кээ бир тескери жагдайларына карабастан этиканын тарыхы прогрессивдүү жана келечектүү. Ал ар дайым коомдун наамысын коргоп, адеп-ахлакты тескеп, маданий деңгээлин даражалап келген. Бул багытта канчалаган илимпоздор өздөрүнүн чыгармачылык деңгээлдерин чыңалтышып, адептүүлүктүн негиздерин, анын адам коомунун алга жылуусундагы ээлеген орду боюнча кыялдануулрды жаратышкан. Өткөн замандардан мурас болуп калган адеп-ахлак баалуулуктарына талаптагыдай маани берүү менен этикалык ойлордун пайдалуу жактарын бөлүп, аны талдоого алуу зарылчылыгы жаралууда. Бул багытта этикалык ойлордун өнүгүү жараянынын тарыхый процессин аңдап алуу зарыл. Адеп-ахлак жараянынын өнүгүү жолун үйрөнүү багытында негизги көңүлдү Маркска чейинки этикага же болбосо, «Платондун лекциясы»,

«Демокриттин лекциясына» бурбай кое албайбыз. Платондун этикасында адеп-ахлак процессине тар маани берилип, ага илимий түшүндүрмө берүүдө алсыздыгы байкалып турат. Ошону менен бирге идеалисттик түшүндүрмө берүү менен чектелген. Ага салыштырмалуу Демокриттин этикалык ой жүгүртүүсүнөн материалисттик тенденцияны байкайбыз. Белгиленген эки тенденция негизинен эки маселе боюнча пикир келишпөөчүлүк позицияларында турушат.

Биринчиси, адептүүлүктүн булагы жөнүндө, экинчиси, адеп-ахлактык идеалга инсандын мамилеси. Идеалисттик көз караш боюнча адептүүлүк «Кудайдын каалоосу менен» болот. Бул касиет адам баласына байланыштуу эмес дегендей мааниде түшүндүрүлсө, ал эми материалисттер болсо, бул маселе амалияттык же болбосо реалисттик мамилелерден жаралгандыгын ырасташат. Ошентип этиканы үйрөнүү али алдыда десек анча деле жаңылышпасак керек. Себеби, ал илим катары көптөгөн кылымдар бою ар түрдүү маанидеги көз караштарды өзүн түшүндүрүүдө, аныктоодо, талкуулоодо камтып келди. Бүгүнгө чейин этика кандай изилденүү керек? Ал илим катары изилденүүсү керекпи же болбосо жүрүш-туруштун нормаларын жөндөөчү катары, же адептүүлүктүн фактыларын изилдөөсү керекпи дегендей суроолор жаралып келет. Азыркы заман этиктеринин алдындагы орчундуу, чечилүүнү талап кылган проблемалардын бири болуп саналат.

Адам баласынын жүрүш-туруушунда эки маданияты болот. Алар ички жана сырткы маданияттары же болбосо этикалык жана эстетикалык. Жүрүш-туруштун эстетикалык маданиятына инсандын сырткы көрүнүшү же болбосо адамдын мамилесиндеги көзгө көрүнүп турган жагы. Тактап айтканда коомдук жерде өзүн кармай билүүсү,

жүргөн-турганы, адамдар менен болгон мамилелери, кийине билүүсү, мимикасы, бою-башын кармай билүүсү, эмоционалдык абалын көзөмөлдөй алуусу, жалпы инсандык абалын жөндөй билүүсү, тил маданиятын сактоосу ж. б. у. с. Ал эми жүрүш-турушундагы этикалык маданиятына инсандын ыймандуулук касиеттери же болбосо руханий дүйнөсүнүн абалы, адам баласынын асыл сапаттары.

М: Адилеттүүлүгү, чынчылдыгы, өзүнөн улууну, кичүүнү, аял затын сыйлоосу, ак көңүлдүүлүгү, берешендүүлүгү, уяттуулугу, адептүүлүгү, ак менен караны ажырата ала алгандыгы, коом алдындагы жоопкерчиликтерди сезе билгендиги, кужүрмөндүүлүгү, берген убадасында тура алгандыгы, адамгерчиликти сактай билүүсү, сабырдуулугу ж.б.у.с. Эгерде этика жүрүш-туруш баалуулуктарын иштеп чыгуу, калыптандыруу, сунуштоо менен гана алектенип калса анда ал илим болбой эле насаат айтуучу, адептүүлүккө үндөөчү ролун аткарып калаары бышык. Бул мезгилде жүрүү-туруу этикасы жакшылык менен жамандыктын катуу критерийлерин чектөөгө алсыз болуп, адептүүлүктүн ар түрдүү багыттарындагы идеалдарды жайылтуучунун ролунда болуп калат. Эгерде жүрүү-туруу этикасы жалаң фактыларды түшүндүрүү менен чектелсе, анда ал өз таасирдүүлүгүн жоготуп, адеп-ахлак жараянына өз таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүгү чектелип калат. Ошентип жүрүү- туруу этикасы инсандарга алардын өсүү-өнүгүүсүн ар тараптуу, илимге таянган абалда түшүндүрүп берүүгө алсыз болуп калса, анда андай илимден коомдун мындан аркы өнүгүү процессине жаңы баскычка көтөрүлүүсүнө дем болбойт. Ошондуктан да жүрүш-туруш этикасы азыркы заманда адептүүлүк, адеп-ахлактык процесстеринин агымын көзөмөлдөп, ага багыт берип, дайыма алардын баалуулуктарын талдоого алып, адептүүлүктүн принциптеринин жана нормаларынын гумандуулугу

прогрессивдүүлүгү анын тарыхый алдуулугун аныктап, коомдун андан пайдалануусун камсыздоого тийиш. Жогорудагылардан тыянак чыгарып айтсак, адептүүлүк жана адеп-ахлактын алдындагы аткарууну талап кылган милдеттерди белгилесек болот, алар:

1. Адептүүлүктүн адеп-ахлактагы орду жөнүндөгү негиздөөлөрдү тактоо.

2. Адептүүлүктүн негизги нормаларын илимий жактан түшүндүрүү.

3. Адептүүлүккө илимий түшүндүрмөлөрдүн негизинде амалияттык жактан сунуштарды берип, коомдун бүгүнкү адеп-ахлактык деңгээлине жараша амалияттык жактан багыттарын аныктоо. Инсандын коомдо өзүн алып жүрүүсүн адептүүлүктүн чектеринде уюштуруу.

4.Адептүүлүк менен ыймандуулуктун байланышы, анын бирмдүүлүк деңгээлин аныктоо.

Бул китепте биз этиканын негизги илимий багыттарына жана өнүгүү этаптарына же болбосо назарияттык жактарына токтоону туура таап турабыз. Себеби, биздин максат, студенттерди жүрүү-туруу этикасы, коомдук адеп-ахлактын негизги баалуулуктары менен тааныштырып, инсандын адептүүлүгүнүн бүгүнкү күндөгү жетишкен деңгээли, үндөшүүсү жөнүндө түшүнүк берип, элдик педагогиканын баалуулуктарына таянган түрдө азыркы заманда жүрүү-туруу маданиятын багыттоо талаптарынын нормаларын же чектерин аныктоого аракет жасамакчыбыз. Сөзсүз илимий жүрүү-туруу этикасын изилдөө, оозеки, жазма көркөм адабиятыбыздагы этикалык залкар ойлорду элге этнопедагогиканын талабына жараша айкындап, студенттердин кең чөйрөсүнө жеткирүү мезгилдин кечиктирилгис иши деп ойлойбуз.

# II ГЛАВА.

# АДЕП-АХЛАКТЫН ЖАНА АДЕПТҮҮЛҮКТҮН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА СТРУКТУРАСЫ.

## 1. АДЕП-АХЛАКТЫН КООМДУН ТУРМУШУНДАГЫ ОРДУ, МАҢЫЗ-МААНИСИ, МАЗМУНУ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТИ.

Адептүүлүк деген адам баласынын өзүн коомдо алып жүрүүсүнүн мыйзамда каралбаган нормасы болуп, инсандын рухий-эрктик сапаттарынын, кылык-жоруктарынын жашоо образынын жана аң-сезимдүү аракеттеринин жыйындысы. Эгерде жүрүш-туруштун этикасы адептүүлүк жөнүндөгү илим болсо, анда адеп-ахлак коомдук аң-сезимдин формасы болуп, белгилүү коомдук мамилелердин жана жүрүү-турууну баалоочу даражалык кызматты аткаруучу.

Адептүүлүк менен адеп-ахлактын мааниси, аткарган коомдук иштери боюнча башка-башка түшүнүктөр болсо да, аларды мазмуну боюнча бири-биринен айырмалоо бир топ түйшүккө салат. Ошондуктан алар күндөлүк турмушубузда жана илимий адабияттарда синоним катары колдонулуп келе жатат. Эгерде адептүүлүк сапат жеке инсанга гана таандык болсо, ал эми жүрүш-туруш сапаты болсо коомдун жалпы жүрүш-туруштагы сапаттарына жана нормаларына болгон талап, этикалык жана эстетикалык жүрүш-туруштун деңгээлинин көрсөткүчү.

Адеп-ахлакка тарбиялоонун максаты, инсандардын адептүүлүк касиеттерин калыптандыруу менен коомдун жаңы мезгилинде жашоочу жаш муунду турмушка ар тараптан даярдоо болуп эсептелет.

Адептүүлүккө тарбиялоонун негизги милдети инсандын жүрүш-турушун маанилүү адептүүлүк сапаттарын, адеп-ахлактык, аң-сезимдерин калыптандырууда турат.

«Адеп» деген сөз араб тилинен алынган. «Адап» деген араб сөзү кыргыз тилине которгондо «жашоо», «жүрүү-туруу» же болбосо «адеп-ахлактык чен» деген түшүнүктү берет.

Адеп-ахлак адам коомунун жүрүш-туруштун алмашкыс кызматын аткарат. Ал анын коомдук жашоодо ийгиликтүү багыт алуусуна жардам берип, адам затынын адептүүлүк маданиятына же болбосо социалдык баалуулуктарынын ролуна маани берип барат. Багыттоо системасы аркылуу адамдардын жүрүү-туруусун тескейт. Бирок инсандын коомдук активдүүлүгүн чектебейт, эч кандай рамкага салуу максатын көздөбөйт, тескерисинче адептүүлүккө чыгармачылык менен мамиле жасап, анын коомдо өз ордун таап, жүрүш-туруштагы жогорку идеалдарды камсыз кылуусун көздөйт.

Адептүүлүктүн сапаты адамдын ыймандуулугунун деңгээлинен турат. Канчалык ыймандуулуктун принциптери инсандын кан-жанына сиңген болсо, анда ошончолук адептүүлүк касиети өнүккөн болуп, жүрүш-туруштан, мамилесинен, маданий деңгээлинен, адеп-ахлагынан байкалат. Ар кандай инсан өзүнүн аң-сезими аркылуу, аракеттерине маани берип, аны көзөмөлдөө аркылуу мындай деңгээлге жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Адептүүлүктүн инсанга ыйгарылган формасы жок. Аны ал өзү жаратат. Адептүүлүк жагынан адам баласы баары эле бирдей жаралат, бири кең пейил, бири ичи тар, бири чынчыл, бири калпычы болбойт. Адептүүлүк касиеттерин адамзат күндөлүк турмуштун тажрыйбасынан алат. Индивиддин аң-сезиминде турмуштун олку-солкулары, сабактары өчпөс из калтырат. Жыл өткөн сайын ошол таасирлер инсандын

рухунан орун алып, ишенимине айланат. Жүрүү-туруунун жетекчилигине, жол көрсөткүчтүгүнө айланып барат.

Адамдын жүрүш-туруш адептүүлүгү «жакшы» жана «жаман»деген коомдук аң-сезимдин критерийлери менен бааланып келет. Эгерде инсан коомдун бүгүнкү күндөгү талабын аткарса, ага баш ийип, аны жетекчилигине алып жашаса анда адептүүлүктүн жакшы сапаттары калыптана баштайт. Эгерде анын тескериси болуп, инсан коомдук талапты көзүнө илбей, коом менен эсептешпей, эсептешсе да калп эле эл көзүнө эсептешип, чындыгында коомдук пикирге туура эмес мамиледе болсо, бул учурда ал адептүүлүктүн терс сапаттарын өзүнө сиңирип, жаман адаттарга ээ болушу мумкун. Натыйжада ага болгон коомдук пикир «адепсиз экен» деген ойду пайда кылат.

Адам баласынын коомдук жекече жашоосу, анын ишмердүүлүгү, көп кырдуу. Жашоо жараяны көптөгөн окуялар, кырдаалдар менен коштолот. Өз мезгилинде мына ушундай абалдар адамдын аң-сезимдүү жүрүү-туруусун калыптандырат, анын адаттарынын калытануусуна таасир берип, жүрүү-туруу нормаларынын абалдарын белгилейт. Кыргыз эли «жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста» деп бекеринен айткан эмес. Адептүүлүктүн жакшы сапатарынын адам баласынын аң-сезимине сиңүүсү өтө жай ишке ашат. Аны сиңирүү үчүн өтө катуу аракеттенүү зарыл. Болгондо да аң-сезимдүү аракет. Ошондо гана өзүң жактырган натыйжаларга жетүүгө болот.

Жүрүү-турууга карата инсандын рухунун, ички сезимдеринин талабы болмоюн адептүүлүк касиеттери тең салмактуулук абалга келүүсү күмөн. Ага эч кандай китептерде жазылган көрсөтмөлөр, коомдук пикир жардам бербейт. Адептүүлүгү өз-өзүнөн пайда болуп калбайт. Ошондуктан адамды адептүүлүккө

тарбиялоонун туура жолу, жалпы коомдун адеп-ахлагын жөндөө менен анын адептик, укуктук нормаларын аныктоо аркылуу жетүүгө болот. Адеп-ахлак нормалары ар бир коомдун мүчөлөрүнө, ээлеген ордуна, кызматына, белгилүүлүгүнө карабастан таасир берген мезгилде гана адептүүлүктү сактоо жолго коюлуп, инсандын жашоодогу жол көрсөткүчүнө айланат.

Этика жана адептүүлүк бир түшүнүк. Адептүү болууну көздөгөн адам ар качан этиканын сапаттарын өзүнүн адептүүлүк муктаждыгына карай тартып, адептүү болуунун жогорку талабына сермелүүсү зарыл: Ал дегендик бул жашоодо ар бир адам бирине бири жардам берүү, жакшылык жасоо, башкаларга айкөл ырайда мамиледе болуу. Мындай абалда « Эгерде адам жаратылышанан жакшы, кең пейил адам болсочу ? »- деген суроонун жаралышы табигый көрүнүш. Иштин мазмуну ушунда, жакшылык-бул абал эмес, булл жараян. Ал өмүрүң өткөнчө созулат. Канчалык адам адептүү болсо, өзүнүн абалына ыраазы боло бербейт, андан да жакшы, андан да жеткилең болууга аракет жасайт. Жүрүш-туруш этикасы болсо адамдын ошондой аркеттеринин турмушка ашуусуна, анын амалиятта жеңил ишке ашуусуна жардам берип, ар тараптан тез, продуктивдүү ишке ашуусуна көмөк көрсөтөт. Ал инсанга турмуштагы пайда болгон татаал турмуштук кырдаалдардан чыгуунун жолдорун көрсөтөт, өз оюн сын көз менен карап, абалын талдоого үйрөтөт, өзүнүн кылык-жоруктарын баалоодо маселеге реалдуу баа берүүгө багыттайт. Этиканын дагы бир жагы, ар кандай чындыкка мамиле жасоодо ага тарыхый көз караш менен кароо, өткөн муундардын тажрыйбаларына таянууну сунуштайт. Жүрүш-туруш этикасы, өз мезгилинде, адеп-ахлакка тарбиялоонун бир фактору болуп, анын, инсандын коомдо өзүн алып жүрүүсү, эстетикалык жана этикалык

маданиятты сактоосу, инсандар менен коомдук мамилелерде болуусун тескеп келген. Жалпылап келгенибизде жүрүш-туруш этикасы «кандай болуу керек, кандай талаптарды аткаруу керек?» -деген суроолорго жооп берген.

Адептүүлүк, коомдук мамилелердин түрдүү аспектилеринде дайыма кездешүүчү жараян. Ошондуктан ал өзүнчө обочолонгон түрдө кездешпейт. Ал коомдук жашообуздун чордонунда жашайт, жүрүү-туруубузга, коомдук мамилелерибизге адептүүлүк деңгээлибизге дайыма таасир берип турат.

Эгерде адеп-ахлак коомдун этикалык жактан өнүгүүсүн багыттоочу ролунда болсо, ал эми адептүүлүк болсо ар бир жеке инсандын коомдо жүрүү-туруу таламдарынын жогорку талабына жооп берген абалда алып жүрүүсүн камсыздайт. Адептүүлүк, адамдын жүрүш-туруштун нормативдик баалуулуктарын табууга ой жүгүртүүгө жана аны аныктап, күндөлүк, амалияттык иштеринде колдонууну сунуштайт. Инсандан ар бир аракетин көзөмөлдөө, өзүнө-өзү баа берүү, кылык-жоруктарын талдоого алууну талап кылат. Адептүүлүктүн талабын аткаруу өзгөчө бир психологиялык механизм аркылуу ишке ашат, алар «уят» «зарыл», «керек» же «карыз» деген түшүнүк. Уяттуулук ар бир инсандан жакшылык жасап, жамандыктан алыс болууну талап кылат. Уяттуулук сезимдери инсанды көптөгөн коомго каршы аткарылып кетүүчү жаман иштерден сактайт. Инсанды сергектентет, ага ар дайым өзүн - өзү көзөмөлдөп туруусун эскертип турат.

М: «зарыл», «керек», «карыз» деген түшүнүктөр мамилелештериңдин, жакындарыңдын, ата-эне, үй-бүлө, коомдошторуңдун алдындагы милдеттериңди аңдатып, жоопкерчиликтерди жогорулатат. Жогорудагы жана ушуга окшогон жүрүш-туруш баалуулуктары аркылуу адеп-ахлактын аң-сезимдүү

механизмдери иштеп, адам затына туш келген, турмуштук кырдаалдарда өзүнүн жүрүү-туруусун тандап алган турмуштук багыттоо системасына төп келүүсүн камсыздайт. Инсандын жакшысы, же болбосо, коомдук тарбия алганы гана коом алдындагы карызын сезет, дайыма аң-сезимине, акылына түйүп жүрөт.

Инсандын коомдо өзүн алып жүрүүсүн, адебин «жакшы» жана «жаман» деген критерийлер менен өлчөй турган болсок, анда жакшы деген эмне, же жаман деген эмне түшүнүктөрүнө назар салганыбыз дурус. Жакшы деген – бул, башка инсандардын көңүлүн алып, көңүлүң жайланып, руханий дүйнөңдүн аткарган жакшы иштеринен канааттангандыгыңдын, жагымдуу аракеттериңдин баасы. Ал эми жаман болсо ичи тардык, көрө албастык кесепеттеринен атаандаш инсандарга каршы уюштурулган душмандык аракет. Жогорудагылардан тыянак чыгарсак адептүү болу- бул, жакшы болуу. Ал эми жакшы болуу үчүн, адам баласынын инсандык, этикалык сапаттары бардык жагынан төп келип, инсандар менен мамиле жасоодо, баарлашууда эки жакка тең терең ыраазы болуу, рахаттануу сезимдерин алып келгендей болуусу зарыл. Ал үчүн инсандын жан дүйнөсү сулуу, бай, билими терең болуусу, максатка ылайыктуу келет.

Ал эми жаман адам ким? Андай адамдын бешенесине «бул жаман адам» деп жазып коюлган эмес. Кыргыз элинин «мал аласы тышында-адам аласы ичинде» деген макалы бар. Андай инсандардын «ичинде тарык айланбайт» дешип да коюшат. Булардан тыянак чыгарсак жаман адамдын дуйно туюму чектелген. Өзүнүн аракеттерин көзөмөлдөй албайт, анын руханий дүйнөсүндө жүрүш-туруштун терс касиеттери өнүккөн, андайлар ар качан башка адамдын жетишпестик жактарын гана издейт, жакшы жактарын көрбөйт, көрсө да көрмөксөн болот. Жаман адамдын дайыма «котур ташы койнунда». Алар да кээ бир

деңгээлде адептүү болуусу мүмкүн, бирок жамандык издеген мүнөзүн таштай алышпайт. Адептүү адам андай кишилердин жоруктарын билүү менен кылдат мамиледе болгону дурус.

Адептүүлүктүн дагы бир көрүнүшү, адептүү адам бир ишти аткарууда алдынан акылдуу (илимдүү, билимдүү, тажрыйбалуу, адис) адамдар менен пикир алмашып, макулдашып аткарат. Анын себебинен иштин жакшы натыйжаларына жетишүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул шартта, адашуу минимумга түшөт. Адептүүлүктүн зарыл компонентеринин кээ бирлерине токтолчу болсок, алар:

- Аң-сезимдин, акыл эстин түгөлдүгү;

- Адептүү болууну бүтүндөй руханий дүйнөң менен каалоо, ага берилгендик;

- Ар кандай ой максаттардын жакшы же жаман жактарын көз ирмемде талдай алуу жөндөмүнө ээ болууга аркеттенүү;

-Пайдасыз нерселер менен алектенүүнү кыскартуу, жашоонун максатын аныктоо;

-Ниетти калысташтыруу;

-Тагдырына ишенүү;

-Ишенимине ишенүү;

-Адам баласы болуп жаралып калгандыгына сыймыктануу менен жашоо;

-Тажрыйбалуу адамдардан уккан насыяттарды сезимине катып, аны күндөлүк жашоондо жигердүү пайдалануу;

-Эч кандай шартта шашкалактыкка жол бербөө, өзүңдүн руханий абалыңды дайыма көзөмөлдөө, уга билүү жөндөмүңдү өстүрүү;

-Бир тыянакка келүүдө өтө сак, этият болуу, сабырдуулук менен чечимге келүү;

-Барчылыкка да жокчулукка да шүгүрчүлүк келтирүү;

-Сенин жардамыңа муктаждардан жардамыңды аябоо; (кары-картаң, жетим-жесир, ж.б.у.с)

-Ар бир сөзгө маани берип, ойлоп сүйлөө; (тилди тыюу, маанисиз сүйлөбөө, ушак айтпоо, бирөөнү жамандабоо, берген сөзүңдө туруу, бирөөнү жазыксыз тилдебөө, ж. б. у. с.)

-Жүрүш-турушта жана мамилелерде напсиңди тыюу, ынсаптуулукту сактоо;

-Коомдун адеп-ахлактык талабына жараша көрсөтмө, колдонмо, адабият, искусство, этика, эстетика, психология, педагогика илимдеринин булактарынан пайдалануу, ыймандуулук касиеттерди бекемдөө;

Ошентип адеп-ахлакка тарбиялоонун максаты, ишмердүүлүктүн аныктоочу себеби катары кызмат кылган жана адептүүлүктүн принциптерин бекемдеген, ыймандык ишенимдердин системаларын калыптандырган. Бүгүн ошондой гана ишенимдер жаңы заман менен бир кадамда, өзүн жаңылыктын жарчысы катары көрсөтө алат. Андай тарбияланган инсандар кесибине, ээлеген кызматына, наамдарына карабастан айлана-чөйрөсүндөгү жарандарга өздөрүнүн оң таасирлерин тийгизишип, адеп-ахлактын орун алуусун бекемдешет, алар жаңылыктын жаратуучулары болушуп калышат.

## 2. АДЕП-АХЛАКТЫН ЖАНА АДЕПТҮҮЛҮКТҮН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ.

Адептүүлүктүн прогрессивдешүү тарыхы көрсөткөндөй коомубуздагы бир дагы социалдык жашоодогу кубулуш мынчалык, адептүүлүктү ар жактуу аңдаштырган эмес. Жыл санап адептүүлүккө аныктама берүү өтө эле ар тараптуу болуп, коомдук кубулуштардын башка тармактарына (илим, укук, саясат ж.б.у.с.) алдына ат салдырбай келет.

Чындыгында да адептүүлүктүн чече турган тарыхый социалдык милдеттери өтө көп жана ар түрдүүчө.

Мындан тышкары анын өзгөчөлүгүн назариятык жактан аныктоо психологиялык жана социалдык механизминин назик жактарын үйрөнүү, рухий дүйнөнү таанып билүү катары бир топ кыйынчылыктарды жаратып келет. Адептүүлүктүн илимий таасир берүүчү жактарын үйрөнүүнүн татаалдыгынын дагы бир жагы, анын адам баласынын жашоосунун белгилүү бир сферасын өзүнө камтыбагандыгында жатат. Анын татаалдыгы, коомдук аң-сезимдин бардык тармактарына өз таасирин тийгизип турган жөндөмдүүлүгүнө ээ. Ошондуктан да ага так чек коюп, бөлүп коюу кыйынга турат.

М: Бир эле кубулуш «адептүү», « адепсиз», «жакшы», «жаман», «уят» болуп көз алдыбыздан өтүшү мүмкүн. Бул кубулуш ар түрдүүчө кабыл алынуусу мүмкүн. Бирөөгө «жакшылык жасаймын» деп туруп жамандык жасап коюушубуз же болбосо « жакшылык да», «жамандык да» жасоо ойдо жок бара жатып адептүүлүк талаптарына жооп бербеген аракеттерди жасап коюшубуз мүмкүн. Ошентип адептүүлүктү көп функционалдуу десек жаңылбайбыз. Ошондуктан ал белгилүү бир социалдык түзүмдү коргой да бекемдей да алат. Элдерди бириктирип, ошол эле мезгилде чачып да жибере алат. Адамдарга болсо алардын жашоо баалуулуктары эмнеде экендигинен дарек берет, аларды капа да, курсан да кылуусу ыктымал. Ошондуктан адептүүлүк адамзаттын ар кандай тарыхый социалдык өнүгүү этабында мазмуну жагынан толгон токой милдеттерди аткаруу жөндөмдүүлүктөрүнө ээ.

Адептүүлүктү назарияттык жактан үйрөнүп, амалиятта анын талабы менен жашоо дүйнө таануу жана аң-сезимди өстүрүү, өнүктүрүүгө байланышкан. Ал дүйнө таанууну өркүндөтүүнү талап кылат. Дүйнө таануу үч жол менен ишке ашат.

Биринчиси илим, ал чындык.

Экинчиси искусство, ал көркөм образ.

Үчүнчүсү адептүүлүк, ал жүрүү-туруу нормаларынын жыйындылары. Жогорудагы үчилтик өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша адам жошоосундагы алмаштырылгыс баалуулуктарга ээ. Ушул үч маселе жолго коюлган жерде прогресс жана татыктуу жашоо камсыз болот. Коомдук өз ара мамилелерде жалпы максат жана жалпы өнүгүүгө умтулуу жолго коюлат. Анын себебинен адептүүлүк өзү жагынан жалпы коомдун өсүп-өнүгүүсүнө кызмат кылып, адеп-ахлактык деңгээлдин стабилдүүлүгүн, тең салмактуулугун камсыз кылат.

Адеп-ахлактын дүйнө туюмдук багыты анын биримдигинин негизи болуп кызмат өтөйт жана жөн гана ал же бул нормалардын, тыюулардын жыйындысы катары гана эмес, ички бүтүн тартипке келтирилген система катары кароо туура болот.

Этика адептүүлүктүн назариятынын дүйнө туюмдук багытынын мазмуну болуп, этиканы изилдөөчүлөр, этиканын негизги милдеттерин бөлүп көрсөтүүгө аракет жасашып, анын кошумча милдеттерин эсепке албай койгонго аракетенишет.

М: Л. М. Архенгельский үч гана функциясын бөлүп көрсөтөт, алар жөндөөчүлүк, тарбиялоочулук жана таанып билүүчүлүк. Көпчүлүк советтик этиктер С. Ф. Анисимов, Л. М. Архангельский, А. А. Гусейнов, О. Г. Дробницкий жана башкалар, адеп-ахлактын негизги милдеттери жөндөөчүлүк деп эсептешет. Эгерде этика жалаң гана жөндөөчүлүк функциясын аткара турган болсо ал адеп-ахлах талаптарынан четтеп, экөөнүн ортосундагы эки жактык диалектикалык байланыш үзүлүп калмак. Адептүүлүк менен адеп-ахлахтын ортосунда типтүү, бирдиктүү талап болгондо гана адептүүлүк баалулуктары инсандын күндөлүк турмушунда өз ордун ээлеп, социалдык мазмуну

айкындалат. Коомдук мамилелердин көпчүлүк бөлүгү укук нормалары менен жөнгө салынат. Бирок күбө болгонубуздай баардык эле кырдаалдарда адептүүлүк менен укуктун бири-бири менен ар тараптан толукталып колдонулбаганын аңдап жүрөбүз. Адептүүлүк тарабынан сындалган көпчүлүк кылык-жоруктар укуктук жактан жазаланбай келе жатат. Мына ушундай көз караш менен караганыбызда адептүүлүктүн коомубузду башкарууда өзүнүн функциясы, ал эми укуктун болсо өзүнүн функциясы бар экен деген жыйынтыка келбегенге аргабыз жок. Адамдын адептүүлүк сапаттарынын жана касиеттеринин кээ бир нормадан четтеген аракеттери мыйзам алкагына алынган эмес. Ал эми ошол эле адептүүлүктүн кээ бир нормалары укуктук талаптар аркылуу жөндөлүп, көзөмөлдөнүп турулат.

Жүрүш-туруш этикасы жок эле дегенде маанилүү эки функцияны аткарат. Биринчиден, адеп-ахлахтык жашоону илимий талдоого алып, анын карама-каршылыктарын жана өнүгүү тенденцияларын изилдейт, ошондой эле бул жараянга таасир берүүчү формаларын аныктайт, анын өнүгүү багыттарын тактоого, табууга жардам көрсөтөт. Экинчиден, нормативдик сунуштарга кирүү менен адеп-ахлактын жашоо проблемаларынын жан кейиткен маселелерин чечүүдө ар бир адамга социалдык баалуулуктарды туура тандап алууга жардам берүүдө жана жашоонун жогорку максаттарына жетүүгө, анык жана ишеним менен барууга жол көрсөтөт. Ошондой эле адептүүлүктүн өзүнө таандык милдеттери мезгилдер ичинде төмөндөгүдөй калыптанган: башкаруучулук, тарбиялык, таанып билүү, баалоочулук-императивдик, багыттоочулук, мотивациялык, коммуникативдик милдеттеринен турат. Жогорудагы милдеттер инсандын адептүүлүгүн калыптандырууда бири менен бири алакада болуп, бирин-бири толуктап турушат.

Ошондуктан да кайсы бир милдетине приоритет берүү кыйын. Бул маселеде изилдөөчүлөр, илимпоздор али бир ойго келе элек. Жогоруда белгилегенибиздей кээ бирлери адеп-ахлактын милдети баалоочулук, жөнгө салуучулук тарбиялоочулук дешсе, кээ бирлери жөн гана жөнгө салуучулук дешет. Эмнеси болгондо да адептүүлүктүн функциясы адам баласынын коомдо өзүн алып жүрүүсүн жөндөөчү, көрсөткүч болгондон кийин сөзсүз ага баа берилет. Инсандын ар кандай аракети бааланат, адеп деңгээли белгиленет. Ал да эки түрдүү «жакшы» жана «жаман», «ыймандуу» жана «ыймансыз» мына ушул эки принциптин негизинде инсандын адептүүлүгүн калыптандырса туура болчудай. Эгерде бул проблеманы үйрөнүүдө өтө тереңдешип кетсек да баш аягы табылбай калчудай. Бул биринчи жагы болсо, экинчи жагы бул багыттагы илимий потенциалыбыз да анчалык терең эместей туюлат. Азыркы өткөөл мезгилде инсандын адептүүлүкө тарбиялоодогу ата-энелерибиздин, аксакал-карыяларыбыздын көөнөрбөс тарбиялык тажрыйбаларынан алып пайдалансак, натыйжалуу болуп, азыркы заман жаштарын бүгүнкү күндүн талабына ылайык жүрүү-туруусун калыптандырууга болот.

## 3. АДЕП-АХЛАКТЫК АҢ - СЕЗИМДИН СТРУКТУРАСЫ.

Ар бир замандын коомунун өзүнүн адеп-ахлактык аң-сезиминин структурасы болуп келген. Ар бир замандын жашоо, турмуштук өзгөчөлүктөрү, адеп-ахлактык аң-сезимдин өзгөчө бир катмарын түзгөн. Ошол адеп-ахлактык аң-сезимге инсандын өзүнүн мамилелери пайда болуп, анын дүйнөгө, личностуна жана социалдык чөйрөгө болгон ой-чабыттарын аныктаган. Өз мезгилинин социалдык мамилелеринин

түрдүүлүгүн көрсөткөн, ар түрдүү типтеги инсандарга өздөрүнүн нормалары, тыюулары, адептүүлүктүн өзгөчө мазмуну, идеалы таандык болгон. Адамдардын жүрүш-туруштарын жөнгө салуу жолдору өтө татаал, себеби, адам затына бирдей талап же болбосо жүрүү-туруу нормаларын таңуулап коюу мүмкүн эмес. Аны карт тарых эсибизге салып турат. Канчалаган падышалар, манахтар, өздөрүнүн мамлекеттеринин ичинде өткөрүлүүчү жөрөлгөлөрдү иштешип чыгышып, аларды аткартууга аракет жасашкан. Бирок андай аракеттен майнап чыккан эмес. Себеби адам коомунун түзүлүшү өтө көп деңгээлдүү. Баарына бирдей таасир берүүчү жүрүү-туруу этикасын, эстетикасын ойлоп табуу ойго келбеген иш. Ошондой болсо да кээ бир жүрүү-туруу нормаларын пландуу түрдө коомдун жалпы жашоосуна сунуштаса болот. Ал үчүн жалпы мамлекеттик талап болуп, тарбиялоо иши баскыч-баскычы менен жүргүзүлүүгө тийиш. М: Баланын тили чыккандан баштап саламдашууга үйрөтүү ж.б.у.с. Адептүүлүктүн нормалары өсүп келе жаткан муундун аң-сезимине жашынан жакшы сиңет. Ошондуктан да маселени чечүүнүн зарылдуулугу мына ушунда турат.

Адеп-ахлактык аң-сезимдин стуруктурасын бир жактуу түзүү да бир топ мүчүлүштүктөрдү жаратат. Турмуш өзүнүн олку-солкулугу менен бирдиктүү талапка жооп бербей турган кубулуш. Ошонун себебинен адеп-ахлактык аң-сезимдин стуруктурасын төп келтирип түзүү да ойго келбей турган иш. Ошондой болсо да бул маселени төмөндөгүдөй көз алдыбызга келтирсек болот.

Адеп-ахлактын эки түрү бар, биринчиси: адептүүлүк. Экинчиси: жүрүү-туруу. Өз мезгилинде адептүүлүк жакшы жаманды, пайда-залалды ажырата билүү, ыймандуулук (ишеним), жашоодогу максат, билимдүүлүк, тарбия көргөндүк, ушардык (сергектик), кийинүү маданияты, түрдүү кырдаалдарда эмоцияга

алдырбай өзүн кармай билүүсү, аманатка кыянаттык жасабоо. Ал эми жүрүү-туруу болсо, коомдук жайларда, үй-бүлөдө, мейманчылыкка барганда, баарлашуу жана ишмердүүлүк жараянында инсандардын өздөрүн кармай билүүсү, ошондой эле тазалыкты сактоо, достуктун кадырына жетүү болуп бөлүнөт.

**Өз кезегинде алардын да адептүүлүк боюнча;**

-Жакшы жаманды ажырата билүү;
-Арам адалды ажырата билүү;
-Кайрымдуулук иштерди жасоо;
-Эч кимге жамандык ойлобоо;
-Дос менен душмандын айырмасын билүү;
-Бузукулукту сезүү;
-Пайда залалды ажырата билүү боюнча;
-Аткарыла турган иштердин терс, оң жактарына маани берүү;
-Айткан сөзүндө туруу;
-Коомдун пайдасы үчүн аракеттенүү;
-Үй-бүлөнүн кызыкчылыгын жогору коюу;
-Залал иштерди аткарбоо;
-Көп мөөнөткө пайда алып келүүчү иш чараларды иш жүзүнө ашырууга аракеттенүү;

Ыймандуулук (ишеним) боюнча, IV главада толук берилет.

**Тарбия көргөндүк боюнча:**

-Саламдашууну билүү;
-Улууну урматтоо, жашты, аял затын сыйлоо;
-Дене боюнун сымбаттуулугун калыптандырууга аракеттенүү;
-Эмгекти сүйүү;
-Эстетикалык, этикалык маданиятын көтөрүү;
-Саясий көз караштарды калыптандыруу;

- Ар кандай нерсеге сарамжалдуулук менен мамиле жасоо;

-Кадыр-баркын жана тактыгын сактоо;

-Эл жерин, Ата мекенин сүйүү;

-Улуттар аралык достукту бекемдөө;

-Чындыкка болгон позициясын бекемдөө;

**Билимдүүлүк боюнча;**

-Күндөлүк кабарлар менен тааныш болу;

-Дүйнөнүн сырларын билүүгө кызыгуу;

-Илимий техникалык прогресстин азыркы заман өнүгүүсү жана жаңы технологиялар менен тааныш болу;

-Интеллигенттүүлүк, өзүнүн укугун билүү жана аны коргой алуу;

**Жашоодогу максат боюнча;**

-Жашоонун маңыз-маанисин түшүнүү;

-Жашоо приоритетин аныктоо;

-Жашоонун мазмунун тактоо;

-Жашоо идеалын түшүнө билүү;

-Жашоо багытына маани берүү;

-Демилгелүү жашоого аракеттенүү;

-Жашоого шашылуу, андан мүмкүнчүлүгү барынча керектүүлөрүн алууга аракет жасоо;

-Жашоо чордонунда болууга аракетенүү;

-Жашоонун рахатына батуу

**Ушарлык (сергектик) боюнча;**

-Кырдаалды тез баалоого аракеттенүү;

-Баарлашууда сөздүн мааниси кайда бара жатканын байкоо;

-Сүйлөгөндө ойлонуп сүйлөө; (сөз атылган ок)

-Кандай жерде эмне деп сүйлөөнү билүү; (сууну сиңген жерге сеп),

-Кайра соккуга дайыма даяр болуу;

**Кийинүүнүн маданияты боюнча;**

-Өзгөчөлүктү эске алуу менен кийим тандоо;

-Кийимдин түрлөрүн билүү, кайсы кийимди кайсы жерге кийүүнү билүү;

-Кийимди замандын стилине жана модасына карап кийинүү;

-Кийим кийүүдө жаштык өзгөчөлүгүн эске алуу;

- Сырткы көрүнүштү эске алуу менен (сымбатына жараша) кийинүү;

- Кийимдин өңүн тандоо;

**Түрдүү кырдаалдарда эмоцияга алдырбай өзүн кармай билүү боюнча;**

-Ар кандай мамилени аягына чейин жеткирүүгө аракеттенүү;

-Баарлашуу процессинде кызууланып кетпөө, өзүн-өзү басуу, сабырдуу болуу;

-Шашкалактыкка жол бербөө;

-Ар кандай кырдаалдарда озунуп жооп берүүгө аракет жасабоо;

-Тилди тыюу; (тилдин сөөгү жок)

-Өзүн бийлөө, аракеттерин көзөмөлгө алуу;

**Аманатка кыянаттык жасабоо боюнча;**

-Эки жактык мамилелерде ар дайым жоопкерчиликтүү болу;

-Бирөөнүн аманатына этият болу;

-Аманатка кыянаттык жасабоо;

- Аманатка олуттуу мамиле жасоо;

-Аманат кайтарыларын унутпоо; (алгандын бермейи бар)

-Аманаттын беделин түшүрбөө, сапатын сактоо;

**Жүрүш-туруш боюнча;**

Коомдук жерлерде өзүн алып жүрүүнүн тартибин билүү:

-Көчөдө;

-Коомдук авто унаада, таксиде, трамвайда, троллейбуста;

-Бусикте, машруттук авто унааларда, автовокзалдарда;

-Самолетто, теплоходдо, аэропорттордо;

-Поездде, туристтик поездде, вокзалдарда;

-Курорттордо, дем алуу үйлөрүндө, пляждарда;

-Оорууканаларда, ооруулууну көргөнү үйүнө же оорууканаларга барганда;

-Театрда, концерттерде, клубдарда;

-Стадиондордо, спорт залдарда, спорттук аянтчаларда;

-Дем алуучу жерлерде;

-Китепканаларда;

-Окуу жайларында;

-Базарларда, ярмаркаларда, выставкаларда; (көргөзмөлөрдө),

- Компьютердик клубдарда; (интернет кафе)

-Туристтик жүрүштөрдө, экскурсияга чыкканда;

-Чогулуштарда, майрамдык чыгууларда;

-Жумушчу ордунда;

Мейманчылыкта:

-Атайын чакыруу аркылуу мейманчылыкка баруу;

-Меймандарды кабыл алуу;

-Дасторкон жаюу;

-Мал муздоо;

-Мейманга кызмат көрсөтүү;

-Мейманды узатуу;

-Белек алууда жана белек берүү;

-Дасторкондо отуруунун тартибин сактоо;

**Үй-бүлөдө:**

-Үй-бүлө куруу;

-Бала тарбиялоо;

-Үй-бүлөдө жакшы ырай, ишкердүү атмосфера түзүү;

-Үй-бүлөнүн биримдигине жетишүү;

-Ата-эне жана бала мамилелерин чыңдоо;

-Үй-бүлөнүн үрп-адат, каада-салтынын калыптануусун уюштуруу;

**Баарлашууда:**

- Эки жактык мамилелердин жумшак, иштиктүү болуусун камсыздоо;

-Жолугушууларда бири менен бирин тааныштыруу;

-Өзүн кармоо манерасын тактоо;

-Чатакташууга же сөз талашууга барбоо, ачууну басуу;

-Ангемелешкен адамыңды урматтоо;

-Өзүңдү бардык нерсени билген киши катары көрсөтпөө;

-Аз сүйлөп, көп угуу;

Ишмердүүлүк жараянында инсандын өзүн кармай билүүсү:

-Жетекчинин кол алдындагылар менен болгон мамилелери;

-Телефондо сүйлөшүү;

-Иштөө стилин тандоо;

-Жетекчилик компотенттүүлүгүн ашыруу;

-Жетекчинин «мен билем» деген эйфорияга берилбөөсү;

-Кетирген катачылыктарын мойнуна алуу;

-Кол алдындагылардын оюн уга билүү;

-Жамаатта жагымдуу «психологиялык климатты түзүү;

-Эмгек тартибин акыйкатчылык менен бекемдөө;

-Кол алдындагыларга «аты, атасынын атын» атап кайрылуу;

-Адилеттүү сындоо;

-Эмгегине жараша жумушчуну мактоону да билүү;

-Эмгек жамаатында «жагынуу абалын түзбөө»; (подхалимаж), (угодничество)

-Ишке орноштургандыгы үчүн пара албоо;

**Тазалыкты сактоо:**

-Батириңдин, үйүңдүн, короодун тазалыгы;

-Бою - башыңдын жана кийимдериңдин тазалыгы;

-Ой - пикирлериңдин тазалыгы;

-Бала-бакыраңдын тазалыгы;

-Жумушчу орунуңдун тазалыгы;

-Пайдаланган буюмдарыңдын тазалыгы;

-Идиш - аягыңдын тазалыгы;

**Достукту күтүү:**

-Досту тандоо;

-Достук мамилени өз деңгээлине коюу;

-Достун кээ бир жоруктарын кечире билүү;

-Ар кандай шарттарда достук мамилелерди сактай билүү болуп бөлүнүшүп, жалпы жагынан алганда ар тараптан жеткилең тарбияланган инсан өзүнүн жашоо мезгилинде ушул касиеттерге ээ болуп, өзүнүн амалияттык жашоосунда ал принциптерди жетекчиликке алса, андай инсандар бүгүнкү күндүн талабына ылайык, коомдун идеалындагы адам болуп калыптанаары бышык. Андай инсан - коом самаган инсан.

«Адам боломун» деген инсан сөзсүз жогорудагы сунуштарды жетекчиликке алат. Ар кандай эле адам «адам баласы» боло бербейт. Жакшы менен жамандын ортосунда чек ара болгондой эле инсан менен адам

баласынын ортосунда да чек ара бар. Киши жогоруда көрсөтүлгөн адептүүлүк жана жүрүү-туруу нормаларын, талаптарын аткарганда гана толугу менен өзүн « адамдын» баласымын деп айтса болот. Ар бир инсан ушуларга маани берсе жакшы натыйжаларга жетишет.

Азыркы **реалия** ар бир педагогдон жүрүш-туруш этикасынын, эстетикасынын негизги чен өлчөмүн билүүнү талаптайт. Аны жеткилең билбеген педагог өсүп келе жаткан муунду ар тараптан тарбиялоого жөндөмсүз. Заманбап тарбиялоо проблемаларын чече албайт. Ал өз кезегинде, азыркы заман коомун алга сүрөп чыгуучу инсандарды жеткилең калыптандыра албайт, интеллектуалдык деңгээлин көтөрбөйт, натыйжада болочок муундун 12 мүчөсүнөн кээ бир мүчөлөрү өнүкпөй калат. Белгилүү болгондой кыргыз эли болочок муундарды жогорку маданияттуу илимдүү, билимдүү, эрудициясы өнүккөн, дүйнө-туюму кеңири, жүрүш-турушу бүгүнкү күндүн талабына жооп берген, адеп-ахлагы мактанаарлык деңгээлде өнүккөн инсан катары көргүсү келет.

# III ГЛАВА
# ЖҮРҮШ– ТУРУШ ЭТИКАСЫНЫН ГАРМОНИЯЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ ОРДУ.

## 1.ТАРБИЯЛОО, АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО, ӨЗҮН-ӨЗҮ ТАРБИЯЛОО.

Адам баласы пайда болгондон баштап, өзүнөн кийинки муунду тарбиялоо менен алектенип келет, себеби баланын же перзенттин адепсиздиги ата-энени өтө көп күтүлбөгөн түйшүктөргө кабылтат. Ошондуктан, ата-энелер өзүнөн кийинки муун төрөлүшү менен тарбиялоо жараяны менен алектенип, турмуштун жашоо сабактарынан үлгү берген, алардын маанилүүлөрүн аң-сезиминде, эсинде сактап калып, тарбиялоо жараянында кеңири колдонушкан. Алар бири-бирине жардам берген жана амалияттык жактан тажрыйба алмашып, аны толуктап, көбөйтүшүп натыйжада адамзаттын ар жактуу комплекстүү тарбия алуусун камсыздашкан.

Тарбиялоо коомдук кубулуш. Тарбия көрбөгөн инсан болбойт. Бирок деңгээли ар түрдүү. Көбүн эсе ал тарбиялоочунун жана тарбиялануучунун субьектисине байланыштуу. Алардын эки жактык муктаждыгынын натыжасында калыптанат. Ошентип тарбиялоо деп, кандайдыр бир айкын максатты көздөп, пландаштырылган түрдө, адамзаттын жогорку идеалдарын өсүп келе жаткан муундун аң-сезимине сиңирүү үчүн жасалган аракетти түшүнөбүз. Тарбиялоо жараянында жаш муундун жүрүш-турушу, дүйнө туюму, дүйнөгө болгон көз карашы, аң-сезими, дене жагынан өсүүсү, маданий деңгээли калыптанат. Адам баласынын калыптануусуна ар түрдүү фокторлор таасир берип, ал жашоонун бардык мезгилин камтыйт.

Инсан эмненин таасиринде калыптануусу мүмкүн?

Биринчиден, обьективдүү шарттардын негизинде (коомдук түзүм, үй-бүлө, өндүрүш, айылдык, же шаардык жашоо ж.б.у.с.) .

Экинчиден, максатка багытталган тарбиялык таасири менен (мектепке чейинки, мектеп, атайын орто, кесиптик ЖОЖ билим берүү, эркинен ажыратылган атайын жайлар ж.б.у.с.).

Үчүнчүдөн, өзүн-өзү тарбиялоо боюнча өзүнүн үзгүлтүксүз аракети (кабарлар булактарын өздөштүрүү ).

Тарбиялоо, өзүн-өзү тарбиялоо жана калыптануу өз алдынча боло албайт. Булар бири менен бири органикалык байланышта болуу менен, тарбиялоонун башка түрлөрүн бириктирип, адамдын ар тараптан инсан болуп жетилүүсүнө салымын кошот. Адеп-ахлак тарбиясы менен, тарбиялоонун жана башка түрлөрүнүн байланышы (эстетикалык, дене, үй-бүлө, сарамжалдуулук, жыныстык, саясий, мекенин сүйүү, ж.б.у.с.тарбиялар) комплекстүү тарбияны камсыздайт (комплекстүү дегенибиз латын сөзүнүн «comp1ex» деген сөзүнөн алынып, «байланыш», «улаштыруу», «чиркеш-тирүү» дегенди түшүндүрөт). Тарбияга ушундай көз караштa мамиле жасасак, анда аны бири менен бири байланышкан жана белгилүү бир орду бар элемент-тердин системасы бар жараян экендигине ынанабыз.

Инсандын адеп-ахлактык жактан калыптануусу аны курчап турган микро чөйрөнүн таасири аркылуу, ага стихиялык (күтүлбөгөн) жана максатка багытталган түрдө таасир берүүсү мүмкүн. Ошол эле мезгилде бир жагы активдешсе, экинчи жагы төмөндөп турат, үчүнчү жагы болсо калыс орунду ээлейт. Бул татаал жараянды жөнөкөйлөштүрсөк, инсандын адептүүлүк сезимдери үй-бүлөдө түптөлөт, а мектепте болсо, адеп-ахлакты билим аркылуу алат, бала айлана–чөйрө менен болгон карым-катнаштан үзгүлтүксүз тажрыйба чогултат, кээде адептүүлүктүн карама-каршы жактарын да алып

калуусу мүмкүн. Коомдун инсанга тийгизген таасири аркылуу анын адептүүлүк деңгээли толугу менен аныкталат. Мына ушундай шартта тарбияга комплекстүү мамиле жасоо талапка ылайык келет. Себеби, инсандын ар тараптан гармониялык тарбия алуусунда тарбиялоонун түрлөрүнүн биримдиги аркылуу гана эл эңсеген идеалга жетүүгө мүмкүн. Айрыкча азыркы мезгилде же болбосо эгемендүүлүктүн шартында Республикабыздын көп улуттуу элин эсепке алуу менен, алардын өзүнө жарашыктуу маданияты, үрп-адат, каада-салттарын эсепке алган шартта тарбиялоо принциптерин аныктап, анын адеп-ахлактык баалуулуктарын системага салып, мазмунун жана формасын тактап, инсандын адептүүлүгүн калыптандырууга багыттоо замандын талабы болуп эсептелет.

Тарбиялоо принциптери эмнелерге негизделүүсү керек?

- Тарбиялоонун түрлөрүнө;
-Ынтымак-ырашкерликке;
- Элдердин достугун бекемдөөгө;
-Атуулдук сезимдерин ойготууга;
-Улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алууга;
- Күжүрмөндүүлүкө тарбиялоого;
-Ар бир инсандын атуулдук позициясын бекемдөөгө;
-Республикадагы стабилдүүлүктү сактоого, экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнө, социалдык муктаждыктарын чечүүгө салым кошууга;
- Атуулдарды илим, билим алууга кызыктырууга;

Жогорудагы негиздерди жетекчиликке алып, алардын максаттарын, багыттарын аныктап максаттуу тарбия иши уюштурулса, аракеттер натыйжалуу болот. Сөзсүз, инсандын адептүүлүгүндө, мазмундуулук, пайда- залалды ажырата билүү сезимдери ойгонот.

Тарбиянын максатка багытталышы тарбия жараяныңдагы негизги иштердин бири. Эгер максат болбосо тарбиялоонун эмне зарылчылыгы бар? Ошол зарылчылыкты кандыруу, канааттандыруу проблемасы инсандан ал проблеманы чечүүнү талап кылат, педагогдорду, ата-энелерди жана башка тарбия жараяны менен алектенишип келе жатышкан коомдук уюмдарды ойлонтуп, тарбиялоо боюнча илим изилдөө иштерин жүргүзүүгө мажбурлайт, изденүүгө аргасыз кылат. Бул багытта биринчи кезекте тарбиялоонун мазмунун аныктоо менен анын формасын, талаптарын үйрөнөбүз, анын талабы болгон принциптерин аныктайбыз. Принцип болмоюнча идеалыбыздагы натыйжаларга жетүү мүчүлүштүү. Бир максатка жетүүнүн туура жолун, принцибин аныктоо зарыл. Тарбиялоодо болсо инсандын адептүүлүгүн калыптандырып, анын ойлорун жана аракеттерин жөнгө салып, жүрүү-турууну сулуулоо, мазмундуулугуна жетишүү аракети пайда болот.Бул багытта тарбиялануучунун жеке өзүнүн тарбиялануууга каалоосу жогору болуп, активдүүлүгү, аракети керек. Мына ошондо гана тарбиялоо багытында жакшы жетишкендиктер камсыздалат. Тарбиялоонун ийгилиги тарбиялануучунун өз-алдынча аракетине, ишмердүүлүгүнө байланышат. Ошондо гана жакшы сапаттар, касиеттер жандан жай алат. Инсандын адептүүлүк сапаты турмуш сабактарынын натыйжасында калыптанат. Турмуш өзү индивиддин алдына айкын милдеттерди коет, ошондой эле аны чечүүгө өзү жардам берет. Ошентип, сапат, касиет түптөлөт. Өз кезегинде ал адамдын адептүүлүк сапаттарынан көрүнөт.

Адептүү болуунун дагы бир жолу адептүүлүк жана өзүн-өзү тарбиялоо. Өзүн-өзү тарбиялоо дегенибиз - бул, инсандын өзүнүн өнүгүүсү үчүн жасаган жекече аракети, бул анын өз алдынча өнүгүүсү. Өзүн-өзү тарбиялоо биринчи кезекте адам өзүнүн ар түрдүү

аракетерин көзөмөлдөөдөн башталат. Өзүн – өзү тарбиялаймын деген инсан ар бир жасалган иш-аракетин көз жаздымынан чыгарбоого аракеттенет. Мезгилинде талдап, натыйжаларын чыгарып турат. Эч качан эйфорияга берилип же болбосо эмоцияга алдырганга болбойт. Андай сезимге берилип калса, инсан реалдуу кырдаалга обьективдүү баа бере албай калуусу мүмкүн. Бул абал өз кезегинде инсанды ыңгайсыз кырдаалдарга кабылтып коюусу ыктымал. Инсандын өзүнүн үстүнөн өзү иштеп, түзүлгөн кырдаалга реалдуу баа берүүсү анын адептүүлүгүнүн деңгээлине жараша болуп, эстетикалык жана этикалык маданиятынын абалын көрсөтөт. Жогоруда белгилегенибиздей адамдын адеп-ахлактык тарбиясы төрөлгөндөн өлгөнгө чейин уланууучу жараян. Мына ушул түшүнүк өзүн-өзү тарбиялоого да тиешелүү. Себеби, инсан эч качан ар тараптан тарбияланган, төгөрөгү төп келишкен, интеллектуалдык денгээли жогору, эрудициясы өнүккөн, турмуштун ар түрдүү жагдайларына даяр, жогорку маданияттуу болуп, максат-муратына жетип калбайт. Ошондой болгон соң адам баласы, ар кандай мезгилдерде, талыкпастан өзүнүн үстүнөн өзү иштөөсү зарыл. Анын жолдору, ыкмалары ар түрдүү. Бир гана нерсеге маани берүү керек, жеке өзүң үчүн эмес жалпы коомдун жыргалчылыгы үчүн аракеттенүү зарыл. Бул боюнча немец элинин улуу философу К.Маркс мындай деген: «Эгерде киши өзү үчүн эмгектенсе, ал белгилүү илимпоз, улуу ойчул, аты чыккан акын болуусу мүмкүн, бирок, эч качан улуу адам боло албайт».

Тарбиялоо жараянында калыптанган инсандын адептүүлүк аң - сезими, үч негизги деңгээлден турат:

1. Рационалдык
2. Эрктик
3. Эмоционалдык

Рационалдык деңгээл (rationalis-деген латын сөзүнөн алынып, «акыл-эстүү» деген түшүнүктү берет) интелектин ишмердүүлүгүндө пайда болуп, түшүнүүнүн жардамы менен чындыкты аңдай билүү жөндөмдүүлүгү. Интелекттин нормалдуу өнүгүүсү курчап турган дүйнөнү таанып билүүгө мүмкүнчүлүк берет, анын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнөт, аңдай алат. А эгерде кээ бир интеллектуалдык жөндөмү өнүкпөгөн, өнүксө да начар өнүккөн инсандар башкалардын аракеттерин түшүнүүгө парасаты жетпейт, керек болсо өзүнүн жеке аракеттеринин натыйжасына отчет бербейт. Андай инсандарды акылы тайкы деп коебуз. Мындай инсандардын адептүүлүк жактан өнүгүүсү, өтө пассивдүү болот.

Адеп-ахлактын экинчи деңгээлин эрк түзөт. Ал психологиялык касиет болуп, инсандын аткаруучулук жөндөмүн көзөмөлдөөчү, адамдын психалык абалын чыңалтып, ишмердүүлүк жөндөмүн бекемдеп, аткаруучулук аракеттеринин демилгечиси.

Эрк - дегенибиз адам баласынын алдына койгон максаттарын ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү, багытынан кайтпагандык. Ал үчүн бардык күч аракетин жумшагандык. Эрктүү инсан болжолдонгон максатка карай катуу аракеттенип, эркинин күчүн көрсөтүп, мүнөзүн бекемдеп, алдында пайда болгон ар түрдүү мүнөздөгү тосмолорду басып өтө алат, инсандын эрктик сапаттарына чыдамкайлык, өз алдынчалык, чечкиндүүлүк, тырышчаактык, демилгелүүлүк максатка умтулгандык, аткаруучулук, тартиптүүлүк ж.б.у.с. кирет. Жогорудагы сапаттардын баары эрктик адептүүлүктү бекемдейт.

Ал эми эрксиздик болжолдонгон иш-чараны турмушка ашырууга жол бербейт. Андай инсандарда чечкиндүүлүк жетишпейт. Бул инсандардын айынан чечилип калган маселелер да өзүнүн логикалык аяктоосуна жетпей калат. Себеби эрксиз адам өзүнө

ишенбейт, аң-сезимдеги олку-солкулуктар ишенимин өксүтүп коет.

Адеп-ахлактын үчүнчү деңгээли болгон эмоционалдык деңгээл (emovere-деген латын сөзүнөн алынып, «козгоо», «толкундатуу» деген маанини түшүндүрөт. Өзүнүн жана башкалардын аркеттерине түзүлгөн кырдаалга жараша баа берүүдө психикалык кыжаалатчылыктарды пайда кылат. Эмоционалдык инсан чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө токтоосуз маани берет. Кырдаалга жараша өзүнүн мамилесин жөндөйт. Ошого жараша амалияттык иштерди аткаруусу мүмкүн. Мындай адамдар таасирчен келишет, жакшыга да, жаманга да өзүнүн мамилесин көрсөтө алышат. Эмоциясы өнүкпөгөн инсанга айлана-чөйрөсүндө эмне болуп жатканы кызыктырбайт. Башкалардын жыргаганы же кыйналганы ал үчүн мааниси жок, анын ички дүйнөсүндө мындай көрүнүштөр эч кандай сезимдерди козгобойт, мындайча айтканда эмоционалдык толкундоону жаратпайт. Эмоционалдык жактан өнүкпөгөндүк-бул, жаратылыштын адам баласына көрсөткөн табышмагы, чоң жетишпестик.

Дайыма инсандын адеп-ахлактык дүйнөсүнө рационалдык же эмоционалдык деңгээлдин кайсынысынын мааниси чоң деген проблемалуу суроо жаралып келе жатат. Этикада бул проблема рационализм менен сенсуализмдин ортосунда талаш-тартышты жаратып келүүдө. Рационалисттер (Сократ ж.б) турмуштун ар кандай шарттарында акыл-эске таянуу керек дешет, ал эми сенсуалисттер (Ж.Ж.Руссо ж.б) туура жолду сезим гана көрсөтүүсү мүмкүн дешет, бул проблема чечилбеди, себеби адамга мээ керекпи же жүрөк керекпи дегендей эле маселе. Инсандын нормалдуу өнүгүүсү үчүн рационалдык, эрктик жана эмоционалдык деңгээлдин баары керек. Акыл-эс, эрк жана сезимдер гармонияда болуусу зарыл. Гармониялык байланыш аркылуу тарбиялоонун

таасири натыйжалуу болот. Ошол мезгилде адеп-ахлактык чен канааттанат, бир формага келет.

## 2. ЖҮРҮШ - ТУРУШТАГЫ ИНСАНДЫН ИЧКИ ЖАНА СЫРТКЫ МАДАНИЯТЫНЫН БИРИМДИГИ.

Адам баласынын жашоосу түрдүүчө камкордуктар менен бөлөнгөн. Жашоо жараянында ар бир инсан ошол камкордуктар менен алектенип, убакыттын өткөнүн да, өмүрүнүн өткөнүн да байкабай калат. Реалдуу жашоосунда көптөгөн ар түрдүү жагдайдагы инсандык мамилелерде болушат. Үй–бүлөдө, чөйрөдө, коомдук эмгекте, жамаатта, инсандар аралык активдүүлүктөр аркылуу мамилелерди ишке ашырат. Ушул жашоонун баары, тиричилик деп аталат. Жашоо, тиричилик инсандын жашоосунун образы болуп эсептелинет. Жашоо образы адам баласынын аракетине жараша негизделет. Жүрүү-туруу болсо, бул, адамдын коомго жана адам затына көрсөткөн кылык-жоруктары болуп эсептелет. Инсандын кылык-жоруктарынын географиясы өтө кең, кеңдиги ушунчалык, анын чеги жок. Аны эч кандай тартип, адабият же болбосо илимий эмгек менен жылоолоо мүмкүн эмес. Ал стихиялык кубулуш. Аны нукка салып, эскертип, туура жолдорун көрсөтүүбүз гана мүмкүн. Жүрүш - турушту жөндөөчү, нускоочу илим-этика. Жүрүү-турууну бир гана өз алдынча илим жүрүш - туруш этикасы үйрөтпөстөн, жүрүү-туруунун эстетикасы да үйрөтөт. Эгерде этиканы жакшылык деп алчу болсок, эстетиканы сулуулук деп алганыбыз туура болот. Себеби, бул эки илим жүрүш-турушту тактоодо жана мүнөздөөдө эриш-аркак абалында жашап келет. Бири-бирин көз алдыбызга келтирүүбүз мүмкүн эмес. Мына ушул этика менен эстетиканын биримдиги сыңары инсандын кылык-жоругу, адептүүлүгү, жакшылыгы, кең

пейилдүүлүгү менен дал келгенде гана мүдөөлөр аткарылган болор эле, ошондо анын эстетикалык жана этикалык сапаттары калыптанмак. Инсандын мындан кийинки өнүгүүсүнө кең мейкиндик ачылып, өнүгүүнүн жаңы деңгээли жаралмак. Коомубуздун ар бир мүчөсүнүн жүрүш-туруштарын калыптандыруу жараяныңдагы негизги багыт ушул болуп калуусу зарыл. Качан гана инсандын жүрүү-туруусундагы адептүүлүгү жакшы формага ээ боло баштаганда, аны ал адептүүлүктүн канааттанган абалына, ошондой эле эстетикалык рахат алуу, ыраазы болуу сезимдерине алып келет.

XX-кылымдын башында пролетариаттын улуу реалист жазуучусу М.А.Горький «Этика-бул, келечектин эстетикасы» деген эле. Бүгүн күнү «эстетика-бул келечектин этикасы» деген туура болчудай. Себеби адам коомунун жашоосунун бүгүнкү күндөгү чындыгы жогорудагы ойду бышыктап турат.

Инсан коом менен жашап, анын тажрыйбасынын, жетишкендиктеринен толугу менен пайдаланат. Демек коом алдында жоопкерчилиги бар. Мына ушул ой жүгүртүү менен мамиле жасай турган болсок, коомсуз адам бир тыйынга да турбайт. Эгерде коом болбосо адам баласы өзүнүн адептүүлүк деңгээлин кимге көрсөтмөк? Өзүндө бар терс касиеттерин кимге көрсөтмөк? Эгерде коом болбосо анын канын ким кызытмак, ага ким камкордук көрмөк, ага ким жан тартмак, жардам көрсөтмөк? ж.б. Кыскасы адамдын жаратылышына адамдын коом менен бирге болуу сезимдери сиңирилген. Ошондуктан инсандын жүрүш-туруш жалпы коомго өз таасирин тийгизип, тыгыз байланышты түзүп турат. Ал байланыштардын формалары түрдүүчө болуусу мүмкүн. Коом менен инсандын мамилелерин изилдөөчүлөр ар түрдүүчө түшүндүрүшкөн. Кээ бирлери инсан коомго сиңип кетүүсү керек дешкен болсо, кээ бирлери тескерисинче

коом инсанга сиңүүсү керек дешет. Акыл калчап көрсөк эки далилдөө да туура эмес, биринчиси теңдештирүүгө алып барса, экинчиси анархияга алып барат. Биринчиси инсандын адамдык укугун тепсесе, экинчиси өзүмчүлдүк менен индивидуализмге алып келет.

Биздин инсандарга гармониялык тарбия берүүбүздүн негизги максаты алардын ички жана сырткы маданиятынын биримдигине жетишүү, ошону менен адептүүлүк, жүрүү-туруу жагынан жогорку маданиятуу коомдун мүчөлөрүн калыптандыруу. Ар бир коомдун мүчөсү ошол коомдун бир кичине бөлүкчөсү, ошондой болгон соң, алардын арасында тыгыз гармония түзүлүүсү зарыл. Ошол мезгилде коомдун ар бир мүчөсүнө болгон мамиле жекече, ар биринин өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен уюштурулса алардын эркиндигине кеңири жол ачылып, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзүлсө, ошондой коомду инсан, «өзүмдүкү» дейт. Өзүнүн укугунан кеңири пайдаланат. Инсан өз укуктары менен гана чектелип калбастан, ошол эле мезгилде, милдеттерин да аткарганга үйрөнөт. Коом өз мүчөсүнө мүмкүнчүлүктөгү бардык шарттарды түзүп жатса, инсан да ошого жараша өзүнүн адептүүлүгүн, адептүүлүк деңгээлин көзөмөлдөөгө ала баштайт. Жеке кызыкчылыгын коомдун кызыкчылыгынан ашып кетпегендей абалда сактаганга аракет жасай баштайт. Азыркы заман инсанынын журуу-туруусунун принциби мына ушулар менен өлчөнүп калды.

Бүгүн жашообузду, турмушубузду кызытып, окуубузду окуп, ишибизди иштеп, билгенибизди талашып, тартышып келүүдөбүз. Булардын баарынын максаты бирөө, ал да болсо ар тараптан өзүбүздүн күч жана жөндөмдүүлүгүбүздү өстүрүү. Жогоруда белгиленгендер мындан ары тарыхый өсүп өнүгүүбүздүн булагы болуп бара берет.

Максаттарыбыздын чечүүчү фактору болуп жүрүү-туруунун принциптери кызмат өтөмөкчү.

Жүрүш-туруш-бул адамдын кылык-жоруктарынын жана аракеттеринин жыйындысы, бул инсандар аралык мамилелердин нормасы, тартиби, ал коомдук жашоонун шартында калыптанат. Калыптанган адеп-ахлак баалуулугуна айланат да, инсандын өзүн коомдо алып жүрүү касиеттерин пайдалуу сапаттарга айландырат. Жүрүү-туруунун жалпы коомдук талаптарын коом өзү иштеп чыгат, аны адептүү инсан өзүнүн жүрүү-туруусунун мыйзамына айландырат. Ар дайым аны жетекчиликке алат, анын талабы мыйзам экенине аң-сезим менен маани берип, аны жашоо критерийине негиз кылып алат. Акыл эси жетиштүү аң-сезимдүү ар бир инсан коомдогу өзүнүн ээлеген ордуна обьективдүү түрдө маани берет. Адамдардын жогорудагыдай тартиптерди сактоосунун негизги формасы алардын жүрүш-туруш манераларына байланыштуу болот. Инсан кандай жүрүп турат, жакшы жүрөбү же жаман жүрөбү?

Адамдардын кылык-жоруктарындагы, жүрүү-туруундагы, адебиндеги сулуулук, адамдык мазмун менен байытылган, аны биз этикалык жана эстетикалык маданияты көрүнгөндө гана сезебиз. Ошентип жүрүш-турушунда инсанда эки маданият болот экен. Биринчиси этикалык, мындайынча айтканда инсандын ичкируханий дүйнөсүнүн сулуулугу, ага биздин көзүбүзгө көрүнбөгөн бирок сезилип турган сапаттар:

Мисалы: Жумшактык, адемгерчилик, кең пейил-дик, тактыны сактай билүү, акыйкатчылык, теңчилдик, сабырдуулук, урматтап-сыйлоочулук ж.б.у.с.

Экинчиси эстетикалык, мындайча айтканда инсандын сырткы маданияты, ал биздин көзүбүзгө көрүнүп турган маданият:

М: Мамилеси, баскан турганы, баарлашуусу, кийине билүү маданияты, өзүнүн сырткы сымбатын күтө билүүсү, ж.б.у.с.

Адамдын чыныгы сулуулугу мына ушул жалпы эки жүрүү - туруу маданиятынан көрүнөт. Адамдын адамдык сапатынан жогорудагы эки маданияттын учкундары чачырап турса, анын жүзүнөн чыныгы адамдык сапаты көрүнөт. Албетте, этикалык жана эстетикалык маданияттын жүрүү-туруудагы жана адептүүлүктөгү орду чечүүчү фоктор. Адамдар менен мамиледе болууда фокторлорго негизги маани берилет, ошону менен бири бири менен бирин-бири толуктап мазмунун байытышып, максаттуу түрдө аракеттенсе, ал мезгилде, андай тарбияланган инсан ар тараптан өнүгүп, гармониялык жактан тарбия алат. Гарманиялык тарбия дегенибиз - тарбиянын бардык түрлөрүн өз жүрүү-турууунда, адептүүлүгүндө толугу менен өздөштүрүп, амалиятта өтө билгичтик менен пайдаланганды айтабыз. Гармония деген сөз музыкалык термин болуп, «Үндөрдүн айкалышы» деген маанини берет, же болбосо тарбия түшүнүгүнө алчу болсок «тарбиянын түрлөрүнүн инсандын аң-сезиминдеги айкалышы». Бул, инсандын максаттуу түрдө ар-тараптан тарбия алуусу. Азыркы коомдун алдындагы улуу максат «Жаңы муунду жаңыча жаңы заманга ылайык жашоосун калыптандыруу». Мына ушул стратегиялык багытта коомдун ар бир мүчөсүнө тарбия берүү жүрө бермекчи.

## 3. ИНСАНДЫН МАМИЛЕСИНДЕГИ СУЛУУЛУК.

Инсандын адептүүлүгүндөгү жана жүрүү-турууундагы негизги сапаттардын бири – бул өзүнүн сезимдерин, каалоосун башкара билүүсү, анын өзүн каалагандай бийлей алуусу болуп эсептелет. Адамдын

өзүн – өзү бийлей алуусу, ар кандай эле мезгилдерде бирдей боло бербейт. Бул биринчи кезекте ошол мезгилдеги анын психологиялык кырдаалынын абалына байланышкан. Канчалык адам баласы жогоруда көрсөтүлгөн сапаттарды жакшы өздөштүрүп өзүнүн жүрүү-туруунда чебердик менен пайдалана алса, ошончолук анын ажары ачылып, сулуу көрүнөт. Ал сапаттар жүрүү - турууда «Эл көрсүнгө» гана пайдаланылбай анын турмуштук табигый талабына айланып калуусу зарыл. Адам, коомдун мүчөсү, зат. Ал өзүнүн аң-сезимдүү ишмердүүлүгүндө тууган-уруктары, коңшу-колоңдору же болбосо айлана-чөйрөсүндөгүлөр менен баарлашат, мамиледе болот. Мына ушул тыгыз байланыш адамды жумшак, көңүлчөк, мээримдүү, камкор болууга үндөйт. Себеби, көпчүлүк мезгилде мамилелештериң милелерине жараша мамиле жасашат. Канчалык инсан адептүүлүктүн жана жүрүү - туруунун принциптерин билгичтик менен пайдаланса, ал, анын жүрүү- туруунан инсанга жасаган мамилелеринен көрүнүп турат. Сулуулугу анын канчалык даражада адамгерчиликтүү экендигинен да билинет. Өз кезегинде ал инсандын руханий байлыгына, маданияттуулугунун деңгээлине жараша болот. Канчалык адам баласы илимдүү, билимдүү, интеллигент болсо, ошончолук кең пейил, айкөл болуп мамилелештерин өзүнө тартып турат. Жогоруда белгилегендерибизди бир жерге жыйнай турган болсок, ушулардын баары адамдын адеп-ахлактык аң-сезиминин маданияты болуп эсептелет.

Ар бир инсан жашоо жараянында, өзүнүн деңгээлине жараша, мамилелеринин стилин жана жүрүш-туруш манерасын иштеп чыгып, күндөлүк жашоосунда пайдаланат. Бул өзгөчөлүктөр жекече мүнөзгө ээ. Мындайынча айтканда жер бетиндеги бир нече миллиард адам бири-бирине окшобойт. Ар биринин өзүнө гана таандык адептүүлүк жана жүрүү-

туруу критерийлери бар. Ар бири ошол критерийлерди сактоого аракет жасайт. Муну менен адам затын тарбиялабай эле коюу керек деген ойдон алыспыз, бирок баалуулуктарын багыттаганда жеке өзгөчөлүк эске алынса дурус болот.

Адеп-ахлак маданиятын ар түрдүү адамдар ар түрдүүчө кабыл алышат. Ал көптөгөн фокторлор менен түшүндүрүлөт, адамдын жашоо образынан, анын турмуштук тажрыйбасынан, илим-билимдүүлүгүнөн жана алган тарбиясынан ж.б.у.с. Белгилей кете турган бир жагдай адамдын адептүүлүк жана жүрүү-туруу нормаларынын сакталуусу мамлекеттин мындан аркы экономикалык, маданий жана социалдык маселелерди чечүүсүнө да байланыштуу болот. Инсанды мамлекеттеги олку-солкулар, жашоо минимумунун төмөндүгү, ар түрдүү жашоо көрсөткүчтөрү бушайманга салып, анын психикалык абалына терс таасирин тийгизери бышык. Көп мезгилдерде адамдын ошол учурдагы эмоциясына анын жасаган аракеттери түздөн-түз байланышта болот. Ошондуктан да мамилелер мезгилинде кээ бир түшүнүксүз кырдаалдар түзүлүп, мамилешиңди таанымбай да каласың. Себеби буга чейин өтө жумшак, маданияттуу, жакшы адам көз алдыңда башка түргө айланып калды. Сөзсүз бул жерде анын анатомо-физологиялык, жаштык, кесиптик өзгөчөлүктөрү, ошондой эле мүнөзү, темпераменти, мамиле жасоодогу аракеттерине таасир берди. Бир адамдын сулуу, жылуу-жумшак мамилелерин экинчи адамдан кезиктирбейбиз. Баары түзүлгөн кырдаалга жараша болот. Ушулардан жыйынтык чыгарып, адам баласы өзүнүн жогорку адептүүлүгүн, жакшы жүрүш-туруусун көрсөтпөсө да боло берет экен деген ойдон алыспыз. Анын тескериси, ар бир адам жүрүш-турушунда өзүнө жарашыктуу сулуу манераларын, стилдерин өнүктүрүүсү зарыл. Андай мүмкүнчүлүктөр ар бир конкреттүү инсанда бар. Адамдардан күзгүнүн

астына туруп алып, ролду даярдап жаткан актерго окшоп, репетиция жасоону талап кылганга жарабайт. Бирок ар бир инсан өзүнүн адептүүлүк абалын, өзүн четке коюп туруп, көз салса ашыкча болбойт.

Жүрүш-турушунун жана адептин сулуулугу ак көңүлдүк, кең пейилдик менен жасалган эки жактык мамилелерден көрүнүп турат. Адам баласы төрөлгөндөн эле адеп-ахлактуу болуп төрөлүп калбайт. Ал аны жашоо жараянында алат, мында чөйрөнүн таасири өтө манилүү. Мына ушул багытта, ойлонулган, этикалык жана эстетикалык билим берүүнү уюштуруу зарыл.

Инсан өзүнүн жүрүү-туруусун бирөөгө көрсөтүү максатында эмес, турмуштук зарылчылык катары пайдаланганы туура болот. Ал аны күндөлүк эң керектүү компонентине руханий талабына айлантуусу зарыл. Ошол мезгилде этикет адамдын ички жана тышкы маданиятын калыптандыра алат. Мында айрыкча инсандын ыймандуулук касиеттеринин ролу өтө чоң, себеби, ошол касиетте адам баласынан талап кылынган жүрүш-туруш, адептүүлүктүн бардык талаптары негизинен орун алган. Инсандардын адеп-ахлактык мамилелериндеги климат, ошол касиеттер аркылуу түзүлөт. Ал, кандайдыр бир адам затынын жүрүү- туруусун көзөмөлдөөчү милдетин аткарат. Ислам динин алчу болсок «Алла көрүп турат» деп коет. Ушуну менен баары айтылды. Ушул сөз менен инсанды өзүн-өзүнө көзөмөлдөтүп койду. Аркы дүйнөгө баргандагы жоопкерчилик ар бир инсанды коопсуздандырат, коркутат, ойго салат. Натыйжада ар бир ишти аткарарда оң жана терс жактарына маани берет. Эң негизгиси-коркот. Ал эми азыркы заман жүрүү-туруу этикасы сунуш гана берет. Сунуштаган нормалар эч кандай укуктук актылар менен бекитилбеген. Натыйжада кааласа аткарат, каалабаса аткарбайт. Мына ушул абал, жүрүш-турушка

демократиялык, адамгерчилик менен жасалган мамиле, жакшы натыйжаларды камсыз кыла албай жатат. Бул албетте убактынчалык көрүнүш. Коомдун аң-сезимин, илимин, билимин, эрудициясын көтөрүү менен элдин бул проблемага болгон мамилеси жөндөлөт. Ар бир инсан мамилелердин зарылчылыгын аңдап жетип, ошол жакка багыт алуусуна ишеним бар.

## 4. АДЕП – АХЛАК ЖАНА АДЕПТҮҮЛҮК МАМИЛЕЛЕРИНИН НЕГИЗДЕРИ.

Адам коому адамдардын мамилелерисиз жашай албайт, ошондой эле мамилесиз инсан өсө да, өнүгө да албайт. Мамиле, таанып билүү ишмердүүлүк, тыгыз байланышта болот. Ар кандай себептердин негизинде адамдар бири менен бири мамиледе болушат. Турмуштун көптөгөн татаал маселелерин чечишет. Мамилелер аркылуу көз караштар кеңейет, чындыкка жетишет, тажрыйбаларды ашырышат. Мамиле ушуга окшогон көп кырдуу, ар түрдүү маанидеги маселерди чечүүдө негизги ролду ойнойт. Анын аткаруучулук милдети ушунда турат. Мамиле коомдук турмуштун манилүү жагдайы болгону менен инсанга анын формасы жана стили оңойлук менен келе койбойт. Ар бир инсан, ал форма жана стилдерге өз алдынча социалдаштыруу жараянында тактап айтканда ал өзү жашаган социалдык, маданий чөйрөнүн норма жана баалуулуктарын өздөштүрүү аркылуу жетише алат. Мына ушул көз караш менен караганыбызда мамиле адам баласы үчүн чечүүнү талап кылган амалияттык милдет болуп эсептелет. Амалиятта бул мүчүлүштү чечүү бир топ кыйынчылыктарды жаратат, себеби, анын алдындагы көптөгөн илимий аныктамалар алигече такталып бүтө элек.

Мамиле түзүү бул адам баласынан көптөгөн дилгирдикти, аракетти, искусствону, жөндөмдү талап

кылган кубулуш. Ага бала жашынан тарбияланып, темперамент, мүнөз, кабыл алуу, эрки аркылуу жетишет. Сөзсүз ал үй-бүлө, чөйрөнүн таасиринде жүрүүчү жараян. Адамдын жан дүйнөсү табышмактуу, сырдуу болгондугуна байланыштуу анын мамилесинин калыптануусу көпчүлүк мезгилдерде биз калаагандай эмес, идеалыбызга каршы формада болуп калуусу да мүмкүн. Бирок ошого карабастан туура багытталган тарбиялык иш чаралар максаттуу түрдө ишке ашырылса сөзсүз обьективдүү натыйжаларды берет.

Айрыкча инсандын өспүрүм кези, же башкача айтканда 14-15 жаштар чамасында, мамилелердин өтө курчуган, адамдын аң-сезиминин ойгонуп, чындыкка өзгөчө көз караш менен карап, инсандын түзүлүшүндө биологиялык, физиологиялык, психологиялык өзгөрүү жараяндарынын натыйжасында анын ички дүйнөсүндө төңкөрүш жүрүп, жаңы, мазмундарга ээ болуп, ата-энеси, жоро-жолдошу, тууган-уругу курчап турган чөйрөгө болгон мамилесинде маанилүү кубулуштар жүрүп, алардын ой жүгүртүү мейкиндиги кеңейип, көз-карашынын гаризонту узарат. Ошол эле мезгилде өспүрүмдүн жүрүү-туруусундагы бир сапаттан экинчи сапатка өтүүсү, анын мүнөзүндөгү кээ бир өзгөрүүлөрдү жаратып, мамилесиндеги кээ бир карама-каршылыктарга, же болбосо мамиледеги кризиске алып келет. Анын себебинен бир топ маселелердин чечилишинин оордугу элден четтетип, өзүн обочо кармоого түртүүсү мүмкүн. Өспүрүмдүн өз алдынча боло баштоо жараяны башкаларга башкачараак туюлушу мүмкүн. Ушул мезгилде, өзүнүн көптөгөн суроолоруна жооп таба албаган өспүрүм, күтүлбөгөн ар түрдүү жолдорго кирип кетүү коркунучу бар. Алардын бири «Көчө балдары», экинчиси «аракечтик», үчүнчүсү «уурулук», төртүнчүсү «уруп-тоноочулук», бешинчиси «селсаяктык», алтынчы «баңгилик» ж.б.у.с.

Инсандын, жакындары менен мамилелеринин суздашып кетиши, анын өзүн-өзү обочолонууга аргасыз кылат. Мындай депрессияга түшүп калган өспүрүмгө сөзсүз ата-эненин, тууган-уруктун, чөйрөнүн, мектептин, коомдук уюмдардын жардамы керек. Өз учурунда жардам көрсөтүлбөсө психикалык абалы оорлошу мүмкүн. Албетте, кээ бир өспүрүмдөр мамиледе болууну каалашпайт, жактырышпайт, андайлардын мүнөздөрүн «оор мүнөздүү»-деп коебуз. Бирок биз, бул проблеманын экинчи жагына назар салуубуз зарыл. Ошондой «оор мүнөз» өспүрүмдөрдүн руханий дүйнөсү кенен, ой-жүгүртүүсү терең, турмушка аң-сезимдүү мамиледе болгон ой-жүгүртүүсү бай болуусу мүмкүн. Ага биз мамиле жасасак гана билебиз.

Инсандар менен мамиле түзүүнүн кээ бир кыйынчылыгы мамиле түзүп жаткан адамыңдын кандай катмарга кирери жана аны эмнелер кызыктыраары, адистиги кандай, эки жактык мамилелерди түзүүгө кандай себебиңер бар, ушуга да көп нерсе байланыштуу. Мамиле кайсы учурда жөндөлөт, качан гана эки жак тең кандайдыр бир деңгээлде бири-бирин түшүнүшкөндө гана турмушка ашат. Эгерде мамиле жасоочулар бирин бири жеткиликтүү түшүнүшпөсө, экөөнүн ортосунда «аралык» түшүнбөстүк аралыгы сакталып калат да, эки жактык мамиленин тыгыздалышына тоскоол болот.

Мамиле жана баарлашуу бул бир эле медалдын эки жагы. Мамиле болмоюн баарлашуу болбойт. Биринчи кезекте мамиле түзүлөт, андан кийин баарлашуу, же анын тескериси. Булар негизинен инсан жүрүү-туруунун этикалык жана эстетикалык маданиятына байланыштуу болуп, мамиле жасоочулардын эмоциясына көз каранды. Психологиялык абалынын деңгээлинин мааниси да чоң. Этика жана эстетика адам баласынын ички жана сырткы маданиятын жөндөп, болуп жаткан

мамилелердин формаларын башкарып, адептүүлүктүн норма жана баалуулуктарын чендейт. Адептүүлүктүн негизи ошол мамиледе турат. Туура түзүлгөн мамиле гана инсандар аралык баарлашууга себепкер болот. Инсандар аралык мамилелер зарылчылыктан жаралат. Ал өз кезегинде эки жакка тең пайда алып келүүсү керек. Ансыз ал өз милдетин аткарбай калат. Коомдук жашоо, турмуш жогорудагы мамилелерге негизделген, ансыз коом өнүгө албайт. Коомдук мамилелер чындыкка, ишенимге негизделүүсү зарыл. Эки жактык мамилелерде «Берген сөздөрдүн үстүнөн чыкпагандык» өтө каралана. Өз деңгээлинде ал мамилелердин үзгүлтүгүнө алып келип, баарлашууга чекит коет.

Адеп-ахлактык мамилелердин негиздерин төмөнкү жүрүш-туруш жана адептүүлүк принциптери түзөт:

1. Урматтоо. 2. Сыйлоо. 3. Өзүңдүн ээлеген ордуңду билүү. 4. Достук., 5. Жолдоштук. 6. Көз-караштарыңдын (позиция) жакындыгы. 7. Үзгүлтүксүз мамилелердин болуп туруусу. 8. Ишеним. 9. Түшүнүү. 10. Убадага бекемдик. 11. Адептүүлүк. 12. Аманатка кыянаттык жасабоо. ж.б.у.с.

Адеп-ахлактык мамилелер, жок жерден түзүлбөйт, ал өткөн мезгилдердин тажрыйбаларынан түзүлүп, андан кийинки түзүлүүчү мамилелердин пайдубалына айланат.

## 5. КИЙИНҮҮНҮН МАДАНИЯТЫ.

Инсандын жүрүш-туруш маданияты–адамдын жетишкендигинин, өнүккөндүгүнүн, агаргандыгынын деңгээли, бул адам баласынын жаралгандан бүгүнкү күнгө чейинки жүрүү-туруу маданияты боюнча жетишкендиги. Ошондой жетишкендиктин бирине кийинүүнүн маданияты кирет. Жарашыктуу, сулуу кийинүү эстетикалык жактан өнүккөн гана инсандарга таандык. Жагымдуу, жарашыктуу кийинүү биринчи

кезекте өзүн урматтаган болсо, экинчи деңгээли, айлана-чөйрөсүндөгүлөрдү урматтагандыгынын белгиси. Ар кандай маданияттуу инсан кийимди өз багытына жараша кийинип, пайдаланат. Андыктан ага кийимдин түрлөрүн, багыттарын аткара турган иштерин билүүсү зарыл. Кийимдин төмөндөгүдөй түрлөрү бар: жумушка кийилүүчү кийим (кызматка, талаа жумушуна ж.б.у.с.) спортко кийилүүчү кийим ( спорттук кастюм, спорттук майка, труса ж.б.у.с.), күндө кийилүүчү же таза кийим, туристтик же дем алууга барганда кийилүүчү кийим (туристтик, спорттук, үйдө кийилүүчү кийимдер), үй ичинде кийилүүчү кийим ( пижама же ыңгайлуу жеңил кийим). Жогорудагы кийимдер жалаң гана өз багытына жараша кийилсе туура болот, андай болбой калса инсандын кийинүү маданиятын билбегендигинин белгиси болуп, маданиятынын жетишсиздигинен кабар берет. Айрыкча белгилеп кетүүчү нерсе бүгүнкү күндө андай мисалдар көп. Коомубуз базар экономикасына өтүп жаткан мезгилде үй-бүлөнү багуу үчүн аял заты белсенип киришти. Аялдар соода-сатык өндүрүш ж.б. коомдук сфераларда эмгектенишкендиктеринин себебинен, алар көбүн эсе жолдо жүрүүгө же кызмат көрсөтүү сфераларында эмгектенүүгө ыңгайлашышты. Ошондуктан алар туристтик кийимдер менен жүрүүгө аргасыз. Аны көргөн аял заты туристтик кийимдерди күндөлүк кийүүчү кийимге айландырышып алышты. Бул негизинен туура эмес, кийинүүнүн маданиятын билбегендиктин белгиси. Ким кандай кийинсе өз эрки, бирок жүрүш-туруштун талабына ылайык кийинсе, үлгүлүүлүк жогорку деңгээлге көтөрүлмөк.

Ар кандай инсанга кандай күндө же мезгилге жараша кандай кийимди кийгенди билген оң. Мындайча айтканда жылдын төрт мезгилинин өзүнүн кийими бар. Мезгилине жараша кийинген дурус. Же болбосо талаа жумушуна кийилүүчү кийимди үй

ичинде, көчөгө кийилүүчү таза кийимди, спорттук мелдештерге ж.б.у.с. Кийинүүдө кийим тандоонун мааниси чоң. Ал үчүн айрыкча инсан өзүнүн бою-башына, өңү-түсүнө, кийимдин жарашыгын кароосу зарыл. Чачынын өңү түсү, дене боюнун сымбаты менен да байланыштыруусу керек. Инсан жогорудагыларды эске алып кийинбесек кийинүүнүн гармониясы түзүлбөй калат. Ал дегендик кийимдин жаңы модалык жана стили сонун болгонуна карабастан, кийинген кишиге жарашпай калат. Айрыкча кийинүүдө жашына кароонун да мааниси чоң. Жашы улгайып калган инсандарга ачык түстөгү кийимдерди кийген жарашпайт. Андай кийимдер улгайган инсандарга жарашпагандыктан, айлана-чөйрөдөгү адамдардын көңүлүн өзүнө бурат. Кийим тандоо учурдун модасына байланыштуу, модага жараша кийинген дурус, бирок «модный» экен деп эле туш келди кийинген да талапка жооп бербейт. Качан гана кийилген кийим айлана-чөйрөдөгү адамдардын көңүлүн буруп, суктандырып, тамшандырып турса гана кийингенге жарайт. Кийинүүнү ушундай уюштурган жакшы. Кийим адамды сулуулап, көркүнө чыгарып, анын кийинүүдөгү эстетикалык табитин жана кийинүү маданиятынын деңгээлин көрсөтөт. Кийинүүнүн жалпы адамдарга сунушталуучу чени жок ар кандай адам өзүнүн талабына жараша, сырткы келбетин эсепке алуу менен кийинет. Бирок бул чоң социалдык маселени «өзүм билемдикке» жол берип койгон да жарабайт. Себеби инсандын кийинүү маданияты коомубуздун адеп-ахлак деңгээлинин көрсөткүчү. Ошондой болгондон кийин кийинүүдөгү стихиялуулукка жол бербестен, аны да тарбиялоо багытына бурган туура болот. Кийинүү да азыркы заман коомунун талабына жооп берип, адептүүлүктүн бир көрсөткүчүнө айланганы талапка жооп берет. Жарашыктуу кийинүү азыркы мезгилдин прогресивдүү бардык эл катмарына айрыкча, өсүп келе

жаткан муунга, багыт берип, алардын эстетикалык табитин өстүрүү милдетин аркалоосу зарыл болуп турат. Модадагы кийим дегенибиз, көпчүлүк элдин жактырып кийишкен кийимдери болуп эсептелет. Андай кийим белгилүү мезгилдин ичинде жагымдуу жана жарашыктуу болот. Өз мезгилинде мода турмуш-тиричилик нерселери менен гармонияда болуп, (баш кийим, бут кийим, декоративдик - прикладдык искусстволордун буюмдары, баштыкча, моюн орогуч ж.б.у.с.) инсандардын көз кумарын кандырат, модадан чыгуу менен таасирдүүлүгүн жоготот. Модага карап кийинүү, инсандын өзүнө канчалык даражада баа бергендигине байланыштуу болот. Кээ бирөөлөр элден бөлүнгөнгө аракет жасаса, тетирисинче кээ бирөөлөр эл көзүнө башкача болуп көрүнүүнү жактырышат. Азыркы күндө кийинүүнүн Chic (шик) жана Look (имидж) деген түшүнүктөрү бар. Шик – бул, өтө кымбат баалуу кийимди өтө олуттуу кийип жүрүү жана арзан нарктуу кийимде да өтө сымбаттуу көрүнүү. Мындайча айтканда бул анын эстетикалык сезимдеринин жана табитинин өнүккөндүгүнүн белгиси, кийинүүнү билгендиги, ар тараптан маани бергендиги, стилди тандай билгендиги, чөйрөгө таасир калтырууну жактыргандыгы болуп саналат. Кийинген кийиминин көрктүүлүгүнө жетишүү, ага маани берүү. Шик – бул, өзүнүн келбети сулуу болбосо да, кийинген кийими менен нурдануусу. Шик – бул, тандалган гана эсептелүү адам затынын мүмкүнчүлүгү. Көпчүлүк инсандар буга анчейин деле маани беришпейт. Look болсо, бул художник- дизайнердин, модельердин жараткан чыгармачылыгы. Бул пайдалануучуларга жана сатып алуучуларга сунушталган кийим. Look - инсандын жекече өзгөчөлүгү, талабы эске алынбайт. Андай кийимдер массалык түрдө тигилип, алуучуларга сунушталат. Тигилүү фасону бирдей болот. Мындай кийимдерди кээ бир учурларда. «ширпотреб» деп да

коебуз. Мындай коомдук кийимдер эл массасынын кийинүүсүн көпчүлүк учурда бир өңчөйлүүлүккө алып келет.

(М: Азыркы кытайдан келген кийимдер). Look - бул көпчүлүктүн, эл массасынын модасы, мүмкүнчүлүгү. Андан элдин көпчүлүгү пайдаланат.

Шик кийинүү, өлкөдө чеберлерди, модельерлерди, стилисттерди өнүктүрөт. Кийимдердин стилдерин көбөйтөт, модага кандайдыр бир деңгээлде таасирин тийгизет. Шик жеке инсандын өз мүмкүнчүлүгүн, өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен атайын буйрутма менен тиктирген кийими. Шик, кийим чеберлеринин жекече өзүнө жарашыктуу искусствосу. Модадагы авангардуулукту тандоо адам баласынын акыл-эсине, паам-парасатына турмуштук тажрыйбасына, жашына, маданий деңгээлине жараша болуп, кийинүү процессинде эң зарылдарын жана керектүүлөрүн калтырып, керек эместерин таштап, авангарддуулукка жетишилет. Авангарддуулукка жетишүү инсандын сулуулукка болгон мамилесин тактайт. Мода жана стилдерге болгон жекече мамилелерин аныктайт. Көрктүү көрүнүштү камсыз кылуу каалооңду ырастайт, кийинүү маданиятына болгон жекече мамилеңди аныктайт. Авангарддуулук аракеттеги модага болгон мамиле, жеке көз караш аркылуу коштолот, инсандын жеке өзүнө болгон олуттуу талабынын продуктусу болот. Авангардуулуктун негизинде мода инсанды багындырбастан, тескерисинче, инсан моданы багындырып, аны эстетикалык табитине жараша абалына жеткире алат. Кийинүүдөгү авангарддуулук, эгер ал гармониялык деңгээлге жеткен болсо, сөзсүз инсанга жүрүү-туруууда, урмат-сый, аброй алып келет. Себеби, анын кийингени айлана-чөйрөгө да канааттангандыктын жылуу сезимдерин алып келет.

Коомдун тарыхый өнүгүүсүнө жараша мода да өзгөрүлө берет. Техникалык прогресс, жаңы

технологиялар, экономикалык жана саясый-социалдык өнүгүү менен катар өнүгүп барат. Кийинүүдөгү жаңы мода башталышында бир топ адамдын энчисине айланат. Себеби турмуш-тиричилик оңолгон сайын мамлекеттин экономикасы көтөрүлгөн сайын модада да өзгөрүүлөр болот. Канчалык турмуш - тиричилик шарттары жакшырса, ошончолук мода көпчүлүк элдин энчисине айланат.

Кийинүүнүн модасын тандоодо аянычтуусу кээ бир инсандар жакшы менен жамандын айырмачылыгын түшүнүшпөйт, кийим тандай албаганынын, эстетикалык табитинин өспөгөндүгүнүн натыйжасында «туроого» же болбосо стилдин вулгардуулугуна барышат, айрыкча белгилүү кино, шоу жылдыздарынын кийимдерин көчүрүп алууга аракеттенишет, стилдерин туурап, жарашса да, жарашпаса да ошондой кийингенге аракеттенишет. Бирөөнүн кийинүү модасын, стилин өзүнө көчүрөт. Бирок көбүн эсе мындай жоруктар жетишпегендикке алып келбейт. Тетирисинче ошол адамды «стиляга» катары көрсөтүп коет. «Сокур» кайталоо инсанга сулуулук тартуулабайт, тескерисинче анын өтө жеңил аракеттерин көрсөтүп коет. Бул маселеде элибиздин улуттук кийимдерин кийүүнү практикаласак сонун болмок. Бардык эле кымбат баалуу кийимдер сулуу боло бербейт, тескерисинче, жөнөкөй жарашыктуу кийим адамды көркүнө чыгарат.Эгерде дайыма талаптагыдай кийинип жүрүүнү эңсесеңиз, кийинген кийимдин ансамблин түзүүгө аракеттенүү керек. Ал үчүн кийимиңиздин сапатына, боегуна, багытына караңыз, кийинген кийим бардык жагынан (боегу, тигилиши, келбетке өңдөшү, декоративдик, декаративдик-прикладдык искусствонун буюмдары, оймо чиймелери ж.б.у.с.) бир гармонияга келип туруусу зарыл. Ар кандай кийим, түрүнө карабастан, ийкемдүү, жаңы, ар дайым жумушту аткарганга ыңгайлуу болуусу

керек. Дененин кыспай, ынгайсыздыктарды жаратпагандай болгону оң. Адамдын жүрүү - туруусуна, отурганына, турганына басканына, чуркаганына ынгайсыздыктарды жаратпашы керек. Ошол эле мезгилде инсандын дене түзүлүшүндө кандайдыр бир жетишпестиктер болсо, кийим жашырып туруусу зарыл. Негизинен кийимдин негизги аткаруучу милдети ушунда турат. Инсан кийингенине жараша өзүн коомдо алып жүрүүсүн билиши керек. Өтө жарашыктуу кийинип алган соң, ошого жараша бойду түз кармап, кадамды тыкан коюп, башыңды түз кармап, тегиз кадам менен мүдүрүп-чокунбай, жолдун тегизин тандап, баскан жакшы. Чет жакка чыкпай, ой келди какырынып-түкүрүнө берген жарабайт. Басып бара жатканда өзүңдү эркин, табигый абалда алып жүрсөң талаптагыдай болот. Боюңа жараша кадам таштаган дурус, болбосо күлкүлүү абалга дуушар болуп калууң мүмкүн.

Инсандын кийимине карап баа берилбейт. Анын кийинүү маданияты табигый талабына айландыбы, анын адамдык сапатынын катуу талабы болуп калдыбы, мына ушул бааланат. Ошондуктан орус эли «кийимине карап тосуп алат, акылына карап узатат» дешип коюшат.

Жаратылыш ар бир инсанга кайталангыс сырткы сулуулукту берип койгон. Эгер жер шаарында 6 миллиард адам болсо, алардын эч бири бири-бирине окшобойт. Ар биринин жекече өзгөчөлүктөрү бар, психикалык абалдары да башкача болот. Ар бир инсандын сулуулугу өзүнүн колунда. ошол сулуулукка бир аз назар салып, көрктөндүрүүгө аракеттер, умтулуу болсо жетиштүү. Ал, баарыбыздын колубуздан келе турган иш. Каалоо гана керек. Ушул маселелер чечилсе эстетикалык маданиятыбыз алга карай дагы бир кадам таштайт. Ошондой болоруна ишеним бар.

# IV ГЛАВА

## 1. ЫЙМАН - КООМДУН ИДЕАЛЫНДАГЫ ИНСАНДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ.

### ЫЙМАНДУУЛУК ЖАНА АЗЫРКЫ ЗАМАН ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЭТИКАСЫ.

Ыйман түшүнүгү бизге араб тилинен кирип, «Чын көңүл менен ишенүү» деген маанини аңдатат. Мындайча айтканда Ислам growthнинде момун мусулманга 5 парз милдеттендирилген. Алар төмөнкүлөр: 1. Алланын жалгыз экендигине, анын жердеги өкүлү Мухаммед экендигине чын көңүл менен ишенүү. 2. Беш убак намаз окуу. 3. Орозо кармоо. 4. Кайрымдуулук жасоо. 5. Хаджга барып келүү. Ислам growthнинде ыймандуу болуу Алладан башка Алланын жок экендигине, Мухаммед анын жердеги өкүлү экендигине ишенүүдө турат. Ал эми жүрүү - туруу этикасында болсо, ыйман адам затынын ыйык касиеттерин, сапаттарын жыйнап, аларды өтө зарыл түгөнгүс баалуулук катары адам коомунун мындан ары өнүгүүсүнүн шарты катары пайдаланууну сунуштайт.

Коомубуздун азыркы өнүгүү этабында ыйман инсандын калыптануусундагы адептүүлүктүн жыйындысы болуп, инсандын жүрүү - туруун, адептүүлүгүн, жакшы жана жаман деген категорияларга бөлүп турат. Ыйман өзүнүн ичине өтө көп адептүүлүк принциптерин камтыган. Окумуштуу, даанышмандарыбыздын айтууларына караганда анын 80ден ашуун, ал эми ыймансыздыктын 70тен ашуун принциптери бар экендиктери айтылып жүрөт. Такталбаган маалыматтарга караганда бүгүнкү күндө ыймандуулуктун жана ыймансыздыктын 30дан ашуун

принциптери менен таанышпыз, коомдун адеп-ахлак проблемалары менен алектенишип келе жатышкан коомдук уюмдардын илимий эмгектеринен, окуу китептерден билебиз. Инсандын жүрүү-туруусундагы ыймандуулук сапаттар, көйгөйлөр бүгүн эле пайда болуп калган жок, ал ар дайым көйгөй. Ага адам баласы дайыма муктаж болуп келген. Себеби өсүп келе жаткан инсанды калыптандырууда анын өзүнүн кайталангыс орду бар. Ыйман азыркы замандын жүрүү-туруу этикасынын ажырагыс бөлүгү болуп инсандардын калыптануусуна таасирин тийгизип турат. Ыйманды сактоо – адамдыгыңды сактоо, негизиңди, булагыңды сактоо. Адам баласына керектүү асыл сапаттар, түгөнгүс баалуулуктар ыйман түшүнүгүнөн орун алган. Ал инсандын жүрүү-туруу нормаларын, чектерин аныктоо жөндөмдүүлүгүнө ээ. Эгерде инсан адептүүлүк жагынан ыймандын принципиалдуу талаптарына баш ийип, анын таасир берүүчү алкагынын таасирине берилсе, ишениминин чордонуна алса, коомубуздун алдыңкы, төгөрөгү төп келишкен, интеллигент инсанына айлануусу бышык. Инсандын ишеними эмнеге артуусу керек? 1.Адилеттүүлүккө, 2.Адамгерчиликке, 3.Аккөңүлдүүлүккө, 4.Айкөлдүккө, 5.Адептүүлүккө, 6.Абийирдүүлүккө, 7.Адалдыкка, 8.Акылмандуулукка, 9.Ата-эне, жакындарын сүйүүгө, 10. Аманатка кыянатчылык жасабоого, 11.Ата мекенди коргоого, 12. Адам өлтүрбөөгө, 13.Ачык сөздүүлүккө, 14.Бир сырдуулукка, 15.Бирөөнүн акысынан корккондукка, 16.Берген нерсеңе үстөк сурабаганга, 17.Бирөөнүн жакшылыгын унутпоого, 18.Боорукердикке, 19.Чынчылдыкка, 20.Чечкиндүүлүккө, 21.Чыныгы достукту баалоого, 22.Соопчулук жасоого, 23.Сабырдуулукка, 24.Сезимталдыкка, 25.Сыпайыгерчиликке, 26.Сыймыктуулукка, 27.Санаалаштыкка, 28.Сергектикке, 29.Саламдашууну билгендикке,

30.Убадага бек туруума, 31.Уяттуулукка, 32.Улуттар аралык достукту бекемдөөгө, 33.Үй – бүлөнүн алдындагы жоопкечиликти сезүүгө, 34.Үлгүлүү болууга, 35.Тазалыкка, 36.Таза пикирдүүлүккө, 37.Тырышчаактыкка, 38.Туруктуулукка, 39.Тооба келтирүүгө, 40.Жаратылышты коргоонун зарылчылыгына, 41.Жөнөкөйлүккө, 42.Жакшы максаттарга берилгендикке, 43.Жардамдашуу керек экендигине, 44.Жоомарттыкка, 45.Жаратуучунун бардыгына, 46.Жалпы эл менен бирдей мамиледе болууга, 47.Кичипейилдикке, 48.Кечиримдүүлүккө, 49.Калыстыкка, 50.Кесип алууга, 51.Кайгыра билүүгө, 52.Кеңешүүгө, ой бөлүшүүгө, 53.Кайрымдуулукка, 54.Каниеттүүлүккө, 55.Кеңпейилдүүлүккө, 56.Ысырапкерчиликке жол бербөөгө, 57.Ынтымактуулукка, 58.Коомдун жоопкерчилигин сезүүгө, 59.Ден-соолугун сактоого, кам көрүүгө, 60.Пайда-залалды билүүгө, 61.Акыл калчай билгендикке, 62.Өзүн-өзү көзөмөлдөй алгандыгына, 63.Илим-билимдин зарылдыгына, 64.Ниетти тазалоо керектигине, 65.Напсиңди тыюу керек экендигине, 66.Коомчулуктун назарынан калып калбоого, 67. Кара ниеттик кылбоого, 68.Олуттуу болууга, 69.Ооматтын келерине, 70.Жамандыкты жакшылык сөзсүз жеңерине, 71.Кыңыр иш 40 жылдан кийин болсо да билинерине ишенүү менен мамиле жасоо.

Жогорудагы ыймандуулук сапаттары мезгил-мезгили менен жаңы касиеттер менен толукталып бара бермекчи, анын негизги максаты инсандын рухий дүйнөсүн тазалоо, байытуу, жаңы мазмундар менен толуктап, жаңы замандын чыныгы атуулуна айландыруу. Ыйман ар бир инсанды таза, кайгыкапасыз, бирөөгө кыянатчылык жасабай, кең пейилдүүлүк менен, адилеттүү мамиледе болуп, урмат-сыйда жашоого чакырат. Ыймандуу киши башка адам затына караганда жоош-момун болуп

көрүнгөнү менен, анын негизине маани бергенибизде, дүйнө туюму кең, рухий дүйнөсү бай, алдына койгон максаттарын аткарууга умтулган, эмгекти сүйгөн, аракетчил, коомго жакшылык жасоону гана эңсеген адам болуп, элинин үрп-адат, каада-салттарын урматтайт, аны жан дили менен сүйөт, күндөлүк турмушунда туу тутат. Ыймандуу киши ар түрдүү кырдаалдарда оройлукка жол бербейт, күнөөсүз бирөөнү кордобойт, башкаларга теңсинбегендей карабайт. Аларда ынсаптуулук касиеттери өрчүгөн, ак көңүл. Ошондуктан андай инсандарга ар кандай адам тартылат, ишеним көрсөтөт. Андай инсандардан адамгерчиликтин нуру төгүлүп турат. Ынсаптуу адам эч качан «Мага эле болсун» дебейт. Ынсаптуунун аткарган иштеринин баары адалдыкка негизделип, жакшылыкка багытталат. Өздөрү жумшак мүнөздүү болушуп, айлана чөйрөсүндөгүлөр менен тез арада тил табышып, мамиле жасашып кете алышат.

Адам заты өздөрүнүн жашоо жараянында адам коомунан обочолонбой жалпы кызыкчылыктарынын жалпылыгында биригишип өмүр кечиришет. Материалдык, руханий, чарбалык өндүрүшкө байланыштуу жана жашоонун зарылчылыгынан белгилүү бир саясий, маданий жана социалдык чөйрө түзүлөт. Өз кезегинде алар инсандын коомдук жашоосунда мааниге ээ болуп, аны Ата мекен деп коебуз. Адам баласы менен Ата мекен камыр-жумур абалында болуп, айкалышып, күжүрмөндүүлүк сезимдерди толкундатып турат. Адам баласынын тамыры жайылып, тамырлап, дүркүрөп өсүүнү камсыз кылат. Бул адеп-ахлактык, психологиялык кубулуш болуп, ар бир инсанга энергия, күч-кубат, көтөрүңкү рух, чыгармачылык эргүү, ишеним, сезимдерин тартуулайт. Ата мекенинен ажыроо же обочолонуу, өз кезегинде, белгилүү бир тарыхый

этапта биргелешип ыңгайлашкан абалдан адам баласын четке сүрүп, андан ары жашоосунун тең салмактуулугуна терс таасирин тийгизип, коомдук өзгөрүүлөргө болгон мамилелерин мокотот. Адам баласынын жашоо жараянында Ата мекендин ээлеген орду бекем жана негиздүү. Өзүнүн Ата мекенине кайдыгер инсандар өтө аз учурайт. Ошондуктан Ата мекенге болгон мамиле, сүйүү, баалоо ар бир инсандын сезимталдык абалына байланыштуу болуп, анын сапаттык өсүү деңгээлине жараша өнүгүп, жан дүйнөсүнөн бекем орун алып, күжүрмөндүүлүк сезимдери жогорку эмоционалдык абалды ээлейт.

Ар кандай адамдын эт-жүрөгүн элжиреткен бир гана Ата мекени болот, аны « киндик каны тамган жер» деп коебуз. Индивиддин киндик каны кайсы жерге тамат? Ата-энеси жашап турган жерге, же болбосо, ата-энеси жашаган короого. ж.б. Мындайча айтканда ал социалдык чөйрө ата-энебиздин, тууган–уруктарыбыздын жана кандаштарыбыздын жашаган жери. Мындан келип жаңы түшүнүк пайда болот, ал да болсо, биз жашаган чөйрө, аймак, Ата мекен. Биздин жакындарыбыздын мекендешишип жашаган жери, аймагы, күнөстүү Кыргызстан.

Инсан мекенди сорттоп, тандап ала албайт. Ал сүйүп аздектеген бир гана кымбаттуу Ата мекени болуп, ага болгон сүйүү сезимдери личносттун аң-сезимдери пайда боло баштагандан башталат. Анын дем алган абасы, ичкен суусу, дене боюн жибиткен күндүн аптабы, чуркаганда көтөрүлгөн чаңдын жыты, көз жоосун алган жаратылыштын сулуулугу ушулардын баары сезимдерин ойготуп мекенге болгон кумарланууну калыптандырат. Ата мекенине сыймыктануу менен жашоону үйрөтөт.

Ата мекен деген - бул, өзгөчө бир касиетке ээ баалуулук. Аны эч кандай чен менен өлчөп алаганга болбойт. Ал өтө ыйык. Анын ыйыктыгы ушунда, эч

кандай инсан мекенинен алыста байлашышсыз жүрө албайт. Шартка жараша байланышууга болбой калган кырдаалда мекенин сагынат, кусаланат, эңсейт. Ар бир атуул Ата мекенин сүйүү менен ага кызмат кылууну да билүүсү зарыл. Берилгендик менен кызмат кылуу үчүн инсандын күжүрмөндүүлүк сезими өнүккөн болуп, мекендин даңкы үчүн ар дайым аракеттенүүгө даяр болуусу, анын гүлдөп өсүүсү, өнүгүүсү үчүн колдон келген мүмкүнчүлүктөрүнүн баарын жумшоосу, анын наамын чет жерлерге, чет элдерге таанытуу табигый талап болуп калуусу керек. Ар кандай инсанда «Ата мекен» дегенде өзгөчө бир сезим, жоопкерчилик, руханий жалын жалбырттап туруусу зарыл. Анын даңкы үчүн, керек болсо, чечкиндүү кадамдарды жасоого даяр болушу зарыл. Сыймыктануу сезимдери ушунчалык деңгээлде жогору болуп, анын даңктуу атына так түшүрбөө ар бир Кыргызстандын атуулунун ыйык парзы.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болуп, өзүнүн экономикалык, социалдык, маданий өнүгүү жолун бир аздап аныктап жаткан мезгилде, жаңы коомду курууда өлкөбүздө жашаган 80тен ашуун улуттардын достугун бекемдеп, аларды ынтымак – ырашкерликке алып келип, бир ата, бир эненин перзенттериндей жашоого багыттоо эң манилүү милдеттердин бири. Ансыз мамлекетибиз ширелбейт. Мамлекетибиздин күч–кубатынын мазмунун түшүнгөнүбүз оң, ал мазмун улуттар аралык достукта турат. Республикабыздагы жашаган көп улуттуу элдерибиздин этикасынын гумандуулук негиздери бир болуусу керек. Улуттарыбыздын биримдиги – чоң байлыгыбыз. Аларды бири-бирине жакындаштыруунун айкын жолу алардын улуттук маданияттарынын өсүүсүнө кеңири шарт түзүү. Бул багытта иштиктүү чаралар иш жүзүнө ашууда.

Өлкөбүздөгү бир тууган элдердин улуттук маданиятын өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктө болгон шарттардын түзүлүп жаткандыгы буга далил. Республикабызда улуттар диоспорасы түзүлүп, ассамблеясы аракеттенет. Көпчүлүк элдердин эне тилинде мектептер жана жогорку окуу жайлары ачылган. Көп улуттардын өкүлдөрү коомдук ишмердүүлүктөрдүн көптөгөн тармактарында эмгектенишип жатышат. Мамлекетибизде ар түрдүү улуттардын атуулдарынын эркин жашап, өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтө алганга шарттар бар. Өздөрүнүн атуулдук укуктарынан толугу менен пайдалана алышат. Ага Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамы болгон Кыргыз Республикасынын Конституциясы жол берет, укуктук жактан мыйзамдаштырылган. Републикабызда туруктуу жашашкан көп улуттардын Ата мекени Кыргызстан, алар мекенибиздин мыйзамдуу атуулдары, мамлекетибиздин патриоттору, өлкөбүздүн күйөрмандары.

Жогоруда инсандын мекенин сүйө билүүсү, ага кызмат жасоо, өтө кеңири түшүнүккө ээ экендиги жөнүндө жана мекенчилдик сезимдер ар бир Кыргызстандын жаранынын руханий дүйнөсүнөн орун алуусу керек экендиги боюнча түшүнүктөр берилди. Эми ыймандуулуктун андан кийинки касиети болгон чынчылдыкка токтолсок. Чынчылдык инсандын принципиалдуулукту сактоо жөндөмдүүлүгү, анын нормаларын жана өзүнө алган милдеттерин аткарууга берилгендик. Эгерде чынчылдык менен калпты ала турган болсок алардын айырмасы, биринчиси ачык, жаап жашырбастан жасалат, максаты ачык түрдө аткарылат. Көпчүлүк учурларда андай чынчылдык кээ бирлерге, көпчүлүк элдерге жакпай да калат, себеби орус эли айткандай « чындык көзгө

сайылат». Экинчиси болсо калпты чындай кылып түшүндүрүп, апоненттерин алдайт, аткара турган иштеринин чыныгы максаттарын жашырат. Көпчүлүк учурларда коомчулук андайларга ойлонбостон туруп эле ишенишип алышат. Чынчылдыктын жаратылышы «Ачуу» болгондуктан чынчылдыкты жактыра бербеген кишилерге өөн учурайт, жактырышпайт. Чынчыл инсандар көбүн эсе акыйкатчылыкты издөө менен көбүнчө убараланышат. Чынчылдык «Чыны астына басылып калып» ага принципиалдуу мамиле жасаган инсандарга аны табуу көптөгөн убарагерчиликтерди пайда кылат. Чынчылдыктын натыйжасы – жеңиш. Чынчыл адам ыймандуу болот, калп сүйлөгөн уятка калат. Уятка калбайын десең чынчыл болгонуң дурус. Ар кандай маселеге принципиалдуу мамиле жасоо керек. Принцип дегенибиз - бул, жүрүү-туруунун жалпыланган тартиби, аны инсан өзүнүн дүйнө карашы, туюму аркылуу иштеп чыгат. Принципиалдуу болуу дегендик өзүңдүн терең ишенимиңдин жетекчилигинде кандайдыр бир ишмердүүлүктөрдү, иш-аракеттерди жасоо болуп эсептелет. Талаптагы маселелердин идеалыңа жараша чечилиши, ошонун курсун кыйшаюусуз кармоо.

Жүрүш-туруштун дагы бир категориясы уят, уяттуулук адептүүлүктүн сапаты болуп, улуу касиет. Ал көбүн эсе инсандын ички дүйнөсүнүн кеңдиги, аң–сезиминин төптүгү, ой жүгүртүүсүнүн түгөлдүгү менен айырмаланат. Көбүнчө уят инсандын ички сезимдеринин деңгээли кандай даражада өнүккөндүгүн көрсөткүчү катары да кызмат аткарат. Уяттын адам баласынын адебине, жүрүш-турушуна койгон талабы өтө катуу. Уятынан ажыраган кээ бир инсандар коомдун нараазычылыктарын пайда кылып, кыжырдануусун келтирип, адамдык аброюн, инсандык беделин түшүрөт. Уятсыз пенде элден

чыгып, бөлүнүп калат. Уяттуулук, адам рухунун негизги жөндөөчүлөрүнүн бири катары жүрүү-туруунун көзөмөлдөөчү механизиминин ролун да аткарат. Ошондой эле бардык ой максаттарыңды электен өткөрүп, талдап, туура жолду көрсөтө алат. Ошентип уяттуулук-бул, инсандын адептүүлүк жактан ишеними, жүрүү- туруусун, адамкерчилигин талаптагы деңгээлде болуусун иретке келтирүү, анын көрсөтмөсү менен жашоосун жана турмуш-тиричилигин уюштуруу. Уяттуулук инсандын өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн натыйжалуу формасы. Өзүн- өзү көзөмөлдөй алган инсан көптөгөн күтүлбөгөн кырдаалдардан талаптагы тартиптин негизинде уятын сактап калат.

Ыймандуулуктун дагы бир принциби адамгерчилик. Бул жакшы адамдарга таандык жогорку инсандык сапат. Адамгерчилик адам баласынан кең пейилдикти, айкөлдүктү, меймандостукту, берешендүүлүктү, ачык колдуулукту талап кылган касиет. Адамгерчилик, тартип катары, ар дайым инсандар арасындагы амалияттык мамилелерде айкын көрүнөт. Инсандын жүрүү-туруундагы эң негизги сапаттарынын бири болуп саналат. Мындай сапатка ээ болгон адам чоң байлыктын ээси. Ар кандай инсанда адамгерчилик сапатына ээ болуу аракети болуу керек.

Адам мүнөзүндөгү дагы бир жакшы сапаты – анын жумшактыгы. Жумшактык адам баласынын асыл касиети. Жумшактык инсандын сырткы жана ички маданиятынын белгиси болуп, инсандын башка адамдарга көңүл буруу менен мамиле жасап, урматсый көрсөтүп, мүмкүн болушунча аяр мамиледе болуп, зарыл болсо жардам көрсөтүүгө даярдыгы. Жумшак адамдардын баарлашуу мамилелери жагымдуу болот. Мындай баалуулуктарга ээ инсандар башка адамдар менен тил табышууга,

мамилелешүүгө жөндөмдүү келет. Өздөрүнүн таңууланбаган ачык мамилелери менен ар кандай инсандардын жүрөгүнөн орун алат. Жумшак адамдар коомубуздун көркү, адам болууну каалаган ар бир инсан мына ушул багытты тандаганы дурус.

«Зарыл», «Керек», «Карыз», «Болбойт» деген жүрүү-туруунун категориялары болуп, инсандын жактырып же жактырбашына карабастан түзүлгөн кырдаалга жараша, жогорку эрктүүлүгүн көрсөтүү менен пайдалуу чечимге келүүсүн камсыз кылат. Жогорудагы жүрүү-туруу категориялары аткарылуу тарбия жараянында инсандан өтө катуу адептүүлүктү жана каракүч жагынан чыналууларды талап кылат. Алардын аракеттери эрктүү принципиалдуулукту жана тууралыгына ишенимди камсыздап, көйгөйдү чечүүгө руханий да, физикалык жактан да күчтүн жетиштүүлүгүн далилдейт. Шартына жараша пайда болгон эрктүүлүк көз ирмемдеги чечилүүнү талап кылган көптөгөн маселелерди чечүү жөндөмүнө ээ. Жогорудагы категориялардын иш жүзүндө пайдаланышы көпчүлүк мезгилдерде инсанга чексиз рахаттануу жана атак-даңк алып келүүсү мүмкүн. Чындыгында да «Зарыл», «Керек», «Карыз», «Болбойт» деген руханий талап, өзгөчө бир мүнөзгө ээ. Кээ бир учурларда алар укук нормалары менен жөндөлүшү жана башкарылышы мүмкүн. М: «Ата-мекенди коргоодо кызмат өтөө, кат жүзүндө алынган кээ бир милдеттенмелер ж.б.у.с.

Биз, көбүн эсе жогорудагы жрүү - туруу этикасынын качалык күчкө ээ экендигин сезбей да калабыз. Учурунда алар кандай чечүүчү ролду ойноп коерун байкабай да калабыз. Бул баалуулуктардын артында кандай гана чагылгандай тез уюштуруучулук, көтөрүүчүлүк, демилгечилик күчтүн бар экендигине жеткилең маани берилбейт. Андай жоопкерчиликтердин, сезимдердин натыйжасында

инсандын жекече жөндөмүндө акылга сыйбагандай эрктүүлүк, чечкиндүүлүк пайда болорун амалиятта көрүп жүрөбүз. Бул багытта көптөгөн мисалдар бар. Мындай жөндөмдүүлүк дайыма эле боло бербейт, бирок пайда болгондо башталган иштин жогорку эффективдүүлүгү камсыз болот.
( Мисал үчүн: СССРдин баатыры Ч. Тулебердиев, ашар ыкмасы менен кандайдыр курулуш куруу ж.б.у.с. )

Айтып өтүлгөн жүрүш - туруш этикасынын категориялары менен инсандын жеке жоопкерчилиги тыгыз байланышта болот. Башкача айтканда жоопкерчилик инсандын канчалык даражада өзүнүн карызын аткарып жаткандыгы адептүүлүк көрсөткүчү болуп эсептелет. Эгерде коомдун таламын аткаруу зарылчылыгы түзүлгөндө ал инсандын коом алдындагы карызы болсо, аны аткарууга даярдыгы жана ал талапты аткаруу милдети жоопкерчилик болот. Жоопкерчиликтүү инсан ар дайым берген убадасын аткарат, ошону менен ыймандуулук ишенимдерин бекемдейт.

Ыймандуулуктун дагы бир касиеттеринин бири АКЫЙКАТЧЫЛЫК, АДИЛЕТТҮҮЛҮК. Бул адамдын личносттук сапаты болуп, кимдир бирөөгө чындык аркылуу жасаган аракети. Анны адеп-ахлак тартибинин, талабынын негизинде гана жүргүзүү. Мында анын жеке жактыруусу же жактырбоосу роль ойнобойт. Мыындай сапат инсандардын эки жактык мамилелеринде, ошондой эле ар түрдүү субьектилердин талаш-тартыштарында жана кызык-чылыктарын чечүү кырдаалдарында пайда болот.

Ыймандын дагы бир принциби – ОЛУТТУУЛУК. Инсандын өзүнүн жакшы жактарын катуу талап менен баалоосу олуттуулук деп аталат. Олуттуулук сапаттары, инсанга ашыра мактанууга, айлана – чөйрөсүндөгүлөргө өзүнүн алмаштыра алгысыз сапаттарын көрсөтүүгө аракеттендирбейт. Себеби

инсандын ыймандуулук касиеттери чынында өнүккөн болсо ага мактануунун зарылчылыгы жок. Ансыз деле анын андай асыл сапаттарын айлана-чөйрөсүндөгүлөр байкашып турушат. Олуттуулук инсандын адептүүлүгүнүн күзгүсү. Бул касиет адам баласына башкалар менен болгон мамилелеринин ишенимдүү, бекем болуусуна кепилдик берет. Ага болгон инсандардын ишенимдерин арттырат. Олуттуулук адам затынын адамдык сапатынын алдыңкы көрсөткүчү. Олуттуулукка олуттуу мамиле болуу керек. Ар кандай инсан адептүүлүгүндө жана жүрүш-турушунда олуттуу болсо да урмат-сыйга ээ болот.

КЕҢПЕЙИЛДҮҮЛҮК, АЙКӨЛДҮК – бул, адамдарга өмүр бою жалаң гана жакшылык жасоо, урмат-сый көрсөтүү. Адамдарды тандап мамиле жасабастан баарына бирдей тегиз мамиледе болуу. Айкөлдүк, кеңпейилдүүлүк сапаттары өнүккөн инсандар эч кандай шартта башкаларга жаман ойдо болбойт. Алардын адептүүлүк – психологиялык көз караштары ошого көнгөн, аң-сезиминде калыптанган. Бул касиет дайыма акыйкатсыздык, кысым көрсөтүүдөй кырдаалдар менен күрөшүү жолунда болот. Кээ бир мезгилдерде кеңпейилдүүлүк менен айкөлдүк кээ бир кара пиарлардын, чагымчылардын сөзүнө кирип кеткен учурлар да кездешет, бирок ал убактынча, учуру менен ал абал оңго бурулат.

ТАКТЫК. Эки жактык мамилелердин маданиятынын манилүү талаптарынын бири – тактык. Ар кандай иштерге сергек мамиле жасоо. Берген убадага бекем болуу. Сөздү таразалап сүйлөө, убакыттын кадырына жетүү. Сөздү айта билүү, сөздү уга билүү, анын аткарылуусун такай көзөмөлгө алуу. Сөздүн маанисин байкоо аркылуу чечилүүчү жолдорун издөө. Жоопторун ишенимдүү берүүгө аракеттенүү.

Тактык инсанды сулуу көрсөтөт. Жашоодо тактыкка маани берген дурус.

Адамзатты байыртадан бери ДОСТУКТУ, ЖОЛДОШТУКТУ жогору баалап келген. Элдик оозеки чыгармаларда достук, жолдоштукка өзгөчө мамиле жасалат. Анын баалуулугу даңкталып, адам жашоондогу бул касиеттердин мааниси териштирилип, ДОС, жолдош күтүү жолдору айтылып, кээ бир эпостордун, жомоктордун, дастандардын өзөгүн түзгөн. Достукту, жолдоштукту «Жаңы чапандай» күтүү жөнүндөгү насыят сөздөр айтылат. Эр жигиттин биринчи досу-минген, аты болсо, дайыма бирге жүргөн досу-буту. Мындан тыянак чыгарсак дос менен жолдоштун мамилеси ушунчалык тыгыздыкта болуусу зарыл. Дос дегенде көз алдыбызга досу үчүн берилген, аны өтө урматтап - сүйгөн, жеп жаткан тамагын оозунан алып досуна сунган, кан-жаны менен берилген инсандын образы көз алдыбыздан өтөт. Чындыгында да дос күтүү өтө жоопкерчиликтүү акт. Достук өмүрүңдүн аягына чейин уланат. Достук каалаганда чечип ыргытып жибере турган чапан же тон эмес. Аны кийгенден кийин тамтыгы чыгып желкеңе турбай калганга чейин кийүү зарыл. Достук,- бул өтө назик сезим. Аны өз деңгээлинде баалай биле алсак, ал бизге күтүлбөгөн ыраазычылыктарды тартуулоосу мүмкүн. Ал жашообуздун мазмунун байытат, ишенимибизди арттырат. Достукта эки жак тең укуктуу болушат. Достукта жагынуу, коргоо,үстөмдүк жүргүзүү, зордук менен артыңдан ээрчитип жүрүүдөй терс көрүнүштөр жашай албайт. Досуңа өзүңдүн артыкчылыгыңды көрсөтүп, күчүңдү, байлыгыңды көрсөтүп мактансаң, андай достук көп өтпөй соолуй баштайт. Аягында эки жактык карым-катнаштын токтоп калуусуна алып келиши мүмкүн. Достукту өтө таза кармоо зарыл, кадырына жетүүгө аракеттенүү керек. Ал эми дос менен достошуп өткөн өмүр-бул экинчи маселе.

Жогоруда ыймандуулуктун кээ бир принциптерине токтолдук. Эгерде баарына түшүндүрмө берчү болсок көп томдуктар түзүлмөк. Бизде андай деле максат болгон жок. Болгону коомубуздун ар бир атуулу өздөрүнүн жүрүш - туруштарында, адептүүлүк сапаттарын сактоодо жогорудагы ыймандуулук талаптарын жетекчиликке алышса, коомубуздун жалпы адеп-ахлактык түркүгү бекем болоор деген эле ой. Өз кезегинде ал жаңы замандын жаңы адамдарын калыптандырат.

## 2. ЫЙМАНСЫЗДЫК ЖАНА АНЫН ТҮШҮНҮКТӨРҮ.

Ыймансыздык адам баласынын коомдо өзүн алып жүрүүсүнүн терс касиеттеринин жыйындысы. Ыймансыздык инсанды дайыма жаман жолго баштап, жамааттан өзгөчөлөнүп, ар дайым көнүмүш болгон кырдаалдардан тышкары терс аракеттерди иш жүзүнө ашырууга карай түртөт. Эгерде адам баласы өзүнүн сезимин, эмоциясын көзөмөлдөй албаса тез эле ыймансыздык жолуна түшүп кетүүсү мүмкүн. Ыймансыздык сипмтомуна ээ инсандар негизинен жоопкерчиликти сезе билбеген, айырмачылыктарды жеткилең түшүнө бербеген, терс мүнөздүү, өзүнүн бул дүйнөдөгү миссиясына кайдигер болгон, коомдук кызыкчылыктар толкундатпаган инсандар болушат. Андай инсандардын кээ бирлери андай аракеттерин патриоттуулук деп эсептешкендери да бар.

Коомубузда ыймансыздык илдети илешкен жарандарыбыздын саны өтө эле аз, бирок коомдун адеп-ахлагын дүрбөлөңгө салганга ылайык табылат. Ыймандуулуктан тайып бара жаткандардын көпчүлүгү ыймансыздыктын жолуна түшүп бара жаткандыктарын өздөрү да сезишпей калышат. Себеби жашоо аракеттерин оз учурунда талдоого алышпайт.

Мындай «Манкурттуктун» белгилери кайдан пайда болууда ? Биринчиден жүрүш - туруш нормаларын билбегендиктен, билсе да ага жетишерлик даражада маани бербегендиктен, экинчиден адептүүлүк баалуулуктарын сактабагандыктан, үчүнчүдөн, илим-билимсиздигинен жана маданиятсыздыгынан келип чыгат. Жалпылап алганыбызда өсүп келе жаткан муунга жугумдуу тарбия бербей жаткандыгыбыздын натыйжасы. Илгери аксакалдарыбыз жолдо бара жаткан жаш баланы же өспүрүмдү алдына чакырып алып, колунан бекем кысып кармап туруп кимдин баласы экендигиңди, кайда бара жаткандыгыңды шашпай сурашар эле.Канааттандырарлык жооп алышкандан кийин «Ыйманыңда күмөнүм бар» дешип калышчу. Эгерде жооп берүүнү билсе, бала

«Күбөм бар» дейт эле. Аксакал кайрадан «Күбөң ким» дечү.

- Бала:

-Кудайдын кулумун,

-Мухаммеддин імматимин,

-Чарыярдын досумун,

-Имом Аззамдин масхабимин,

-Гапсиларзамдин мурутумун деп жооп берер эле, жоопко ыраазы болгон аксакал баланын бешенесинен сылап, «Аб-балли азаматым чыныгы мусулман турбайсыңбы, бара гой, ата-энеңе менден салам айта бар» деп, баланы алкап коер эле. Алкоого татыган бала курсанчылык абалында чуркап кетчү. Көрсө балдарга мусулманчылык тарбия берүүнү дагы бир жолу ушул турбайбы. Бүгүнкү биздин чындыгыбызда ушул нерсе бала тарбиялоо жолунда бизге жетишпей жаткандай туюлат.

Ыймандуулуктун же болбосо ыймансыздыктын принциптеринен сурасаң өтө билемин деген инсан 10 касиетин араң дегенде билет. Бул дегендик мектептерде «адеп» сабагы, жогорку окуу жайларында

жүрүш - туруш этикасы окутулуп жатканы менен анын эффективдүүлүгү жетишсиз, ал предметтерге аз сандагы саат бөлүнөт. Мындай абалда жаңы заман муунун бүгүнкү күндүн талабына жараша тарбиялоо өтө оорго турат. Өткөөл мезгилдеги жаштар өлкөбүзгө агып кирип жаткан ар түрдүү агымдардын таасирлеринде биз жактырбаган, биздин үрп-адат, каада-салттарыбызга туура келбеген таасирлерди кабыл алып, нукура элибиздин кылымдар бою сактап келе жаткан маданияттарын кабыл албай калса эмне болот? Бүгүнкү күндө «Эмнеге кыргыз болуп жаралып калдым экен» дегендердин саны азбы? Өтө ойлоно турган маселе. Ыймансыздык аракеттери тез таралып бара жатабы деген да ойго келебиз. Себеби бүгүнкү чындыгыбыз мындай дегенге негиз берип жаткансыйт. Ыймансыздык тез тамыр жаюучу жаман илдет. Бул талаадагы отоо чөптөргө окшош, уругу эле чачылып калса болду өсүп чыга берет, ага иштөө берүүнүн кереги жок. Аны уруктата койбой тез-тез оруп туруу зарыл. Бул баягы бедени же эгинди ороп калган сары чырмоокко окшогон нерсе, алдын албаса эгинди ороп калып, өстүрө койбойт.

Окумуштуулардын айтуусуна караганда ыймансыздыктын 70тен ашуун инсандын жүрүү - туруусуна таасир берүүчү сапаттары бар. Алардын кээ бирлерине токтоло кетели: 1.Алдамчылык, арбоочулук, 2.Арамкордук, арамдык, 3. Арамзалык, 4.Амалкөйлүк, 5.Араккечтик, 6.Ачкөздүк, 7.Акмактык, 8.Ачуулуулук, 9.Алдым-жуттумдук, 10. Бакылдык, 11.Бирөөнү буюмуна ээ чыгып алуу, 12.Бекерпоздук, 13. Билип туруп билмексенге алуу, 14.Баңгилик, 15. Бирөөнүн байлыгына көз артуу, 16.Бузукулук, 17. Бирөөнү шылдыңдоо,маскаралоо, кемсинтүү, 18. Бейкапардык, кош көңүлдүүлүк, кайдигерлик, 19. Бетпактык, 20.Сараңдык, 21. Сойкулук, 22. Сыйкырчылык,

23.Ич тардык,көрөалбастык, 24.Чыккынчылык, саткынчылык, душман тарапка өтүп кетүү, 25. Көзгө илбестик, кэкирейгендик, 26. Кербезденгендик, өзүнө ашыкча баа берүү, керилгендик, 27.Кошаматчылык, тил жооламачылык, 28.Кытмырлык, көсөлүк, 29.Кысымгаалуучулук, 30.Каразгөйлүк, кара-санатайлык, 31. Кызуукандуулук, 32.Кызганчаактык, 33.Калпычылык, 34.Көйрөңдүк, оолукмалуулук, 35.Келесоолук, тентектик, 36. Карызын төлөбөгөндүк, 37.Кыянатчылык, 38. Каракчылык, тоноочулук, 39.Кекчилдик, өч алуучулук, 40. Күүлөштүрүү-кайраштыруу, 41. Кумарпоздук, 42. Кесирленүү, 43.Оройлук, 44. Оомалык, 45. Таарынчаактык, эркелик, 46. Теңсинбегендик, 47. Тыңсынгандык, 48.Текеберчилик, 49. Тилалбастык, 50. Тамашалашуу, азил, 51. Жаныбарларга азап берүү, 52. Жердешчилик (жаман жагы), 53. Пара алуу, жасаган жакшылыгыңа акыц суроо, 54. Өзүмчүлдүк, 55.Өз өмүрүнө кол салуу, 56.Ээнбаштык, 57. Эки жүздүүлүк, 58. Мыкаачылык, 59. Мактанчаактык, 60. Менменсингендик, 61.Мушташчаактык, зөөкүрдүк,62. Ушакчылык, 63.Уурулук, колу туткактык, 64.Наадандык, 65.Ыпластык, 66.Зомбулук, 67. Суктук, 68. Уятсыздык, 69. Душмандык,70. Зыян келтирүү, 71. Шылуунчулук, 72. Мыжыгоолук, эзмечилик, жогоруда белгиленген тескери касиеттердин кээ бирлери гана болуп эсептелет. Күбө болгонубуздай дагы да жыйнаштырсак бир топ принциптер менен толукталары бышык. Ал дегендик изилденүүсү керек дегендикти билдирет.

Ыймансыздыктын кээ бир касиеттерине аныктама берчү болсок, ӨЗҮМЧҮЛДҮК (эгоизм) булл ушундай бир инсандын ээлеген позициясы (абалы) көңүлдүн борборунда өзү болот же анын жакындары. Эгоист курчап тургандардан бир топко өзүн жогору баалап, өзүн жогору сезген субьект. Өзүмчүл үчүн жашоонун чордону ал болуп калгандай сезилет. Ар кандай

турмуштук кырдаалдардан өзүнө пайда издейт. Башка адамдар менен мамиле жасаганда эсебин алат, анын ага канчалык даражада пайдасы тийээрин эске алуу менен мамиледе болот. Ар кандай шарттарда өзүнүн кызыкчылыгын гана ойлоп, өзүнүн талабын канааттандырганга гана аракет жасайт. «Өзүмчүлдөн өлө кач» деген кыргыз элинин макалы, өзүмчүлдүк мүнөздү өтө так, жеткилең мүнөздөйт. Өзүмчүл буйрук бергенди сүйөт. Ага өзүнөн башка кишинин акылы жетишсизирээктей туюлат, баары эле анын буйругун күтүшүп турушкандай болуп көрүнөт. Анын айткандарынын баары туура экендигине бекем ишенет. Өзүнүн ишмердүүлүгүн жана аракеттерин бийик баалайт.

АЧКӨЗДҮК. Инсандын ачкөздүк касиети биологиялык жана материалдык таламдардын негизинде жаралып, кандайдыр бир нерсеге жеке менчик пайда болгондон баштап өнүгүп, кээ бир инсандардын ачкөздүк ооруусуна айланып бара жатат. Ачкөз адамдын «Өзү тойсо да көзү тойбойт». Ар кандай шартта «алсам» деп гана турат. Ачкөздүк инсандын ушундай бир абалы жашоонун максатын жалаң гана байлык жыйноо деп түшүнөт. Керек болсо да, керек болбосо да колго киргендин баарын үйгө ташымай. Байлык дегенде оозундагы ичип жаткан тамагын жерге таштайт. Колуна эч нерсе кирбей калган күндөрү түнүндө жакшы уктай албайт, тамак да жегиси келбей калат, бир нерсесин жоготкон кишидей аяк быякты карап, кийиминин чөнтөктөрүн чукулап, алдастай берет. Материалдык байлык үчүн ар кандай ойлонулбаган кадамдарга баруусу мүмкүн. Андай инсандарга дос да, тууган да, жакын коргон адамдардын да зарылчылыгы жок. Байлык жана мансап үчүн андай адам сөрөйлөр эч кимди аябайт.

Ачкөздүктүн айынан коррупция канат керет, тамыр жаят, коомду, мамлекетти «Жумшак этти

калбыр кылып» курт жегендей жейт. Ачкөздүк коррупциянын анабашчысы. Көбүн эсе ачкөздөр өнүмдүү жерлерде иштегенге аракет жасашат. Андай жумуштарга орношконго колдо бар бардык мүмкүнчүлүктөрүн сарпташат, керек болсо пара да берет. Ачкөздүк формализм, бюрократизмди өнүктүрөт. Чыныгы мындай илдеттерден адам баласы мүмкүн болушунча алыска качканы оң, антпесе байкатпастан тез эле ороп калат.

АРАККЕЧТИК. Араккечтикке прогрессивдүү маданият ишмерлери тарабынан көптөгөн мезгилдерден бери наалаттар айтылып келе жатат. Байыркы грек даанышманы Анахарсис (б.э.ч. У1к.) «Өзүң араккеч болуп калбашың үчүн алдыңа тамтыгы чыккан араккечти жөлөнтүп ал» деп сунуш берген эле. Араккечтин ким экендиги жөнүндө өткөн XX чы кылымдын залкар акындарынын бири, куудул Шаршен Термечиков да өзүнүн «Жинди суу» деген чыгармасында өтө образдуу кылып мүнөздөп өткөн. Араккечтик коомубуздун айыкпас жараларынын бири. Арактын айынан канчалаган үй-бүлөлөр, достор ажырашып, кээ бирлер үй-жайынан ажырап, кээ бирөөлө селсаяк болуп бара турган жери жок көчөдө калып жатат. Араккечтик жакшылыкка алып барбайт, абийир, даңк алып бербейт. Дүйнө коомчулугу бул жаман адат менен ар түрдүүчө күрөшүп келе жатат, бирок каалагандай натыйжага жетише элек. Аракка берилген инсандын адептүүлүк-психологиялык абалы мокоп анын жетегинен чыгуусу кыйын болуп калгандыгынын себебинен бул проблема чечилбей, өз максатына жетпей келүүдө.

Индивид төрөлгөндө араккеч болуп төрөлбөйт, убакыт өтүү менен айлана- чөйрөнүн таасири аркылуу мындай жаман адатка үйрөнөт. Демек ал адам баласы менен кошо төрөлбөйт. Андай экен, аны менен күрөшсө болот. Күрөшүүнүн жолу инсандын аң-сезимин

ойготуу, көндүмдүүлүк касиеттерине жаңылык киргизүү, эмнегедир кызыктыруу, оптимисттик ырайын көтөрүү, жашоосунун мазмунун байытуу керек.

ЗӨӨКҮРЛҮК. Бул касиет көбүн эсе иинсандын мас абалында өзүнөн кара күч жагынан алсызыраак кишиге көрсөткөн керемети. Андай аракеттер маалим болгондой зордук зомбулук аркылуу ишке ашат. Ошону менен зөөкүр коомдук тартипти да, адам укуктарын да бузуп, мыйзам алдында жооп берүүгө кириптер болот. Зөөкүрлүк кубулушу көпчүлүк учурларда жаштардын жана өспүрүмдөрдүн арасында учурайт. Айрыкча курак жаш мезгилинин өткөөл мезгилине туш келет. Акылы толук азаматтын мындай жетишпестиктен алыс болгону талапка жооп берет. Зөөкүрлүк жугуштуу касиет. Учурунда аны токтотууга аракет жасалбаса анын залакасы башка өспүрүмдөргө да тийип, алардын адеп-ахлактык чени төмөндөшү мүмкүн. Оюбузча жаштар жогорудагыларга жетишээр-лик маани берүү керек. Себеби эч ким ыймансыздык касиеттерин алып калууну каалашпаса керек.

УШАКЧЫЛЫК. Ушакчылык азыркы заман этикасында гана эмес Ислам дининде да өтө өгөйлөнөт, караланат. Ушакчы адам аркы дүйнөгө барганда касаптар малдын этин кандай илмекке илген болсо, ушакчы да тилинен ошондой илинет деп кабар берет ислам дини. Мына ушулардан ушакчылыктын өтө жаман касиет экендигине ынанабыз. Ушакчы инсандар уккандарын дагы бир топ айтылбаган сөздөр менен толуктап башка кишилердин назарларына жеткиришет. Кээ бир учурларда айтылган ушак ырбап отуруп чоң бир чыр-чатакка айланган учурларды көрүп жүрөбүз. Ушакчылык ушакчы үчүн табигый жашоосу болсо, башкалар үчүн элдешпес аракеттерге айланып кеткен кырдаалдар бар. Ушакчылыктын кесепети эч качан жакшылыкка алып барган эмес. Айрыкча саясий оюндарда ушактын ролу

чоң. Чеберчилик менен уюштурулган ушак ар кандай татаалдыктардагы маселелерди чечип койгонго жөндөмдүү. Азыр көпчүлүк ушактар саясий багытта иштеп жатат. Аны уюштуруучулар өтө чоң күнөөнү моюндарына алышып жатышкандыктары менен иштери жок. Ыймансыздык жолуна түшүшүп калышкандыктары менен иштери жок. Кара курсагынын камы менен алек. Силер да ошолордун катарына кирип калбаганга аракеттенгиле!

БУЗУКУЛУК. Бузукулук ыймансыздыктын бир бутагы болуп, өз аты өзү менен. Анын иши бузуу, жаруу, бүтө турган ишти бүтүртпөй коюу, боло турган ишти болтуртпай коюу. Мына ушул багытта ал жигердүү иш алып барат. Бузукулуктун аракеттенүүчү сферасынын көлөмү кең, анын багыттары көп тармактуу. Өз таасирин адам жүрүү-туруунун бардык сфераларына тийгизе алат, чек аралары кең, ага багынгандардын саны да көп. Ошого карабастан бузукулуктун тамыры бош. Анын чыныгы жүзүн ачып, маңыз мааниси менен тааныштырып, инсандар табияты менен тааныштырылса бузукулук ишмердүүлүгүн токтотот. Бирок ага чейин бүлүндүргүч иштерин аткарып, коомдун стабилдүүлүгүн бузуп, мүдөөсүн ишке ашырып калат. Бузукулукту коомдук пикир куралсыздандырат. Ал коомдук пикирге каршы бара албайт. Адамдын бузукулук сапаты бирде болбосо бирде сөзсүз жарыкка чыгып уят болору бышык. Бул жаман адаттан оолак болгула демекчибиз.

УУРУЛУК. Уурулук ыймансыздык сапаттарынын бири. Ал көндүмдүүлүктөн жаралат. Инсан жашынан бир аздап кичине, көзгө анча көрүнбөгөн буюмдарды ала коюп, бир нерсени эч кимге көрсөтпөй ала коюуга көнүп калат. Ошондуктан кыргыз эли «Уйга жүгөн салабы, үйрөнгөн адат калабы?» дешип коюшат. Инсан уурулукка үйрөнүп алгандан кийин аны оңойлук менен токтото коюусу кыйын. Уурулук да ооруута окшогон

нерсе оңойлук менен адам баласын өз эрки менен таштап кетпейт. Ага каршы дайыма профилактикалык иштер жүрүп туруусу зарыл, антпесе массалык мүнөзгө ээ болуп кетсе аны токтотуу үчүн көптөгөн жылдар талап кылынат

(М: СССРди, Кыргыз Республикасын урдоо ж.б.у.с.). Уурулук жасоо эң начар өнөр. Азыр да миллиондорду уурдашкан уюмдашкан уурулар бар, буларга катаал чек коюлбаса өлкөбүздүн келечегине залакасын тийгизери бышык. Алар мамлекетти муунтуучулар. Андайларды көрүп турган жалпы эл да бекер жатпайт, колунан келгенче тартып калганга аракеттенет. 1950-жылдары, эл, минишкен велосипеддерин эшикке коюп коюшуп, дүкөндөргө киришип, узак мөөнөт ичинде соода-сатык иштерин жүргүзүшүп чыгышар эле, бирок эшикте калган велосипедге эч ким тийчү эмес. Азыр элибиз шүгүрчүлүк келтиргендей эле деңгээлде жашашат, издеген нерсеңди табасың, велосипедди эшикке коюп көрөлүчү, эмне болот? Ушул мисадардан коомубуздун адеп-ахлагы кайда бара жаткандыгынан толук кабардар болсок болот. Уурулук жасаган инсан бүтүн журтчулугубуздун жалпы каргышына калуусу зарыл.

БАҢГИЛИК. Баңгилик илдети араккечтиктей эле инсандын көндүмүнөн жаралып, коомдун митеси. Себеби ал мите курттай ага берилген инсанды бир аздап жей баштайт. Канчалык берилген сайын инсан анын таасиринен чыга албай арбалып анын желесине ушунчалык катуу байланат, кайра чыгууга мүмкүнчүлүгү азайгандан азаят. Ошондуктан ар кандай аң-сезимдүү инсан мындай жаман адатка жакындабаганга аракет жасоосу зарыл. Баарыбызга маалим болгондой баңгилик коомубуздун өсүп-өнүгүүсүнө өтө көп зыяндарды алып келип жатат. Араккечтикке окшоп баңгилик да адам баласынын эң кымбат болгон ден-соолугун алат басмырлайт

инсандык кепетесинен чыгарат. Коомго жат макулук (жаныбар) кепетесине келтирет. Наамына так түшүрүп, андан аркы жашоосуна өчүрүлгүс из калтырат.

Баңгиликтен арылуу өтө татаал бирок мүмкүн, жакшы ой-максат менен аракеттенсе жеңсе болот. Эң жакшы жол баңгиликке жакындабаш керек. Ошондо сен туура жолду тандаган болосуң.

КУМАРПОЗДУК. Кумарпоздук баңгиликке, араккечтикке берилгендей эле көнүмүш жаман адаттардын бири болуп эсептелет. Кумарпоз адамда субьективдүү бир сезим болуп, кумар ойносо эле утуп ала тургандай ишеним пайда болуп, аны бир кызыктуу чөйрөгө тартып туруп алат. Натыйжада ал утулат. Трагедия ушул жерден башталат. Байкап көрөйүнчү деген оюн аны биротоло жута баштайт. Уттурган акчасын кайра утуп аламын деген ой менен чөнтөгүндөгү акчасынын баарын саят. Анча мынчада гана болор-болбос тыйын-тыпыр утпаса калган учурларда кайра-кайра утула берет. Оюнга берилген оюнчу өзүндөгү дареметтерин аяктап жакындарынан карыз алып ойной баштайт. Натыйжада баарынан кур жалак калып, кээ бирлери тентип кетет. Кумарга берилген инсан кумар ойноо үчүн баарына даяр. Турмушта кумардын айынан бала-чакасын уттуруп жиберген учурлар маалым. Көбүн эсе кумарпоздун үй-бүлөсүнө зыян. Үй-бүлөдө тынчтык болбойт, ар дайым коопсуздануу пайда болот. Кумарпоздун жашоосу тобокелдүү жашоо. Дайыма өзүнү ваакумдун ичинде жашап жүргөндөй сезет. Бирок баары бир бакыт кушу ага коноруна ал бекем ишенет. Ойной берет. Анны алдоочу ага карата тузак жайып койгон, аны ал сезбейт. Оюндун сыры мына ушунда жатат. Оюндун аягы толук банкрот болуу менен аяктайт. Кумарпоздук өтө жаман өнөр, ага кирүүнүн өзү акыл-эссиздик, адепсиздик, өзүңдүн жашооңду жаман адаттардан дүйнөдөн сызып

салган менен барабар. Акыл-эстүү инсан андай тобокелчиликке барбайт.

Жогоруда ыймансыздыктын кээ бир принциптерине азын-оолак түшүнүк берүү аракетинде болдук. Ушул принциптердин маңыз-маанисин түшүнүү менен жаман адаттардан оолак болсок, ыймандуулук сапаттарыбызды сактап калабыз. Ал аракеттерибиз өз мезгилинде коомубуздун мындан аркы өсүп-өнүгүүсүнө кошкон салымыбыз болот. Мунун баары жер бетиндеги ыймандуулуктун көбөйүшүнө алып келет. Ар бирибиз ошондой максаттардын ишке ашышына аракет жасайлы.

## 3. ИНСАНДЫН ӨЗҮНҮН ЖҮРҮШ - ТУРУШУН КӨЗӨМӨЛДӨЙ АЛУУСУ ЖАНА ӨЗҮН – ӨЗҮ БАШКАРА БИЛҮҮСҮ.

Инсандын жакшы сапаттарынын бири, өзүн-өзү башкара билүүсү, сезимдерин, сезүүлөрүн жана каалоолорун жылоолоосу. Инсанга өзүн-өзү башкара билүү көз ирмем сайын зарыл болуп турат. Себеби адам баласы минута сайын ар түрдүү жагдайларга кабылып, ал көйгөйлөрдү акыл-эс менен чечүүгө милдеттүү. Ошого байланыштуу өзүндө бар бардык интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн ишке киргизип, пайда болгон муктаждыктарды чечүүгө сарптайт. Албетте бул жараянда өзүн-өзү башкаруу бирдей деңгеелде болбойт, бирөөсүндө активдүүрөөк болсо, экинчисинде пассивдүүрөөк болот. Кандайдыр бир чындыкты же аракетти аткарууда адамдын өзүнүн жан дили менен каалоосу же жактырбоосу болот. Бул өтө бир жагымсыз тосмо. Аны адам баласы өзүн зордуктоо, багыттоо аркылуу гана басып өтүүсү мүмкүн. Андай мезгилде инсан өзүнүн психикалык касиеттеринин

керектүү түрлөрүн аракетке киргизет (мүнөз, эрк, сезүү, темперамент, акыл-эс ж.б.у.с.) Мына ушундай мезгилдерде инсан өзүн-өзү башкара билбесе каалаган мүдөөсүнө же болбосо максатына, натыйжаларга жетүүсү өтө оор болот.

Адамдардын мүнөздөрү, адеп-ахлактык деңгээлдери эч качан бири-бирине окшош болбойт. Андан тышкары психо-физиологиялык сапаттары да окшошпойт. Ар бир адам кайталангыс уникалдуулукка ээ экендигин байкайбыз. Бул жашоодо коомдун үрп-адат, каада-салт болуп калган баалуулуктарын ушул коомдун мүчөсүмүн деген ар бир инсан сактоого милдеттүү. Жүрүү-туруу талаптары баарына бирдей. Ошондуктан ар кандай адам жүрүш-туруш нормаларын тартипке келтирип, кээ бир коомго жат көнүмүш адаттарынан баш тартуусу керек болот. Коомдун өсүп-өнүүсү, гүлдөшү үчүн керек болгон жекече жакшы сапаттарын өнүктүрүүгө аракеттенүүсү зарыл. Өз кезегинде ал адамдан белгилүү бир аракетти, чыңалууну, изденүүнү жалпы коомдук тартипти сактоону талаптайт. Ал үчүн инсандын ориентири жүрүү-туруу нормалары болгону талапка жооп берет. Ал максатка өзүнүн эрки, башкаруу, тынымсыз көзөмөл аркылуу жеткенге болот. Ушул абалды өзүн-өзү башкаруу же бийлөө деп айтабыз. Бул абал инсандан өтө чоң жөндөмдү талап кылат. Аны өнүктүрүү менен көзөмөл күчөтүлүшү керек болот. Көзөмөл катуу болмоюн бийлөөгө да, башкарууга да мүмкүн эмес. Айрыкча адамзаттын жүрүү-туруусун көзөмөлдөө бир топ көйгөйдү пайда кылат. Себеби жүрүү-туруу этикетин бир рамканын ичинде кармап туруу ойго келбеген иш.

Бүгүнкү күндүн прогресси адам баласын көз ирмем сайын түрдүүчө кырдаалдарга дуушар кылып турат. Көйгөй чечүү маселелери инсандан ылдам аракеттенип, тура чечимге келүүнү талап кылат. Андай

мүчүлүштөрдү чечүү үчүн эмнелерди аткаруу зарыл? Биринчиден, эң негизгиси, этикеттин тартиби менен кенен таанышуу. Экинчиден, өтө маанилүүсү, этиканын тартибин сактоого инсанда рухий талаптын болуусу. Үчүнчүдөн, маселени чечип жатканда бирөөнүн ордуна өзүн коюп көрүү. Төртүнчүдөн, өзүн-өзү башкарууда көзөмөлдөн чыгып кетүүгө жол бербөө. Бешинчиден, терс эмоцияларды өзүңдүн рухуңдан сүрүп чыгаруу. Алтынчыдан, сезип туруп эч кандай шартта этикеттин талаптарын бузууга жол бербөө. Жетинчиден, ар кандай шартта башкалардан өзгөчөлөнүп көрүнгөнгө аракеттенбөө. Жогоруда белгиленген сунуштарга маани берсе өзүнүн үстүнөн өзү бийлик жүргүзгөнгө ар бир инсанда мүмкүнчүлүк болот.

Адам баласынын өзүнүн үстүнөн жүргүзгөн бийлиги, ошол бийликтен кыянатчылык менен пайдаланбаш үчүн керек. Кээ бир инсандардын таасири ушунчалык даражада болот, көпчүлүк мезгилдерде жакшы натыйжаларды бербеши да мүмкүн. Адам коомунун иштеп чыккан жүрүү-туруу, этикалык талаптары мындай кубулушка бөгөт коюусу да мүмкүн. Ал талаптар ар кандай инсанды анын жеке турмушуна киришип жаткандардан сактайт.

Этикеттин тарбиялык маанисин аңдабай туруп, жаттап алып, оңго-солго пайдалана берген да жарабайт. Себеби, андай аракеттерибиз маанисин жоготуп, өзүбүздү бийлегенден обочолонтуп коет. Ойлонулбай жасалган аракеттер жагымсыз жагдайларга алып келет да натыйжасы бизди толук бойдон канааттандыра албай калат. Этикеттин тартип-талаптарын бузуучулар коомдун, чөйрөнүн тарбиясына муктаж. Андайлар тарбия алкагына алынуусу керек. Бул маселеге эч ким кайдыгер мамиледе болгону болбойт. Чыныгы тартип-таалим көргөн инсан, тартипти бузуп жаткан башка кишинин алдынан унчукпай өтүп кетпейт. Бирок ал факт биротоло чектен

чыгып кеткендей кабыл алынбасы керек. Себеби бир аз коомдук кийлигишүү менен андай мүчүлүштөр чечилип калуусу мүмкүн. Болгону адептүүлүккө чакыруунун маданияттуу формасын пайдалануунун ролу да манилүү. Кырдаалга кийлигишүүчүлөр айрыкча субердинациянын талаптарын сактоо менен өздөрүнүн эмоцияларын бийлеп жана көзөмөлдөп аракеттенишсе жетишкендиктери сезилээрлик болору бышык. Этикетте бирөөгө акыл үйрөтүү, жол көрсөтүү, насыят айтуу өтө опурталдуу. Андай баалуулуктарды кимге кандай жерде, эмне себеп менен айтуу керек экендигин билгенибиз дурус. Кыргыз элинде «Сууну сиңген жерге сеп» дешип коюшат. Сөздү да укканга айтса дурус болот. Бирок муну менен жүрүш-туруш нормалары одоно бузулуп жаткан жерде да унчукпай тура бергиле деген ойдон алыспыз. Кырдаалга жараша мамиле болуусу зарыл. Коомдук жерлерде тарбия-таалим үйрөтүүчү эки типтеги адамдар болот;

Биринчиси, ар кандай шартта башкаларга эскертүү берет эч нерседен кайтпайт. Экинчиси,өзүнүн уялчаактыгынанбы, өзүнө-өзү ишенбегендигиненби же болбосо башкалардын аракеттерине киришүүнү каалабагандыктарынанбы өздөрүн четке тартышып, көйгөйдү чечүүгө кошулушпайт. Экинчи кокустук андай инсандардын өзүн-өзү бийлей албай, аракеттерин көзмөлдөөгө кудуреттеринин жетпей жаткандыгынын ачык-айкын далили болуп эсептелет. Биринчисинен да экинчисинен да өзүнүн инсандык милдетин аткаруу үчүн чоң эркти талап кылат. Кандай гана шартта болбосун этиканы сактоодогу, жүрүү-туруудагы бир нерсе сакталуусу зарыл, өзүн-өзү бийлөөсү, эркин, жөндөмүн, мүнөзүн көрсөтө алуусу.

Жүрүш-туруш этикасынын негизи болуп этикалык, адеп-ахлактык принциптер кызмат кылат. Эгерде аны терең үйрөнүп түшүнбөсөк этикет формалдуулукка айланат да инсандын жүрүү-туруусуна

өзүнүн таасирин тийгизе албай калат. Ыймандуулук жана ыймансыздык принциптерин айырмалап, аларды коомубуздун жашоосундагы баалуулугун аңдап жете албасак, жүрүү-туруу этикасы шамалга учкан сөз сыяктуу болуп калат. Өзүнүн ким экендигин аңдап жеткен инсан, белгиленген принциптерди каны-жанына сиңирип, жакшы менен жаманды уят менен зарылды, пайда менен залалды билүүсү зарыл. Ал үчүн сөзсүз өзүнүн каалоолорун ишке салып, өзүн-өзү бийлөөсү зарыл. Албетте өзүн ар дайым өзүнүн бийлигинин көзөмөлүнө алуу оңойлукка турбайт. Кээ бирөөлөр айтышып калышат: «Өзүмдү бийлөөгө эрким жетпей жатат» деп, же болбосо «Менин темпераментим ушундай экен, өзүмдү кармай албай калдым» дейт. Мындай караганыбызда бул эки окуя тең обьективдүүдөй эле туюлат, чындыгына келгенде туура эмес. Себеби эч кимге сөз бербеген холерик да, же болбосо он сүйлөсөң бир сүйлөбөгөн меланхолик да өзүнүн аракеттерин көзөмөлдөөгө кудурети жетет же мындайча айтканда өзүн-өзү бийлей алат. Кээ бир мезгилдерде «Бетим иий-бетим, уят эле болдум. Эми анын бетин кантип караймын» деп калат. Чын-чынына келгенде бул табигый реакция. Адам баласы өзү аңдап аңдабай кетирип койгон катаачылыктарын жоопкерчилигине алып, уялып, кайгырып жатат. Өзүнүн кетирип койгон катаачылыктарын билип, аны мойнуна алуу да инсандан канчалаган толкундоону, кызарууну, кубарууну, калтыроону, чыңалууну, дене боюнун алын кетирип, шалдыроону пайда кылат. Өз катаачылыктарынын жоопкечиликтерин сезүү канчалаган эркти, аң-сезимди талап кылат. Бул кадамга ал канчалаган нервдик стресс аркылуу барат. Натыйжада аң-сезимдүүлүгүн көрсөтүп, бийлигине баш ийип, көзөмөлдөөсүн баштайт. Болгон окуя анын эс тутумунда калып, турмуштук сабак болуп, экинчи кайталанышына чек коюлат.

Кээ бир адамдар бар чындыкты бетке айтмайын тура албайт. Андай инсан үчүн чындыкты айтуу парздай туюлат. Кээ бир мезгилдерде чындыкты айтуу өтө кыйын болсо да айтуу керек болот. Чындыкты угуп туруу башка киши үчүн өтө жагымсыз болсо да чыдап угуу керек. Этикеттин нормасы ушундай. Чындык деп эле оозго келгендин баарын айта берген да жарабайт. Себеби чындыктын да «Суу кечпей турган жери» бар. Баары кырдаалга жараша болгону оң.

Ыймандуу инсан ар дайым өзүнүн абалын адептүүлүктүн чени менен өлчөп, ыймандуулуктун талабына жараша жүрүү-туруу нормаларын сактоо аркылуу аң-сезимдүү жашоосун улантат. Ыймансыздык сапаттарына ээ инсан дайыма коомубуздун кыйыр көзүнө кабылып, жашоо ишмердүүлүгүндө жек көрүмдүү абалына кабылып калуусу мүмкүн. Ошондуктан жашоонун айкын, туура жолу жалпы элге бирдей мамиледе болуп, ак ниэт, кең пейилдик менен жашоо. Чыныгы адам баласы ыймандуулуктун касиеттерин тынымсыз аң-сезимине, рухуна, кан жанына сиңирет. Туура жолунан тайбайт. Заманыбыздын жаңы мууну ошондой болсун десек жүрүү-туруу этикасынын эки маданиятын тең алардын аң-сезимине пландаштырылган түрдө сиңирүү зарыл.

Илимдүү, билимдүү адам жүрүш-туруш этикасынын талаптарын үйрөнүп, күндөлүк амалияттык иштеринде пайдаланууну билет, өз кезегинде ал инсандын эки маданиятты тең өздөштүргөндүгүнүн көрсөткүчү болуп калат, демек ал анын ыймандуулук курсун тандагандыгынын белгиси болот.

# V ГЛАВА
# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КООМДУК-ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ КАЛЫПТАНГАН ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЭТИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

## 1. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖҮРҮҮ-ТУРУУ ЭТИКАСЫНДАГЫ ЭЛДИК ТАРБИЯНЫН РОЛУ.

Тарыхтан билгенибиздей кыргыз эли көчүп-конуп көчмөнчүлүктө турмуш кечиришкен. Отурукташкандардын турмушу деле ошого жакын болгон, себеби жазында малдарын тоого, жайлоого айдашкан, күзүндө кайра кыштоосуна кайтышкан. Жашоо турмуш татаал болгон, ошол себептүү үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн милдеттери, аткаруучу жумуштары так белгиленген. Кыргыздар үчүн баласынын адептүү, тил алчаак, өзүнөн жашы жагынан улууну урматтоочу инсан болуп жетилүүсүнүн мааниси чоң болгон. Себеби, алар уруу-уруу болуп жашашкан. Бир уруунун баласы болуу, алардын үрп-адат, каада-салттарын кыйшаюсуз аткаруу дегендикке жаткан. Ошондой эле ар бир перзент ар бир ата-эненин гана баласы болбой жалпы уруунун уулу болгон ар бир перзенттин жетишкендиги жалпы уруунун жетишкендиги катары бааланып, уруу мүчөлөрү ага сыймыктанышкан, мактанышкан аны ар жерде айтышып беттерине тутушкан. Ошондуктан да бала тарбиялоо жалпы уруунун сыймыктуу, милдеттүү милдеттеринин бири болуп ага эч ким кайдигер мамиле жасай алган эмес. Уруунун мындай аракеттерин өсүп келе жаткан муун түшүнгөн, сезген. Ага болгон кандаштарынын мамилелерин көңүл бурууларын аңдап турган. Уруу алдындагы парзын ойдон кетирген эмес. Тарбиялоо жараянында баланын кан-жанына биринчи кезекте кайсы уруудан экендиги бул уруудан кандай эли журтуна белгилүү инсандар чыккан, уруунун үрп-адаттары, каада-салттары кандай,

алардын жашоодогу орду андай, жашоо-турмушта, жүрүү-туруууда эмнелерге маани берүү зарыл экендиги жөнүндөгү маселелер боюнча сөз козголуп, андагы инсандардын ролу жөнүндөгү маселелер талкууланып, сунуштар берилип, насыяттар, керээздер айтылып турулган. Уламыштарда болсо, уруунун жашоо-турмушунда болуп өткөн тарыхый окуялар жомоктой көркөмдөлүп айтылып барган. Өз кезегинде булардын баары күжүрмөн, баатыр, эр жүрөк болуп өсүп-өнүгүүсүнө шарт түзгөн. Ошондой эле аларды өз уруунун айланасына корголоого, ынтымакта болууга, уруусу менен сыймыктанууга үйрөткөн. Мындан сырткары ар бир уруунун санжырасы болуп, андагы тарыхый фактылар ар бир инсандын кайсы булактан агып чыккандыгын көрсөткөн. Мындан сырткары ошол элдин тарбиялоо боюнча баалуу элдик тажрыйбалары жөнүндө кеңири сөз болгон. Ушулардын баары өсүп келе жаткан перзенттин ыймандуу, ийкемдүү, баатыр, шамдагай, паам-парасаттуу өсүшүнө шарт түзүп, алардын чыныгы элдин уулу болуп өсүүсүн камсыз кылган. Ар бир бала жашынан эле эр жеткенде өз элин коргоого милдеттүү экендигин аңдаган. Ошол милдетин аткарууга жашынан аракеттенип, шымаланып киришкен. Чапчаңдыкка, шамдагайлыкка көнүгүп, ат жалында ойноону үйрөнүп, ар дайым машыгып өзүнү дяардаган. Ал үчүн элде өткөрүлгөн тойлор, мелдештер, майрамдар, диний жөрөлгөлөр, үрп-адаттар, оюн-зооктор, элдик оюндарга шарт түзүп, ал иш чараларда айырмаланган жигиттерди даңкташкан. Аңыз сөздөр эр жигиттерге дем берип, өз чеберчиликтерин ашырууга жолдонмо болгон. Чеберчиликтеринин өсүүсү башка өсүп келе жаткан муундарга тарбия берип алар да ошондой деңгээлге көтөрүлгөнгө аракет жасашып, мына ошол токтоосуз жараян балдардын ар тараптан, айрыкча дене жагынан өсүүсүн камсыздаган.

Кыргыз эли оозеки чыгармаларга бай болуп, алар ооздон-оозго өтүп, коомдун өнүгүү этабындагы адептүүлүк талаптары менен байып, жаңы мазмундарга ээ болуп, элдин чыныгы сүймөнчүлүгүнөн орун алган. Кандайдыр бир эпикалык чыгармалардан үзүндү билбеген кыргыз баласы болгон эмес десек аша чаппайбыз, себеби ошол элибиздин оозеки чыгармачылыктары өсүп келе жаткан муундун тилин бай, көркөмдүү болуусун камсыздаган, ошол себептүү адамдар бири бири менен сүйлөшкөндө көптөгөн макал-лакаптардан айтып, элдик жомоктордон мисал келтиришип макалдатышып сүйлөгөнгө маш болушкан. Өз кезегинде мындай сүйлөө элди кызытып, уккулуктуу кылып, көркөмдөп, анын ажарын ачып жиберген. Тилибиздин дагы бир курч жагы мыскылдоо, какшыктоо, бир нерсеге теңөө жана башка ушул сыяктуу. Мындай ык-машыгуулар аркылуу баланын аң-сезимине таасир берилген. М: Кээ бир балдардын шорпонун этин жеп, шорпосун ичип, пиязын иргеп салуу жаман адаттары бар. Мындай мезгилдерде аксакалдар, ата-энелер «Ай тамагынды жөн ичпейсиңби, жамандын жарты өнөрү ашык» дегендей, эмне пиязды иргеп койгонсуң. Эмне пияз адамды өлтүрөт бекен? Эгер өлтүрсө биз баарыбыз өлүп калат элек го! Дегендей сөз айтышып баланы уяткарышкан. Натыйжада бала акырындык менен пиязды да жей баштаган. Баягы айтылган ак, туура сөз өз натыйжасын берген. Же болбосо кээ бир мезгилдерде какшыктап калган.

М: Бир киши бирөөнүн үйүнө мейманчылыкка барып калат экен. Мейман жаш болгондуктан үй ээси «дастаркондогу нанды сындыр» дептир. Мейман бала дасторконго коюлган эки нандын баарын сындырып коюптур үй ээси дасторконду карап туруп, «Ай байбиче, колу-коңушуларды мында чакыр, биздин үйгө нан сындыргыч келди, силер да наныңарды сындыртып

алгыла» дегин деген экен. Же болбосо мыскылдоо, мыскылдоонун таасири өтө күчтүү болот.

М: 5-6 киши көпүрө курушуп жатышыптыр. Алардын устасы бүкүрү киши экен. Ал беркилерге караганда «мен устамын дегендей» эч кимге сөз бербей иштеп жатыптыр, көпүрөгө койгон жыгачы да бир жагына бүкүрү экен. Аякка каратып коет экен, быякка каратып коет экен. Баягы бүкүрү жыгач эч тегиз жатпай коюптур. Ошондо уста бүкүрүгө кыжыры келген дагы бирөө мындай деп мыскылдаптыр «өткөндө бир кемпир өлүп ошонун тажыясына бардык эле, кемпир сиздин жыгачыңыздай экен, мүрзөгө коюлу десек эч тегиз жатпайт» ошондо кыжыры келип коюп жаткан киши «ээ бул энеңдин үйү эмес, түз жат» деп белине бир тээп, түздөп мүрзөгө койду дептир. Ошондо гана мыскылдын маанисин түшүнгөн устанын жаагы жап болуп, көп сүйлөбөй көпүрөнү кура баштаптыр.

Айрыкча кыргыздар бирөөгө тийгизе сүйлөгөндү жакшы көрөт. Уккан кишиге кадамкидей эле сүйлөнүп жаткан сөз, чындыгында баарлашып отурган дагы бир кишинин дарегине багытталган болот да ага өтө катуу тиет. Ал киши сөздүн маанисин ичинен сезет, бирөөгө айта албайт. Себеби айтса уят болот. Андайларды «ичинде ит өлүптүр» дешип коюшат. Чындыгында да анын ичинде ит өлөт, бирөөгө ачык ыймандай сырын айталбайт. Айтайын десе жалпы элдин алдында жаман аттуу болуп шермендеси чыгат. Ошол үчүн анын дарты же болбосо сыры айтылбай ичте калат. Бирок ал сыр анын жанын жеп, кан басымын көтөрөт. «Ушул ишти чеки ( туура эмес ) жасаган экенмин» деген ойго алып келет. Көпчүлүк мезгилдерде андай жаман ишти жасабаганга ичинен ант берет.

Жогоруда кыргыз элинин элдик педагогикасынын кээ бир тармактарына гана токтолдук. Тереңирээк үйрөнөмүн деген кишиге бул багыттагы булактар жетиштүү. Белгилегенибиздей кыргыз элинин журүү-

туруу этикасында элдик тарбиянын ээлеген орду баа жеткисиз. Себеби элибиздин жүрүш-туруш этикасынын негизги булагы болуп, элдик тарбия кызмат кылат. Элдик тарбия жүрүш-туруш этикасынын негизи болуу менен бирге аны жаңы мазмунга көтөрүүчү импульс кызматын да аткарат. Элдик тарбия ар тараптан изилденип, текшерилген, таасир берүүчүлүк тажрыйбаларга бай жараян болгондуктан адамзаты пайда болгондон бери өзүнүн негизги функциясын ар кандай коомдук формациялардын алмашуусуна карабастан аткарып келе жатат. Эч кандай жүрүш-туруш этикасы элдик тарбиядан обочолонуп жашай албайт. Алардын аткара турган милдеттери бир, ал да болсо ыймандуу инсанды калыптандыруу.Ошондуктан жүрүш-туруш этикасында элдик тарбиянын мааниси ченемсиз.

## 1. АЗЫРКЫ ЗАМАН ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЭТИКАСЫНА ЖАНА АДЕП-АХЛАКТЫК НОРМАЛАРЫНА СИҢИШИ, ЖАҢЫ САПАТТЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ ЖАРАТУУСУ.

Ар бир элдин тарыхый өнүгүүсү ошол элдин өзүнө жарашыктуу шарттары жана этикалык нормалары менен аныкталат. Ал өзгөчөлүктөр өтө эле ар түрдүү. Ал көптөгөн факторлор менен белгиленет. Ар түрдүү элдердин жүрүү-туруундагы этикалык нормалары да ар түрдүү, бири-бирине окшош эмес.

Мурдагы главаларда этикеттин тарыхына токтолуп «ал көп жылдардын ичинде калыптанды» болгондо да ак сөөктөрдүн турмуш-тиричилигинде пайдаланылып, алардын гана энчисине таандык болгон дедик. Бирок бул жөнөкөй элде этикет же этикалык маданият болгон эмес дегендикке жатпайт. Элдин

социалдык катмарларында өзүнө жараша этикалык талап, норма, тартип сакталган. Анын негизинде эки жактык мамилелердин маданиятынын формалары эл кызматында болгон. Турмуш, жашоо көрсөткөндөй андай формалар элдин бири менен биринин мамиле жасоосунда, баарлашуусунда, алакалашуусундагы өтө зарыл шарттардын бири болуп келген. Ошол алакалашуулардын негизинде өндүрүш, турмуш-тиричилик, коомдук жашоо сферасында мамилелер түзүлүп, баарлашылган, жашоодогу күндөлүк маселелер чечилген. Сөзсүз алакалашуу жараянында жүрүш-туруш этикасынын, адеп-ахлактын негизги нормалары сакталып, инсандын жалпы инсандык маданиятынын адептүүлүк деңгээлинин көрсөткүчү болуп келет.

Элдик тарбияга негизделген жүрүш-туруштун, адеп-ахлактын этикасы кылымдар жана замандын өзгөрүүсү менен өзүнүн баалуулуктарынын кээ бир принциптеринен турмуштун кысымынын натыйжасында коштошууга туура келген учурлар да көп. Себеби кечээги күнкү жүрүү-туруу, адеп-ахлактагы өтө баалуу принцип бүгүн өз маанисин, беделин түшүрүп коет. Же болбосо ага болгон инсандын талабы бошоңдоп жылоо бошотулат. Себеби турмуш чындыгы инсанды ушундай бир кырдаалга алып келет, аны чечүүгө кудурети жетпейт. Инсандын ал чындыкка көрсөткөн каршылыгынын бошоңдошу аппонентинин активдешине алып келет. Бардык дүйнөлүк цивилизация ушуга негизделген. Дүйнөдөгү болуп жаткан илимий-техникалык өнүгүүнүн негизи да ушунда турат. Ансыз өзгөрүү, өсүп-өнүгүү темпи өтө жетишсиз болот. Коомдун алга жылуусу кандайдыр бир глобалдуу революцияны талап кылып калат. Кыймылдаткыч күчкө муктаж болот. Анын кыймылдаткыч күчү болуп, коомдун жашоосуна дүңгүрөп кирип келген жаңылык процесс эсептелет.

Ошентип, ошол жаңылык элдин жашоо-турмушунун түп-тамырынан баштап өзгөртүрөт, көз караштарын, дүйнө туюмдарын жаңы нукка бурат. Кечээ биз адепсиздик деген нерселер бүгүн турмуштук көндүмүнө айланат. Көптөгөн адеп-ахлактык нормалар, этикалык талаптар өз баалуулуктарын жоготуп, кээ бир учурларда элдин эсинен көтөрүлүп кеткенге чейин барат. Бүгүнкү күнү андай мисалдарды көптөп келтирсек болот. Бул жараян убакты-убактысы менен мийзам ченемдүүлүк катары ишке ашат, кайталанат. Дүйнөлүк цивилизациянын бул процессти ылдамдатууга же токтотуп коюуга толугу менен мүмкүнчүлүгү чактуу. Кандайдыр бир деңгээлде цивилизациянын таасири болот, бирок, бардык эле жерде эмес. Булар бир жагынан болсо, экинчи жагынан региондордун экономикалык, социалдык маданий өнүгүүсүнө да байланыштуу.

Кыргыз элинин этикалык маданияты улуттук жана ислам дининин талаптарына көптөгөн кылымдар бою негизделип, көрсөтмөлөрү мийзам катары так аткарылып келген болсо, адеп-ахлактык принциптер элдин каада-салт, үрп-адаттарынан, ислам шариатынан күч-кубат алып, элдин жүрүш-турушун көзөмөлдөп, багытын аныктап, жакшы жактарын жайылтып, жаман жактарын көрсөтүп, жалпы журтту ыймандуулук принциптери менен жашоого үйрөткөн. Ошондой курал менен куралданган эл өздөрүнүн перзенттерин кылымдар бою сакталып келе жаткан тарбиялоо тажрыйбаларын негизинде балдарын тарбиялашты. Айрыкча XX-XXI кылымдагы илимий техникалык прогресс коомдун аң-сезимин болуп көрбөгөндөй деңгээлге көтөрдү. Анын натыйжасында элдердин көз караштары кеңирип, мамилелерге, чөйрөгө болгон мамилесинде жаңыча ой жүгүртүү, чындыкты сезе билүүдөй сапаттары өсүп, ага болгон талаптары татаалдашты.

Кыргыз эли байыртадан этикалык-амалияттык чыгармаларга бай болуп, аны өсүп келе жаткан жаш муунду тарбиялоого өтө этияттык жана чеберчилик менен пайдалана алышкан. Акындардын санат, насыят, үлгү ырлары өз заманынын адеп-ахлактык принциптерин өз ичине камтып, ошол мезгилдин маданияты, жашоо идеялары, тарыхы, дини менен байланышта каралып, жакшы деген эмне, жаман деген эмне маселелерин жаратылышын козгоп, жашоодогу максат, жүрүү-туруудагы, турмуш-тиричиликтеги баалуулуктарды аңдай билүүгө инсанды багыттаган. Ошондуктан акындар менен элдин жолугушуусу чоң майрамга айланган. Себеби ушундай руханий азыкка эл ар дайым муктаж болуп жашаган. Акындардын казалдарын, насыят ырларын уккандан кийин ар бир адам акыл таразасына салып, ой-жүгүртүп, чын-төгүнүн баалап, андан кийин өзүнүн адептик-этикалык руханий сандыгына эстен кеткисиз кылып каткан. Ар бир инсан чындыкка жакшы жана жаман деген позиция менен жандашат, баалайт, маани берет. Демек жакшы менен жаман таразанын эки жагы. Анын тең таразалуу абалга келгенин коомдун жамандыкка жеткилең баа бере албай калгандыгы катары бааласа болот. Мындай абалда адептүүлүк сапаттары өз позициясын алдырып, жамандыктын айланасында келишпес оппозияция түзө албай, ага каршы коомдук пикирди жаратууга жарамсыз абалга келип калгандыгын белгиси катары түшүнсө болот. Бул абал өтө опурталдуу.

Кыргыз элинин кылымдар бою сакталып келе жаткан улуттук маданияты элдик тарбиясы, андай абалга жол берген эмес. Бирок дүйнөлүк цивилизациянын таасирин тийгизген. Себеби кыргыз коомчулугунун дүйнөлүк интеграцияга кириши, карым-катнашта болуусу, илимий-техникалык, маданий кабарлардын, коомчулуктун жүрүм-турумуна тийгизген таасиринин негизинде турмушубузга, инсандын жүрүү-

туруусуна өзүнүн изин калтырууда. Эми мына ушундай абалда кайсы жолду тандап алуубуз керек? Тамакты аш айры (вилка) менен гана жешибиз керекпи же кол менен жесек да болобу ? Сөзсүз стулга олтуруп, столдон тамак жешибиз керекпи же жерде эле олтуруп, дасторкон жайын жесек да болобу? Мына ушуга окшогон толуп жаткан суроолор. Бүгүнкү күндө инсандарыбыздын адептүүлүк-этикалык нормаларында да бир топ негативдик тенденциялардын болуп жаткандыгына күбө болуп жүрөбүз. Айрыкча мындай тенденция маданий кызматкерлерибиздин арасында арышын кенен таштап бара жатат. М: Кыргыз элинде «уят» деген түшүнүк бар. Уят, инсанды ар түрдүү коомго жат көрүнүштөрдөн сактайт. Инсанга уят ишти жасабоосун эскертет. Ага карабастан кээ бир эстрада ырчылары Европаны туурап, киндигине чейин ачып алып, ырдаганды жактырышат. Бул көрүнүш кыргыз элинин менталитетине жарашабы ? Жарашпаса керек. Мындайча айтканда уят иш же болбосо коомдук жерлерде мас абалында уктап калган аял затыны жолуктуруп жүрөбүз. Туурабы? Туура эмес. Мухаммед пайгамбар өз хадистеринде айткандай «Жаннат эненин таманынын астында» эмеспи?

Биринчи мисалдагы бийчи, ырчы кыздарыбыз өздөрүнүн абийирин төгүшүүдө, кадимден бир кыздын киндигин көрүү үчүн кудалашкандар короо-короо кой айдап, үйүр-үйүр жылкы айдап, бодо-бодо мал айдап, куржун-куржун алтын, күмүш берип, куда түшүп келинди үйгө алып келишкен. Азыркы киндик көрмөй 200-1000 сом эле. Эмне кыргыздын кыздарынын наркы ушундай эле арзандап кеттиби?

Экинчи мисалда мас эне, эмне энелигин, урмат-сыйын ээси экендигин, үйдүн куту, коломтосу, маликеси экендигин эстен чыгардыбы? Же ага татыктуу болбой калдыбы? Же бул көрүнүш коомдун жүрүм-турумунун

чиришинин башталышыбы? Айтоор буга жооп табуу кыйын.

Кантип эле мисалдагы өмүрлөрүн өрнөктүү жашап өтсө болбосун. Болот. Бир гана инсандык милдетин аңдай алса жетиштүү. Ал үчүн адептүүлүгүн, инсан экендигин аңдап алуусу керек. Илими-билими бар инсандар сөзсүз адамдык наркка баа берет. Анын каалоосу менен гана жашоону уюштурат. Уят, намыс, сыймык түшүнүктөрүн туу тутат. Мына ушул касиеттер элибиздин ажарын ачып, өзгөчөлөнтүп турган. Мындан булл жакка да эл аралык аренада өз ордун таап, дүйнөлүк коомчулук менен кызматташууда өз баасын аларына ишеним чоң.

## 2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КӨП УЛУТТУУ ЖАНА КӨП ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТ.

Биз өлкөбүздө көп тилдүү, көп улуттуу мамлекетти түптөөгө аракеттенип, жаңы заманды курууга, анын дүйнөлүк аренада өз ордун таап, даңкын, күч-кубатын көрсөтүүгө далалаттануудабыз. Ар бирибиз үчүн элибиздин этикетинин гумандуулук негизи бирдиктүү. Себеби Республикабызда жашашкан улуттардын баарын максаты бир, ал да болсо эркин Кыргызстанды түптөп анын экономикасын көтөрүп, социалдык маселелерин чечип, маданий денгээлин калыптандырып, эгемендүү мамлекетибиздин алкагында жеткилең, жакшы жашоо. Бул багытта жүргүзүлүп жаткан тышкы жана ички саясаттын негизгилеринин бири, көп улуттуу Кыргызстан элинин биримдигине жетишүү, элдердин достугун камсыздоо, өлкөбүздүн стабилдүүлүгүн сактоо.

Алдыбыздагы өтө масштабы кең иш-чаралардын ичинен жалпы элибиздин жүрүү-туруундагы этикалык нормаларын аныктоо аны адептүүлүк нормаларына айлантып, ар бир улуттук этикалык топтун маданият

негиздерин жакындаштырып, аны жалпы республиканын элинин энчисине айландыруу милдеттери турат. Бул багытта Республикабыздын бир тууган элдеринин чогултуп келе жаткан этикалык көөнөрбөс байлыгынан пайдаланып, алардын ичинен айрыкча баалууларын алып элибиздин жүрүү-туруу нормаларына айландыруу убакыттын милдети. Жүрүш-туруштун андай нормалары жок жеринен пайда болуп калбайт. Ал үчүн илимий-изилдөө иштери жүрүүсү керек. Ал нормаларды салыштыруу, макулдаштыруу анын таасирдүүлүгү убакытты талап кылат.

Жүрүү-туруунун жаркылдаган чокусуна ошондо гана жетебиз, качан гана элдерибиздин адеп-ахлактык нормасы замандын талабына жооп берип, мамлекеттик, коомдук кызыкчылык жалпы элдин кызыкчылыгына айланганда, мындайча айтканда «ар ким өз очогуна күл тартпай » калган мезгилде ишке ашат. Анын айкын жолу улуттук маданиятты көтөрүү. Бир гана жүрүү-туруу маданияты эмес, жалпы маданият жогорулаганда турмушка ашат. Ага жетүүнүн жалгыз жолу элибиздин мамлекеттик тилдин айланасына тыгыздашуусу ошону өркүндөтүп, дүйнөлүк цивилизацияга аралашуусу. Ошону менен катар башка чет элдердин да тилдерин үйрөнүү менен биринчи булактардан информациялар (кабар) алып, мамлекетибиздин гүлдөп өсүүсүнө жумшоосу.

Мезгилдин келүүсү менен башка улуттардын улуттук маданиятын сактоо менен зордуктабай этап-этап менен мамлекеттик тилге өтүп, аны мамлекеттин ичинде көп улуттуу элдин байланышын уюштуруучу тилге айлантуу мезгилдин талабы. Орус тили урмат сыйга ээ болгон тилге айланып калса дурус болот, себеби ал көп жылдардан бери каны-жаныбызга сиңип калган, ал бизге агартуу, илими, билим алып келген. Ушуну унутпасак. «Жакшылыкты унуткан сокур болот» деген накыл сөз бекеринен айтылбаган.

Жаңы мамлекетибиздин төптөлүүсү, канчалык даражада, өлкө ичинде жашашкан көп тилдүү элдердин үрп-адат, каада-салттарын өнүктүрүү, улуттук өзгөчөлүктөрү менен эсептешүүнү талап кылат. Бул багыттагы мамлекет ичиндеги жүргүзүлүп жаткан иш чаралар бүгүнкү күндүн саясий талабына толугу менен жооп берет десек аша чаап кеткендей болбосок керек. Себеби элибиздин ынтымак-ырашкерлигинин бекем, кебелбес болуусуна ар тараптан кам көрүлүүдө. Элдердин достугу маселелери күн тартибиндеги маанилүү маселелердин катарына коюлуп келүүдө, республиканын көп тилдүү элдеринин укуктары мамлекеттик мыйзамдар аркылуу корголуп, жөндөлүп турат. Ушулардын баары мамлекетибиздин келечегинин жарык экендигинен кабар берет.

# VI ГЛАВА

# ПЕДАГОГДУН КЕСИПТИК ЭТИКАСЫ.

## 1. ПЕДАГОГ - ИНСАН КАТАРЫ.

Педагог биринчи кезекте ал инсан. Жалпы эле инсандардай кемчилдиктерге да, артыкчылыктарга да ээ. Инсан катары заттык кубулуштарга дуушар болуп турат. Адам баласы катары биологиялык зат болуу менен ал аң-сезимдүү азыркы заман коомунун мүчөсү. Азыркы заман коомунун мүчөсү болуп туруп, ал коомдон обочолонуп жашай албайт. Ушул коомдо анын мүмкүнчүлүгүнө жараша аткара турган максаттары жана милдеттери бар. Инсан атайын билим алуу менен өз алдына конкреттүү максаттарды коет. Ошол максаттарды турмушка ашыруу үчүн далаалаттанып, тандап алган кесиби же адистиги боюнча эмгектик ишмердүүлүк менен алектенет. Ишмердүүлүк жараяны ар кандай инсандан илим-билимди, чеберчиликти, адистиги боюнча терең билимдерди, инсандык адептүүлүктү, аткаруучулук жөндөмдүүлүктү, жаңылануууга маштыкты, курч сезимди, майтарылгыс эркти, деңгээлине жараша аң-сезимди талап кылат.

Инсан – коомдук – тарыхый категория. Ал коомдо белгилүү бир коомдук функцияны же болбосо ролду аткарат. Аткарылуучу рол анын коомдогу социалдык маселенин өзүнө тийиштүү функциясын аткарып жаткандыгы болуп эсептелет. Инсан, ага тапшырылган социалдык милдеттерин аткаруу жараянында кебелбеген инсандык позициясына ээ болуусу зарыл. Анын ээлеген позициясы, анын чөйрө жана коом менен мамилелеринин системасы болуп эсептелет. Аны туура уюштуруу инсандын адептүүлүк деңгээлин, социалдык

маанилүүлүгүн көрсөтөт. Ар кандай инсан өзүнө жарашыктуу өзгөчөлүктөргө ээ. Бирок ага карабастан аң-сезимдүүлүк менен коомдун тарыхый мезгилдер ичиндеги жараткан маданиятын аңдап алууга аң-сезимдүү инсан милдеттүү. Айрыкча, бул сапат педагогко эң зарыл, себеби ал тирүү жандар менен иштейт, алардын аң-сезимдерин баскыч-баскыч менен калыптандырып барат. Мына ушундай өтө жоопкерчиликтүү миссияны аткарууда педагогдон чалыкпаган кесиптик чеберчилик, окуучусун өзүнүн баласындай сүйүү, өз ишине берилүү менен мамиле жасоо, дайыма чыгармачылык изденүүдө болуп, ишмердүүлүгүндө жаңы технологияларды кабылдап, новатордук сунуштар менен алектенүү, инсандык сапаттарына салмак кошот. Ишмердүүлүктөгү ээлеген ордунун маанисин жогорулатат.

Педагог инсан болуу менен окутуу жараянында өзүнүн окуучулары сүйгөн образына ээ болуусунун мааниси чоң. Ошол таасирдүү образ аркылуу иш аракеттерин интерактивдүү деңгээлине көтөрүүгө шарт түзүлөт. Өз кезегинде ал эки жактык мамилелердин жогорку активдүүлүгүн камсыз кылат. Педагогдун инсан катары алдында аткара турган эсепсиз маанилүү иштери бар. Алар:

1.Инсанды ар тараптан өнүгүүгө тарбиялоо, окутуу, өнүктүрүү, калыптандыруу,

2.Илим-билим булактарына тарбиялануучуларын каныктыруу,

3.Тарбиялануучуларынын эстетикалык жана этикалык маданиятын көтөрүү,

4.Тарбиялануучуларын коомдун активдүү жашоочусуна айландыруу,

5.Эли-жерин, Ата мекенин берилип сүйгөн күжүрмөн атуулдукка тарбиялоо,

6.Өз укуктарын жана милдеттерин билген атуулдарды тарбиялоо,

7. Өз жыргалчылыгы үчүн жогорку активдүүлүк менен аракеттенген инсандарды тарбиялоо,

8. Тарбиялануучуларын ата-энелеринин карамагынан чыгып, өз алдынча жашоого үйрөтүү,

9. Салабаттуулук, сабырдуулук, чыдамкайлык, токтоолук, жөнөкөйлүк сапаттарын өнүктүрүп, жакшы адаттарга үйрөтүү. Жогорудагыдай чоң милдеттерди аткаруу педагогдон психикалык абалын жөндөөнү жана боло турган психикалык жараяндарга ар тараптан өзүн даярдоону талап кылат. Инсандын психикалык абалы ишмердүүлүк жараяны менен тыгыз байланышта болот. Педагог өзүн канчалык аткарылуучу мөөнөттүү ишмердүүлүктүн чындыгына ар тараптан даярдай алса ошончолук ал жараян таасирдүү жана натыйжалуу өтөт. Ал педагогдон инсан катары эмнелерди талап кылат?

1.Интеллектуалдык дарамети;

2.Инсандын кандайдыр бир ишенимге берилүүсүн, талаптагы максаттарды сезе билүүсү;

3.Руханий дүйнөсүнүн байлыгын жана мазмундуулугун;

4.Ыйман жана адептүүлүк баалуулуктарын байытууну;

5.Жашоо кунарына берилүү жана башкаларды да ошол багытка карай багыттоону, бул иште жигердүүлүк көрсөтүүнү;

6.Ой жүгүртүүнү жана ички дүйнөңдүн түгөлдүүлүгүнө жетишүүнү;

7.Башкаларда болбогон, бир өзүңө гана жарашыктуу деңгээлге жетүүгө аракет жасоону;

8.Дайыма өзүнүн үстүнөн өзүнүн иштөөсүн, ишмердүүлүгүнө чыгармачылык менен мамиле жасоосун калыптандыруу.

Педагог инсан катары жаратылыштын продуктусу экендигин, аны да жаратылыш тарбиялагандыгын, эми педагогдук кесипке ээ болуу

менен өзүндө бар жакшы баалуулуктарга, сапаттарга жана адаттарга өзүнөн кийинки муунду үйрөтүүсү керек экендигин бүтүндөй жан дили менен сезүүсү зарыл. Өзүнүн ишмердүүлүгүн ишке ашырууда оптимисттик ырайда болуу менен тарбиялануучуларынын да кыялдануу менен жашоосуна ынандырып, келечекке чоң үмүттөр менен жашоого үйрөтүүсү зарыл. Окутуу, тарбиялоо, билим берүү жараянында окуучуларын үйрөнүлүп жаткан окуу материалдарынын ичинен негизги жана кошумча маани мазмундарды бөлүп алганга үйрөтүп, аны андан ары өнүктүрө алганга ой жүгүрткөнгө багыттап, чындыкка чыгармачылык менен мамиле жасаганга үйрөтүү, ар кандай кубулуштун мазмунун логикалык ой жүгүртүү аркылуу анын жаратылышын түшүнүп алганга үйрөтүү, педагогдун алдындагы маанилүү милдеттердин бири.

Инсан педагог болуу менен коом алдында өтө чоң милдетти өз жоопкерчилигине алат. Себеби анын колунда адам затынын тагдыры, келечеги, болочогу. Эгерде педагог мына ушул чындыкты аңдап жетсе анда ал өзүнүн атуулдук парзын же озуйпасын аткарып, коомдун мындан аркы өсүп-өнүгүүсүнө өзүнүн баалуу салымын кошуп, инсандык да, адистик да, атуулдук да милдеттерин аткарган болот.

## 2. ПЕДАГОГДУН ИШМЕРДҮҮЛҮК САПАТТАРЫ.

Азыркы заман педагогунан, өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашыруу жараянында өтө көп ар тараптан өнүккөн инсанга коюлуучу талаптар коюлуп, ошол талаптардын кыйшаюусуз аткарылышы талап кылынат. Ал үчүн ар кандай өз өмүрүн тарбиялоого, окутууга арнаган педагог өз ишин жетишерлик терең билүү менен гана чектелбестен, ал, иш билги, иш

чараларды уюштура алуу менен аткара алган эптүү инсан болуусу зарыл. Анын аң-сезими ишке ашуучу педагогикалык милдеттерди аткарууга даяр, максаттары анык жана так билген адис болуусу керек. Мындан тышкары анын инсандык сапаттары өнүккөн, болгондо да ушул күнгө чейин адам баласы өзүнүн жүрүш-турушунда колдонуп пайдаланып келе жаткан, жашоонун ар түрдүү мезгилдеринде ар тараптан текшерилип, турмуштук тажрыйбанын элегинен өтүп, өзүнүн жакшы натыйжаларын камсыз кыла алган асыл сапаттарын өздөштүрүп, аны чеберчилик менен адистик ишмердүүлүгүндө натыйжалуу пайдалана биле алган, адис катары окуучуларды башкаруу жараянында кеңири колдонуусу чечүүчү мааниге ээ. Себеби педагог ар дайым ар кандай кырдаалда шарттарда, окуучулары, ата-энелер, айлана чөйрөсүндөгү инсандар менен ар кандай деңгээлдеги эки жактык мамилелерде болушат.Ушул күтүлгөн, күтүлбөгөн, пландаштырылган же стихиялык түрдө болгон мамилелер, баарлашуулар педагогдон ар тараптуу илим-билимди ык-машыгууларды, жогорку маданиятты, токтоолукту жана ыймандуулук касиеттерди талап кылат. Андай касиеттерди эмне камсыздоосу мүмкүн? Албетте педагогикалык сезим, чеберчилик, такт. Жогорудагы касиеттер айрыкча кайсы мезгилде пайда болот? Инсандар аралык байланыштарда жана мамилелерде пайда болот. Бүгүнкү педагог жетекчи, башкаруучу, жакын дос, уюштуруучу, тарбиячы, кабар таратуучу, жардамчы, билим берүүчү, агартуучу,үлгү көрсөтүүчү, инсандын кайталангыс эталону, жашоонун жол көрсөткүчү. Жогорудагыдай сапаттарды бир адамдын жан дүйнөсүнө сиңирип алуусу, ошол шарттуу адам баласынын же педагогдун баарынын эле колунан келе бербейт же шыгы, жөндөмү жетпейт. Ишмердүүлүк жараянында андай кесиптик этикага ээ болуу үчүн көп

жылдык талыкпаган эмгек, болгондо да чыгармачыл эмгек, кесиптик изденүү, педагогиканын булактарын өздөштүрүү керек болот. Ал үчүн тарых, социалогия, социалдык психология, педагогика илимдеринин негиздери менен назарияттык жана амалияттык жактан тааныш болуп, кесиптик этиканын норма жана принциптерине таянуу менен тарбиялануучуларыңдын адептик-психологиялык ырайына позитивдик таасир берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Өз ишмердүүлүгүнүн зарылчылыгын сезген педагог сөзсүз кесиптик этиканын талаптарын баскыч-баскычы менен өздөштүрүүгө далалаттанат. Себеби ансыз өз кесибинин туу чокусуна жете албастыгын билет, ансыз кесибинин устаты деңгээлине көтөрүлүү мүмкүн эместигин аңдайт. Бул абал ар кандай педагогду айрыкча өз кесибин өтө сүйгөн, педагогикалык ишмердүүлүгүнө берилип ар кандай шартта ага кызмат кылууну жактырып, ага белсенип киришкен инсандардын гана колдорунан келет. Андай адис болуу үчүн сөзсүз атайын билимге ээ болуу зарыл, ошондо гана андай максаттар ишке ашат. Жогорку кесиптик этикага ээ инсан, сый-урматка ээ болуп, аброюн ашырат, кесиби боюнча таанымал инсанга айланат. Эң негизгиси педагогдун педагогикалык ишмердүүлүгүндө окуучулары менен тил табышып, алар менен камыр-жумур абалда өзүнүн артынан ээрчитип кете алабы деген, ошондой эле башкаруучулукка жарайбы дегендей ойлор толкундантат. Себеби окутуу жараянын уюштурууда башкаруу искусствосунун ролуна маани берүүнү талап кылат. Улуу орус режиссеру, актер К.С. Станиславский айткандай «Ал жетекчи чыдамкай, оор басырыктуу, катуу жана кечиримдүү болуп, жогорку кесиптик маданий деңгээли жогору инсан болуусу керек» деген эле. Жетекчи болгондон кийин бир гана талап коюу менен гана чектелбестен окуучуларына камкордук

көрүп, аларды аталык, энелик камкордугуңа ал деген маанини берип жатат. Чыныгы педагог ушундай кадамды тандап алат. Тажрыйбалуу педагог ар бир окуучусуна жекече мамиле жасап, жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн аңдап, ошого жараша мамилелерин уюштурат. Тымызын ар бир окуучунун өздүк делолору менен таанышат. Кызыктуу маалыматтар болсо атайын түзүлгөн эстемеге чогултат. Үй-бүлө абалдары менен таанышып, жашоо шарттарына назар салат. Окуучуларынын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша тапшырмаларды берүүнү колго алат. Эч кандай шартта өзүнүн көнүмүш болуп калган оройлугун окуучуларына көрсөтпөйт. Алардын ар биринин бул жашоодо эмнеге кызыгаарын тактаганга аракет жасайт. Окуучуларынын жамааттташып жашоосун уюштурууга кам көрөт. Жогорку адептүүлүк-этикалык асыл сапаттарын өнүктүрүүгө пландуу түрдө аракеттенет. Окуучулар жамаатын адептүүлүк-психологиялык ырайды түзгөнгө багыттайт. Жамаат ичинде чыгармачылык-изденүү атмосферасын уюштурат. Окуучулардын күндөлүк жашоосунун мазмунун байытып, демилгелүүлүк менен окуу, таанып билүү жараянын активдештирет. Жогорудагы иштердин баарын окуучулар жамаатына таянган абалда алып барат. Демократиялуулукту өнүктүрөт, өзүм билемдикке жол бербейт. Жамаат ичиндеги маанилүү маселелерди алар менен маакулдашуу аркылуу чечкенди үрп-адатка айландырат. Педагогдун дагы бир жакшы сапаттарынын бири илимдүүлүгү,билимдүүлүгү, кесиптик ишмердүүлүгүнө жарамдуулугу. Бул эң негизги сапат. Мына ушунусуна карап окуучулары агайларына же эжекейлерине баа берет, мамиле жасашат, сыймыктанышат, мактанышат. Окуучуларынын ишенимдерин актабаган педагог тез эле кадыр-баркын түшүрүп алат. Белгилүү болгондой

абройго ээ болуу бир же эки жылда пайда болуп калбайт. Ага көп жылдар керек. Өмүр бою мектепте иштеп окуучуларынын ишенимин ала албаган педагогдор азбы? Бул ар кандай педагогду терең ойлондура турган маселе.

Педагогдун асыл сапаттарынын бири өзүнүн интеллигенттүүлүгү, эрудициясы, интеллектуалдык деңгээлдери менен окуучуларын таң калтыруусу, айткан сөзү менен аткарган ишинин дал келиши. Өзүнүн үлгүсү менен окуучуларын тарбиялоо, аларга жалаң гана өзүндө бар жакшы педагогдук жана адамдык сапаттарын көрсөтүүсү. Белгилүү болгондой ар кандай инсанда толгон-токой жетишпестиктер болоору маалым. Бирок биз белгилеген шартта андай жетишпестиктерге орун болбойт. Себеби педагогдо андай жетишпестиктер болуусу мүмкүн эмес, себеби ал коомубуздун күзгүсү.

## 3. ПЕДАГОГДУН ЖҮРҮШ-ТУРУШ МАДАНИЯТЫ.

Педагогдун жүрүү-туруусу дайыма коомчулуктун назарында болуп, ар бир аракетин байкап турушат. Кыргыз Республикасы агрардык мамлекет. мектептердин көпчүлүгү айыл жерлерине жайланышкан. Айылдардагы интеллигенттердин негизгилери мектептердин мугалимдери. Ошондуктан элдин көзүнүн баары ошолорго багытталган. Мындай шартта мектеп мугалимдеринин жүрүү-туруусундагы кыпындай адептүүлүктүн нормасынын бузулушу, айрыкча айыл ичинде болуп көрбөгөндөй резонансты жаратат. Ушак сөздөрдү таратат. Андай абал мугалимдин наамына так түшүрүп, окуучуларынын намыстануусуна алып келүүсү мүмкүн. Кыргыз эли «Эл оозуна элек тосуп болбойт» дешип коюшат. Адилеттүүлүк мененби же болбосо адилетсиздик

мененби жайылган сөз коомдук пикирди жаратып, конкреттүү мугалимдин айланасында ишенбестик, кыжырдануу, урматтабагандык абалдарын пайда кылып койгон учурлар жолугуп болуп турат. Мына ушундай абалдарга түшүп калбаш үчүн ар бир өзүн жетишерлик деңгээлде урматтаган педагог «баскан кадамын эсептеп» басуусу зарыл. Ошондуктан педагогдордун алдында өтө жоопкерчиликтүү миссия турат, ал да болсо бардык жагынан үлгү болуу, үлгүлүүлүк ушундай даражага жетүүсү керек. Ата-энелер «ошол мугалимдей» же «ошол эжекедей» болгун деп балдарынан талап кылышып калышсын. Демек педагогдун жүрүү-туруусу кандай болуусу керек? Педагогдун өзүн алып жүрүүсү күндөлүк тумушунун, ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп эсептелет. Адам баласынын коомдук өнүгүүсү өзүнүн жаңы талаптарын инсандын жүрүү-туруунa, адебине ар дайым коюп келген. Бул жараян жашоонун бардык сфераларында бар. Биз караган маселеде, жүрүү-туруунда, адептүүлүгүндө жатат. Педагог, анын наамы, коомдогу ээлеген орду өтө бараандуу болуп, анын алдына көптөгөн адептүүлүк талаптары коюлат. Себеби ал өсүп келе жаткан жаш муунду ар тараптан калыптандырат. Ал кайсы жерде болбосун, кандай шартта болбосун адептүүлүктүн, жүрүш-туруштун этикалык жана эстетикалык маданиятын сактоого милдеттүү. Бул маселеде кетирген аз да болсо каталык окуучуларында ишенбөөчүлүк сезимдерин ойготуп, аброюнун төмөндөөсүнө алып келет. Педагог мектепке жөнөөр мезгилинде же көчөгө чыгаар алдынан өзүнүн сырткы көрүнүшүнө назар салып, жарашпаган жактары болсо аны өз учурунда четтетүүгө кам көрүүсү зарыл. Айрыкча ал кийинген мезгилде, жыл мезгилин, аба-ырайын жаштык өзгөчөлүктөрүн эске алса талапка ылайык болот. Кийингенде да заманбап мода, стилдерди тандаган максатка ылайыктуу. Айрыкча

кийимдин тазалыгына, сулуулугуна жана жарашыктуулугуна маани берген жакшы. Жолдо басуу кыймылын да көзөмөлдөп коюу керек. Өзүн тыкан түз алып жүргөн жарашыктуу болот. Албетте кадамдап басуунун да курак жаштык өзгөчөлүктөрү бар. Көчөдөгүлөр окуучулар менен саламдашууда өзгөчө адатты кармоо менен ийкемдүүлүктү сактап саламдашканы жакшы. Амалиятта белгилүү болгондой айыл жеринде бардык эл бирин-бири таанышат, баары бири-бирине салам айтышат. Кээ бирде кээ бир педагогдор саламдашуудан тажап, саламды алик албай койгон учурлар да кездешет. Андай адаттардан алыс болгон жакшы. Саламдашууга айрыкча маани берүү зарыл. Ыймандуулуктун башаты саламдашууда турат. Педагогдун сабакка кечигип келүүсү өтө сейрек кездешүүчү феномен болуп калуусу керек, себеби бул да анын жүрүү-туруу этикасына кирет. Тактык тартиптүүлүктү бекемдейт, абройду көтөрөт. Айрыкча педагогдорго коомдук жерлерде, жоро-жолдоштору менен спирттик ичимдиктерди ичип турушу уят иш. Окуткан окуучуларыңды «Тамеки тартпагыла» деп катуу талапты коюп, өзүң болсо көчө бойлой тамеки тартып бара жатсаң ал да уят иш.

Кыргыз элинин «Эжени көрүп сиңди өсөт» деген макалы бар, аны жетекчиликке алсак, көпчүлүк учурларда окуучуларыбыз өзүбүзгө окшошуп калышат.

## 4.ПЕДАГОГДУН КИЙИНҮҮ МАДАНИЯТЫ.

Кишинин маданияттуулугу жана адептүүлүгү анын сырткы көрүнүшүнөн да байкалат. Анын кийинген кийиминин мүнөзү жана кийинүү манерасы муну тастыктап турат. Кийинүү маданиятында биринчи орунда кийимдин тазалыгы андан кийин анын инсандын дене боюна жарашыктуулугу турат. Педагог кийинүүдө айрыкча курак жашына, сырткы

түзүлүшүнө, сымбатына, бою-башына, жекече өзгөчөлүктөрүнө карап, ошондой эле дене боюнда кандайдыр бир жаратылыш же жашоо тиричилик тартуулаган жетишпестиктердин бар экендигине маани берсе жакшы болот. Кийимдин түрлөрүнө да маани бергени оң. Мында айрыкча кайда бара жаткандыгынын мааниси чоң.

М: мейманчылыкабы, бий кечесинеби, талаа жумуштарынабы же болбосо педагогикалык ишмердүүлүгүн аткарганыбы ж.б.у.с. Айрыкча педагогикалык ишмердүүлүгүнө кийилүүчү кийимине болгон мамиле өтө олуттуу болуусу зарыл. Педагогикалык ишмердүүлүгүнө кийилүүчү кийим өз алдынча сакталып, ар дайым таза, дазмалданган (утюгтөлгөн) абалда, ал эми бут кийими тазаланып, майланып, иреттелинип коюлуусу керек. Эч качан кийимдер чаташтырылып кетишине жол бербеген жакшы. Мектепке кийилүүчү кийимди талаа жумуштарына же болбосо спорттук оюндарга кийип жибермей адаттарыбыз бар. Кийим чаташтырыштын өзү кийинүүнүн маданиятын билбегендиктин белгиси болот. Кийинүү учурунда модадан артта калбаганы жакшы, бирок мода менен кийинемин деп аша чаап кетүү да жарабаган жорук. Себеби окуучулардын көзү дайыма педагогдо болот. Күн сайын алар мугалим класстын эшигин аттагандан баштап мугалимдеринин бут кийиминин учунан баштап, чачынын учуна чейин карамай адаттары бар. Аларга терс таасирлерибизди тийгизип койбошубуз керек. Кийинүүнүн маданияты ар дайым педагогдон өтө тыкан, олуттуу болууну талап кылат. Кийимди тандап кийинүүнүн да маданияты бар. Айрыкча бул сөз эжекейлерге тийиштүү. Кээ бир эжекейлерибиз мектепке жумушка келгенде декоративдик искусствонун предметтерин талаптан ашыгыраак санда тагынышып жиберишкен учурларды байкап жүрөбүз. Тагынышса тагынышсын бирок

бардык нерсенин чеги менен болгону жакшы. Ар түрдүү тагынчактардын тагылышы мугалимге ашыкча кадыр-барк алып келбейт. Анын тескерисинче болуп калуусу мүмкүн.

Күндөлүк турмушта кандай кийинсе, кандай жүрсө инсандын өзүнүн укугу, бирок мектептин жазылган жазылбаган өзүнүн мыйзамы же талабы бар, ошону сактаган дурус болот. Себеби педагогдор-тарбиячылардын, алардын жасаган ар бир кадамынын тарбиялык мааниси чоң. Кээ бир педагогдор кымбат баалуу кийим кийсе эле сулуу болуп көрүнөмүн деп ойлошот. Бардык эле кымбат баалуу кийимдер инсанды сулуу кылып көрсөтө бербейт. Аны жарашыктуу жагымдуу кылып кийүү адамдын эстетикалык даамынын өнүккөндүгүнө байланыштуу болот. Мындайча айтканда кийилген кийим адам менен бир гармонияда айкалышып туруусу зарыл. Кийим тандоодо мына ушул өзгөчөлүктөргө маани берсе талаптагыдай болот.

Мода коомдун өнүгүү жараянында экономикалык базасынын негизинде тез-тез өзгөрүлүп турат. Бул өз кезегинде модадан артта калбаган педагогдорго кээ бир көйгөйлөрдү жаратат. Түздөн-түз анын үй-бүлөлүк бюджетине өз таасирин тийгизет. Биздин өлкөдө педагогдун айлык акысы эч качан моданын өсүү темпин кууп жеткен эмес. Ошондуктан педагогдун орток моданы тандап алганы туура болот. Кандай кийимдер андай модага кирет? Албетте туура бычылып тигилген кийимдер кирет. Андай кийимдер эч качан модадан чыкпайт. Ар кандай кишиге жарашат. Курак жашына ылайыкташтырып кийимдин материалы, боегу тандалса жакшы болот. Мындан тышкары кийимдин фасонуна да карап койсо ашыкча болбойт. Фасон кишини жаш да кары да кылып көрсөтүп коюусу мүмкүн. Эң негизгиси педагогдорубуздун моданын өнүгүү тенденциясынын маңыз-маанисин түшүнүп

барганы дурус. Антпесе ал түшүнүктөрдөн артта калып калуусу мүмкүн. Натыйжада кино, телевидениелерден кээ бир кийимдерди көрүшүп алышып, ошондой кийинүүгө аракет жасашкандар да бар. Бирок кээ бир обьективдүү себептердин натыйжасында ал кийим жарашпай педагогдорубузду ыңгайсызыраак абалга дуушар кылып койгон учурлар да болуп турат. Ушундай абалга түшүп калбаш үчүн кийим тандоодо айланадагылардын көңүлдөрүн өзүнө бурбай тургандай кийимдерди тандаса дурус болот.

Педагог кийимдин эмнеге дайындалгандыгын же болбосо түрлөрүн билүүсү керек. Аны мүмкүн болушунча өз багытына пайдаланган жакшы. Кийимдин көчөгө кийилүүчү, майрамдарда кийилүүчү, жумушта, спортто, туристтик жүрүштөрдө, мейманчылыкка барганда, жыл мезгилине жараша кийилүүчү кийимдери бар. Баарын өз багытына жараша кийип, эч качан үйдүн ичинде кийилүүчү кийимди кийип алып базарда жүрүү же болбосо спорттук кийимди кийип алып жоро-жолдоштордукуна мейманчылыкка барган жарабайт. Кээ бир эжекелерибиздин окутуу максатында мектепке шым кийип алып баргандыктарын кандай түшүнсөк болот? Мектеп туристтик жүрүштөгү жолдогу бир курулуш обьектиси эмес го. Илим, билим храмына ушундай кийинип келсе да болобу? Бул көз көрүнөө маданиятсыздык. Кийинүүнүн элементардык маданиятын билбегендик болуп саналат. Андай кийинип алып каалаган жерине барсын, бирок мектепке эмес. Мектеп ыйык. Баалоону да билели.

## 5. ЖАШ АДИСТИН ЭТИКАСЫ.

Азыркы замандын илимий-техникалык өсүүсү коомубуздун жашоосуна өзүнүн өтө терең таасирин тийгизүүдө. Жаңы-жаңы кесиптер пайда болуп жатат.

Айрыкча педагогика тармагын компьютерлештирүү педагогиканы өнүктүрүү багытындагы жаңы технологиялардын кириши жаңылануууну алып келди. Дүйнөлүк информацияны алуу мүмкүнчүлүгүн түзүп жатат. Окутуунун, билим берүүнүн структурасы жана мүнөзү бир топко татаалдашты. Бул жараяндын мындан булл жаккы өнүгүүсү инсандан жаңы техникалар менен гана иштөөнү талап кылбастан адамдардын бири менен биринин адептүүлүк менен мамиле жасоосун да талап кылат. Инновациялык технологиялардын пайда болуусу жаңы проблемаларды жаратты. Кесиптик билимин өркүндөтүү, аны инсандар арасындагы мамиле принциптерин тыгыздаштыруу аркылуу гана жаңыланууга жетишүүгө боло тургандыгы баарыбызга маалым болду. Келечектеги адис, ким болгонуна карабастан, өзүнүн ишин жакшы билген инсан болуп, ошону менен бирге андан эптүү жетекчи, уюштуруучу жана тарбиячы болуусу талап кылынат. Ал үчүн андай адистер жакшы кесиптик даярдыгы бар мектепти өтүүсү керек. Ал иш билермандыгы менен айырмалануусу зарыл. Азыркы заман башкаруу методдору менен тааныш болуп, жолу менен башкара алуусу талап кылынат.

Кесиптик этика ошол азыркы заман башкаруусун үйрөтүүчү, анын негизги багыттарын көрсөтүүчү фактор болуп эсептелет. Ар кандай адис жогорку окуу жайында окуп жатканда эле кесиптик этиканын кээ бир нормалары жана принциптери менен таанышат, натыйжада эмгек коллективине аралашып кетүүсү жеңил болот. Себеби ал башкаруунун негиздерин назарияттык жактан өздөштүргөн. Эми амалияттык жактан пайдалануу гана калган. Аны ал аткара алат, ал үчүн анын назарияттык илим билими жетиштүү. Кесиптик этика-бул, кесиптик ишмердүүлүктүн нормаларынын, бааларынын, принциптеринин жыйындысы болуп, адистин

адептүүлүгүн жөндөп турат. Эч качан кесиптик этика адеп-ахлак этикасын алмаштырбайт, тескерисинче бирин-бири толуктайт. Өз кезегинде бул жаш адистин өз кесибин заман талабына ылайык аркалап кетүүгө жардам берет.

Белгилүү болгондой бүгүн экономикадабы, маданияттабы же башкаруунун башка сфераларындабы башкаруунун адептүүлүк жана психологиялык факторлоруна чоң маани берилип келе жатат. Муну атайын белгилеп өтүү зарыл. Себеби бүгүн илгеркидей башкаруу мүмкүн эмес. Жаңы доордун демократиясы авторитаризмге жол бербейт. Же болбосо «Сөзсүз» баш ийүүдөн четтеп бара жатабыз. Бирок өндүрүш тартибин сактоо ар бир инсандан мурункудай эле талап кылынат. Бүгүнкү жетекчи, эгерде ал өзүнүн кол алдындагылар менен жалпы тил табамын десе өзүнүн кесиптик этикасын күндүн талабына ыңгайлаштыруусу керек болот.Антпесе эки жактык ишмердүүлүк мамилелеринде түшүнбөстүктөр пайда болуп, ал өз катарында, кээ бир көйгөйлөрдү пайда кылары бышык. Кесиптик этиканын нормаларынын максаты туура баарлашууну үйрөтүү, анын жол-жоболорун көрсөтүү, варианттарын сунуштоо. Эми аны жаш адис кандай өздөштүрүп алат-бул, проблеманын экинчи жагы. Эгерде жаш адис аракеттенүү менен билип алса, анын келечектеги кесибинин адебине айланып калат. Ар кандай жакшы адис эмгек жолун баштаар алдынан кесиптик этика менен тааныш болсо, анын негиздерин учурунда үйрөнгөн болсо, өндүрүш жараянында ага бир топко жеңил болот. Адептүүлүк сапаттары жакшы адисти ар кандай жерде жакшы тосуп алат. Адеп-ахлак баалуулуктары сакталган жерде ыймандуулук болот, ыймандуулук бар жерде тартип болот, тартип бар жерде өсүү болот, өсүү бар жерде ийгиликтер жаралат, ийгиликтер жаралган жерден жакшы адистер өсүп чыгат. Алар өндүрүмдүү эмгектенишип, келечектин

материалдык–техникалык базасын жаратышат. Алга жылуунун өзөгү мына ушунда турат.

Илимпоздордун изилдөөлөрүнө караганда азыркы мезгилде биринчи орунга жетекчинин адептүүлүк сапаты чыкты. Анкетага жооп бергендер негизинен жетекчи эмгек коллективинин башын бириктирип, баарына тең мамиледе болуусун каалашат. Жооп бергендердин көпчүлүк бөлүгү жакшы жетекчинин көптөгөн сапаттарына төмөнкүлөрдү тандашып алышкан:

1. Акыйкатчылдыгы;
2. Өзүнүн милдетин ишин так билгендиги;
3. Чечкиндүүлүгү;
4. Акыл-эстүүлүгү;
5. Эл менен сүйлөшө алгандыгы;

Бекеринен Альберт Эйнштейн «Адамзаттын келечеги бир гана илим жана техниканын өнүгүүсүнө байланыштуу болбой, адеп-ахлактын өнүгүүсүнүн деңгээлине да байланыштуу болот» деген эместир. Мына ушул багыттагы маселелердин актуалдуулугу көтөрүлүп бара жаткандай, себеби бүгүн адептүүлүк баалуулуктарынын коомчулуктун аң-сезимине тийгизген таасири ченемдүү эле болуп жаткансыйт. Бул ааламдашуу саясатынын коомчулугубуздун жүрүш-турушуна тийгизип жаткан таасирлери десек болчудай. Буга карабастан жаш адис өз багытында кыргыз элинин кылымдардан бери аткарып келе жаткан элдик тарбиясынын иштерин жетекчиликке алып, өсүп келе жаткан жаш муундун аң-сезимине ошол баалуулуктардын принциптерин сиңирүүсү зарыл.

Жогорку окуу жайларын аякташып жатышкан студенттердин ичинен өз ишине берилип, тарбиялоо жараянында элдик педагогикадан кеңири пайдаланып жакшы көрсөткүчтөрдү жарата алагандарын ар тараптан алкыштап туруу керек. ЖОЖдордун окуу программаларында каралган маселелерден тышкары

ар кандай уюштурулган иш чаралар аркылуу кесиптик этика боюнча кошумча информациялар берилсе талапка ылайыктуу болот. Айрыкча педагогикалык ЖОЖдордо атайын дискуссия (талкуу) клубдарын уюштуруп, анча-мынча көйгөйлүү маселелерди студенттер менен талкууласа эсте каларлык болот. Студенттер ЖОЖдон эмнени көрсө мектепке барганда ошону жасайт. Андыктан аларга кесиптик, интеллектуалдык жактан ар тараптан өсүп-өсүүсүнө шарттар түзүлүүсү зарыл. Педагог-студенттер ЖОЖдо окуп жүргөндө кесиптик этиканын адептүүлүк нормаларынын эң керектүүсү, эл менен же болбосо педагогдор менен иштешүүнү үйрөнүүсү болуп саналат. Бул багытта жогорку окуу жайы студенттерди коомдук иштерге көбүрөөк тартса жакшы болот. Ал үчүн түрдүүчө ык формаларды пайдалануу керек. Педагогикалык ишмердүүлүктө андай арсеналдар жетиштүү эле.

Жаш адис үчүн мектепте аткара турган жумушу жетишерлик. Ал көп милдеттерге жоопкер, биринчи кезекте ал башкаруучу, экинчи кезекте тарбиячы, үчүнчү кезекте насаатчы, төртүнчү кезекте дос, бешинчи кезекте ал класс жетекчи, алтынчы кезекте мугалим. Жаш адис үчүн жогорку мидеттердин баарын бирдей алып кетүү бир топ кыйынчылыктарды жаратат, себеби ал үчүн алардын баары көтөрүлбөгөн дың. Амалиятта алар менен жакындан тааныш эмес, себеби студент кезиндеги практиканын мөөнөтү көз жүгүрткөнгө гана жеткен, көргөндөрүн али толугу менен аңдап жеткендей болгон эмес. Ошондой кырдаалдарга кабылып калбасын үчүн студенттерге педагогдун кесиби жөнүндөгү маалыматтардан көбүрөөк берилиши керек. Аларды максатка жетүү жолдорун үйрөтүп, умтулуу жолдорун адеп- ахлактын талабына жараша уюштуруу боюнча билимди тереңдетип берген учурдун талабына жооп берет.

Педагогдун кесиптик этикасы анын ишмердүүлүгүнүн ишенимдүү таянычы. Ушул таянычка бекем таянуу үчүн жаш педагогдон эмнелер талап кылынат?

1.Өз кесибин фонат катары берилүү менен сүйүү, ага кызмат жасоого дайыма даяр болуу,

2.Адистиги боюнча, бүгүнкү күндөгү жаңы технологияларды өздөштүрүү менен терең , негиздүү назарияттык жана амалияттык билимдерге ээ болуу,

3.Окуучуларын өз перзенттериндей сүйүүсү, ар дайым аларды камкордугуна алуусу,

4.Иш жараянында пайда болгон кыйынчылыктардан, мүчүлүштөрдөн, көйгөйлөрдөн четтеп качпоону, кесиптик ишмердүүлүккө дайыма чыгармачылык менен мамиле жасоону,

5. Тынымсыз изденүү аркылуу новатордук деңгээлге чыгууга аракет жасап, өз кесибинин устаттыгына көтөрүлүүгө аракеттенүү, кесибинин чебери болуу,

6.Аткарып жаткан ишмердүүлүгүнүн тууралуулугуна терең ишенүү,

7.Жашоонун чордонунда болуу менен жаңы кабарларды массалык маалымат каражаттары жана башка булактар аркылуу билип туруу,

8.Педагогикалык ишмердүүлүгүндө өз ишениминен жана позициясынан кайтпоо, принципиалдуулугун сактоо,

9.Романтик болуу менен көтөрүңкү маанайга берилүү, эмоционалдык терс сапаттарды жылоолоо,

10.Окуучуларга берген жемиштүү илим-билимдериңдин натыйжасына сыймыктануу, андан рахаттануу,

11.Руханий дүйнөңдүн түгөлдүгүнө жетишүү,

12.Кесиптештериңдин, мекендештериңдин жетишкендиктерине кубануу.


Жогорудагылардан тышкары кесиптик этика жаш адистен баарлашуу жараянында окуучуларын өз таасирине кантип тартып алуу механизмдерин терең өздөштүрүүсүн талап кылат. Өз кезегинде ал чоң артисттик жөндөмдү, башкара билүүнү, окуучуларын ишендире алууну таңуулайт. Ушундай абалда гана окуучуларга айтканды-айткандай дегенди-дегендей аткартса болот. Бешене тер менен жыйналган кадыр-барк эч качан өчпөйт, албетте ал аракеттердин артынан окуучуларына жагымдуу амалияттык иш-аракеттер ишке ашкан болсо жакшы болмок.

Кесиптик этика жаш адистин багыттоочу даражасына көтөрүлсө, анын жан жолдошуна айланса, андай педагогдон коомдун өнүгүүсүнө чоң пайда келет.

# VII – ГЛАВА
# ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЭТИКАСЫНДАГЫ ЖАНА ЭСТЕТИКАСЫНДАГЫ БААРЛАШУУ МАДАНИЯТЫ.

## 1. БААРЛАШУУНУН ТҮРЛӨРҮ, КАТЕГОРИЯЛАРЫ, ФОРМАЛАРЫ, СТИЛДЕРИ.

Адам баласынын адам болуп калыптануусунда баарлашуунун атайын орду бар. Себеби баарлашуу аркылуу инсандын дүйнөгө болгон көз карашы кеңейет, дүйнө туюму байыйт, чындыкка, чөйрөгө болгон мамилелери багытталат, адам мамилелеринин сулуулугун сезет, ордун, ролун коомдогу өзүнүн маанисин оңдойт. Баарлашуу, ишмердүүлүк, таанып билүү органикалык байланышта турат. Ошондуктан инсан ар дайым бири менен бири ишмердүүлүк жана таанып билүү жараянында жакындашат, баарлашат. Баарлашуу адам затынын аң-сезиминин, рухий дүйнөсүнүн талабы. Ал талап обьективдүү, субьективдүү мотивдерден жаралат. Баарлашууда инсандар жашоого, ишмердүүлүккө, мүчүлүштөрдү чечүүгө жана кандайдыр бир маселелер боюнча ээлеген позициясын аныктоо, жактоо багытындагы илим-билимдерди, ык-машыгууларды, көптөгөн багыттардагы кабарларды алуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот. Баарлашуу коомдук турмушубуздун маанилүү мүнөздөөчүсү, багыттоочусу болгону менен, ал жөндөмдүүлүк инсанга жөн эле ыйгарылып калбайт. Ал үчүн баарлашуунун түрлөрүн, категорияларын, формаларын стилдерин үйрөнүү менен аны амалиятта чеберчилик менен пайдаланууну уюштуруу зарыл.




Баарлашуунун төмөндөгүдөй түрлөрү бар.

Жандуу баарлашуу ар түрдүү кырдаалда болуп өтүүсү мүмкүн. Баарлашуунун өтүү географиясы кең, чөйрөдө, коомдук жерлерде, үй-бүлөдө, мейманчылыкта, коомдук автоунааларда, дем алууда,

туристтик жүрүштөрдө, маданий, агартуу иш чараларында жана башка ушул сыяктуу жерлерде кокусунан баарлашуу күтүлбөгөн жолугушуулардын натыйжасында болуп өтөт. Ал зарылчылыгына жараша уланышы мүмкүн. Эки жактык мамилелердин атмосферасына жараша болуп, натыйжасы да ошого байланышкан. Кокусунан баарлашуу пайдалануучу убакыттын мөөнөттөрүн көп учурларда чектеп коет. Ошого байланыштуу эки жак тең андан максималдуу пайдаланып калууга аракеттенгени жакшы болот. Болжолдонгон баарлашуу болсо кокусунан баарлашууга карагандакөбүрөөк мөөнөтү белгиленет. Себеби болжолдонгон баарлашууга карата ар тараптан даярданат. Баарлашуунун багытын кандай жетектейт же болбосо башкарат. Ырайы кандай болот, талкуланууучу маселелер кандай тартипте оппонентке билдирилет, болжолдуу жыйынтыктары кандай болуу керек? Болжолдонгон жыйынтык камсыз болбой калса кандай иш-аракеттер көрүү боюнча так бүтүмдөр пландаштырылат. Кандай консенсуска келери аныкталат. Ал эми жыйынтыкка келүү эки жактык кызыкчылыктардын негизинде чечилет.

Расмий баарлашуу расмий токтомдордун негизинде жүргүзүлүп, мамлекеттер аралык денгээлде өтөт. Баарлашуунун натыйжалары боюнча расмий токтомдор кабыл алынып, элге билдирилет.

Үзгүлтүктүү жана үзгүлтүксүз баарлашуулар да инсандар аралык баарлашуулар да болуп турат. Көбүн эсе мында жашоо тиричилик, соода, экономикалык, жүрүш-туруш, адеп-ахлактык маселелер көтөрүлүп, аларды ыңгайлуу чечүү боюнча пикир, сунуштар айтылат. Көтөрүлгөн маселелердин маанилүүлүгүнө жараша жактардын канааттануусунун негизинде чечилет же жаңы мөөнөткө жылдырылат.

Сырдуу-жекече баарлашуу көбүн эсе купуя сыр маселелери боюнча кээ бир инсандардын жекече

демилгеси менен болот. Өз аты айтып тургандай андай баарлашуулар инсандар арасында да мамлекет ишмерлеринин арасында болуп өтүүсү мүмкүн. Андай баарлашуунун бүтүмүн эки жак чыгарып, чечимдери сыр бойдон калат. Андай баарлашууну уюштуруу эки жактык макулдашуу менен болуп, өткөрүү ньюанстарын өздөрү тактайт. Ал эми функционалдык–ролдук баарлашуулар көбүн эсе ар кимдин өз милдетин канчалык так, кабыл алынган милдеттенмелерге жараша аткарып жаткандыгы боюнча маселелер көтөрүлүп сөз ошонун айланасында болот. Баарлашуунун мүнөзү, талабы инсандын же жамааттын канчалык деңгээлде милдеттемелерине олуттуу мамиле жасагандыгында болот. Ар бир инсан өзүнүн милдеттемелерине кандай мамиле жасады, анын ролу кандай болду. Жоопкерчилик негиздери эмнелерге негизделди баары такталат, бүтүмдөрү чогултулат, аткарылган иштер боюнча пикирлер алмашылат, жыйынтыкталат.

Баарлашуунун экинчи түрү илимий-техникалык прогресстин каражаттары аркылуу баарлашууну уюштуруу. Ал негизинен техникалык каражаттардын төмөндөгүдөй түрлөрүнүн жардамы менен ишке ашат.

1 телеграф

2 телефон

3- почта аркылуу кат жиберүү менен же болбосо факс аркылуу жиберүү

4- ошондой эле интернет аркылуу баарлашуу уюштурулат. Мунун да өзүнө жараша өзгөчөлөктөрү бар. Айрыкча жыл өткөн сайын баарлашуунун мындай түрлөрү тез жайылып жаңы технологиялардын турмушубузга кирип жаткандыгынын далили. Бул технологиялык жараян жашообуздун бардык сфераларын өз алкагына алып жатат. Себеби бүгүнкү жашообузду телефон, факс, интернетсиз элестете албай турган абалда жашап жатабыз. 20-кылымда зымдуу

телефондор, зым жыгачтары аркылуу эл кызматында болсо, 21-кылымда радио-телефондор, чөнтөк телефондорго айланды. Ошондой эле телефон аркылуу интернетке да туташтырышып, такай жаңы информацияларды дайыма аралыктардын алыстыгына карабастан ауди жана видео байланыштарды түзүүгө мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Илим жана техникалык прогресстин жетишкендиктеринин эл кызматына багытталышы ишти уюштуруунун оперативдик мүмкүнчүлүктөрүн көтөрүп натыйжалуу эмгектенүүгө өбөлгө түзүлдү. Мына ушундай абалда техникалык жаңылыктардан натыйжалуу пайдалануунун зарылчылыгы келип чыгат. Мындайча айтканда, ал каражаттардан тез, пайдалануу сарамжалдуу, багыттуу, натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу керек. Аларды убакыт өткөрүү максатында же болбосо оюнчук катары пайдалануу туура болбой калат. Ар дайым сүйлөшүү кыска негизги маселе айланасында болгону жакшы. Сүйлөшүү же информация алмашуу процесси убакытты текке кетирбей кандайдыр бир мотивдерди камтуусу керек. Сүйлөшүү жараянында мүмкүн болушунча ойду топтоштуруп негизги багытын аныктап, сунуштарды жана талаптарды түшүнүктүү, кыскача түрүндө берген жакшы. Техникалык каражаттар аркылуу баарлашуунун өзүнүн өзүнө жарашыктуу маданияты жана формалары бар. Ошол сакталса гана сөзсүз эки жактык баарлашуу канааттандырылат. «Жүздү көрсө көз таят» дегендей телефон же интернет экен деп эле ойго келген сөздү сүйлөй берген да жарабайт. Бардык нерсенин өз орду, өз убактысы таасир берүүчү каражаттары аркылуу аны туура пайдаланган абалда баарлашууну уюштурсак жакшы натыйжаларды берет. «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» дешет, техникалык каражаттар аркылуу баарлашканда оппонентиңдин алдында турбагандан кийин өзүңдү бир топко эркин сезген абалда

эмоцияларыңдын жылоосун бошотуп, коюшуң мүмкүн мына ушундай абалда этият болуу зарыл. Ал эки жактык баарлашууга доо кетирип коюусу мүмкүн. Баарлашуунун тарыхы адамзат жаралгандан баштап башталган. Адамзаттын жаратылыш берген аң-сезимин жана жан дүйнөсүнүн байлыгынын натыйжасында баарлашууну уюштуруу жөндөмүнө ээ болушкан. Бир мезгилдерде ар түрдүү аракеттерге мүнөздүү үн чыгаруу, ымдоо, жаңсоо жана башка аракеттер менен болсо, бара-бара ар кандай жашоо кубулуштарына жөнүндө жараша ат коюу менен сөздөрдү белгилешкен.

Ар бир элдин же улуттун өзүнө жараша же географиялык чөйрөсүнө жараша сөз байлыктары калыптанган. Ал сөз байлыктары топтордун, уруулардын, уруктардын бири-бири менен жакындашуусунун жана баарлашуусунун натыйжаларында дагы да байыган, диалектиси кеңейген. Баарлашуу процесси кабар алуу жана кабар берүү зарылчылыгынан жаралат дедик. Кабар алуу же кабар берүү үн чыгаруу же болбосо үнсүз абалда ишке ашуусу мүмкүн. Үн чыгаруу баарлашуусу боюнча жогоруда белгиленди. Үн чыгарбай же башка ар түрдүү каражаттардын жардамында баарлашууда болгон ал кыска мүнөзгө ээ болуу менен өтө зарыл кабарларды гана бере алган. Айрыкча андай баарлашуулар аскер иштеринде колдонулган.

Мисалы: Тоолордун кырларына, эгер тегиз жер болсо атайын жасалган дөңсөөлөрдүн чокусуна от жагуу менен душмандын келе жатканын билдиришкен. Же болбосо бир кемеден экинчи кемеге желекчелердин жардамында кыскача билдирүүлөрдү жеткирүү ж.б.у.с.

Баарлашуунун категорияларына кекетүү, талап коюу, абройлук басым, сыноо, кызуулануу, мыскылдоо, басым жасоо, кысым көрсөтүү, жактырбагандай мамиледе болуу, үстөмдүк, сүрмөлүк жана башка ушуга окшогон мамилелердин түрлөрү кирет. Баарлашуу

категориялары инсандардын эки жактык мамилелеринде, чочуп, этияттык менен аяр мамиле жасоону талап кылат. Мындай баарлашууларда «Бир сөз кем, бир сөз ашык» болот. Мамилелерге чыңалуу болуп, эки жак тең жыйынтыктарына толук ишенбей, консенсуска келгендиктерине ынанышпайт. Баарлашуу жараянында ишенбестик, канааттанбагандык сезимдери корголоп турат. Андай абал баарлашуу мезгилинде сезимдерди, кабыл алууларды дайыма коштоп, мамилелердин жогорку температурасын камсыздап турат. Мындай абалдагы баарлашуу продуктивдүү боло бербейт. Ошондуктан андай кырдаалдарда баарлашууну башка бир ыңгайлуу учурга жылдырган натыйжалуу болот.

Баарлашуунун формасы схемада көрсөтүлгөндөй түзүлүшкө ээ. Аргасыз баарлашуу-кырдаалга жараша кандайдыр бир көйгөйлөрдүн жаралуусунан улам уюштурулат. Андай баарлашууну жактырбай турсак да уюштурууга аргасыз болобуз. Себеби, ал маселе ошол учурда же болбосо ошол мүнөттөрдө чечилүүсү, каралуусу зарыл, ансыз кеч болуп калуусу мүмкүн. Кызыкчылык баарлашуусу мамилелердеги сырдуу, кокусунан пайда болуп, инсандык көңүлүн буруп кызыкчылыгын пайда кылып, анын чын-төгүнүн аныктоо боюнча уюштурган баарлашуусу болуп эсептелет. Мындай баарлашуу жеке инсандын талабы менен ишке ашат.

Аныктоо баарлашуусунун максаты кандайдыр бир маселенин акыйкатчылыгына жетүү. Таасирдик деңгээлин аныктоо. Коомдук пикирди жаратуу жөндөмүн билүү. Субьективдүү жактарын жөндөө. Салмактоо болсо оппонентиңдин эмнеге жөндөмдүү экендигин билүү, анын ишмердик деңгээлин аныктоо күчтүү жана алсыз жактарын байкоо, маданий деңгээлине маани берүү.

Үйрөнүү формасы эң пайдалуу, инсанды өнүктүрүүчү формалардын бири. Себеби ар кандай инсан оппонентин үйрөнүү менен анын оң жана терс жактарына баа берип, өзүнүн жетишпестик жактарын оңдой алат жана инсандык сапаттарынын абалын аныктайт. Ошого жараша адептүүлүгүн, жүрүү-туруун багыттоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Руханий талаптын негизинде да баарлашуу зарылчылыгы пайда болот. Мындай абал көпчүлүк мезгилдерде инсанда жашоо тиричилик, өткөндөрдү эскергенде пайда болуп, ошол талаптардын негизинде адам баласынын жагымдуу баарлашуусунун булагын эстеп, ошондой инсандар менен жолугушууга каалоосу жаралат. Натыйжада ал баарлашуу уюштурулат. Дагы бир баарлашуунун формасы чечимге келүү. Инсандын ички дүйнөсүндө көптөн бери чогулуп чечүүнү талап кылган, чечилбеген ойлордун курамы пайда болуп, аларды чечүүнүн зарылчылыгы келип чыгат. Ошол чечилбеген ойлордун аягына жетип акыркы чекитти коюу чечкиндүүлүгү пайда болот. Ошол максатта мындай баарлашуу уюштурулат. Ал эми жөндөө болсо эки жактык мамилелердин тартипке келтирүү максатында уюштурулуп жагымдуу маанай иретинде ишке ашат. Мындай баарлашуу аркылуу эки жактык татаал маселелер консенсуска келип иреттелет. Бул мезгилде бетке айтуу баарлашууга ар түрдүү боек берүүсү мүмкүн. Ошого карабастан бул баарлашуунун баалуулугу анын чындыгында же болбосо акыйкатчылыгында турат. Эгерде айтылган сөз чын жана акыйкат болот экен анын зыяны болбойт. Бетке айткандын күчү мына ушундай турат. Аны туура түшүнүү гана керек.

Баарлашуунун дагы бир формасы үндү пайдалана билүү (тон), интонация (катуу, жумшак). Ар кандай адам баарлашуунун алдынан сүйлөөнү оптималдуу формасын табуусу зарыл. Ошонун жардамында

айтайын деген кебин түшүнүктүү, жөнөкөйлөткөн түрдө аңгемелешүүчүгө жеткирет. Баарлашуу башталарда айрыкча үндүн толкунуна, интонациясына маани берген жакшы. Себеби бир эле сөз тонду же интонацияны өзгөртүү менен башкача угулуп, аңгемелешинди ыраазы да кылып, иренжитип да коюусу мүмкүн. Интонация дегенибиз үндүн жаратылышы болуп, анын берилүүчү деңгээли. Ал инсандын эрктик-ырайлык абалынын деми. Сөз интонация аркылуу көркүнө келет. Тонду жана интонацияны туура пайдалануу баарлашуунун натыйжалуу аякташынын дагы бир кепили болуп эсептелет. Интонация ойду жана сезгичтикти бир калыпта кармап, аны жөндөп турат. Ой-инсандын назарияттык жана амалияттык дараметтеринин талдоочусу болуп, ал эми тил болсо ойду иреттеп, тизмектеп аспектине жеткирүүчү каражат. Ошондуктан тилдин гармониясы болуусу зарыл. Канчалык тил аркылуу тыбыштар уккулуктуу айтылса, ошончолук угуу сезимдери баарлашуучуңдун көңүлүн буруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуң. Бул баарлашуу жараянын уюштуруунун чоң жетишкендиги болуп саналат. Баарлашуу жараянында инсандар ойлорун гана айтпастан руханий дүйнөсүн туйлаткан психикалык абалдарын да баяндашат. Аларга кубаттоо, кайгыруу, кубануу, өкүнүү, шектенүү, таң калуу, түшүнө бербөө, тамшануу сыяктуулар кирет. Сөзсүз алар талаптагы интонациялык абалды билдиришет. Өз кезегинде ал инсандын ырайлык абалынын көрсөткүчү даражасында болот. Ар кандай баарлашуунун өзүнүн интонациясы бар, мүнөзүнө жараша ал абал иреттелип барылуусу керек.

Баарлашуунун мүнөзү анын темпин ылдамдатууга жана төмөндөтүүгө да байланышкан. Бул талкууланууучу маселенин актуалдуулугуна жана зарылчылыгына жараша болот. Ошого жараша аны

кароонун темпи белгиленет, сүйлөшүү өзгөчөлүктөрү аныкталат, суроолору такталат. Баарлашуунун дагы бир формасы биринчи адамдын экинчи адамга кайрылуусу. Баарлашууга кызыккан адамдын экинчи адамга кайрылуусуна көп нерсе байланыштуу болот. Баарлаша турган адамыңдын көңүлүн таап, ага жаккан формада сөздү баштасак мамилебиз уланып кетет. Кайрылганыбызда эгерде жигит болсо «мырза», «жолдош» каарыларга «аксакал», «чоң ата», «чоң эне», «апа» жана жашы отуздарга жетпеген аял заты болсо «эжеке» деп кайрылсак жагымдуу жана туура болот. Бирок мындай кайрылууга инсандарды жашына керектүү жерлерде тарбиялоо зарыл. Кыргыз элинин кылымдардан бери сакталып келген бири-бирине мээримдүү, жумшак, урмат менен кайрылуусу бар. Ал да болсо тааныш эмес кишилерге, өзүнө жаш жагынан чоңдорго, ата-энелерине «сиз» деп кайрылуусу, мындай кайрылуу кайсы элдин укканы кандай багытта өнүккөндүгүнө жараша болот. Ошондуктан башка элдерди «эмнеге силер антпейсиңер» деп сындаган жарабайт. Себеби буларды баары ар бир элдин жүрүү-туруу этикетине, үрп-адат, каада-салт көнүмүшүнө байланышкан.

Андаганыбыздай баарлашуунун формалары көп түрдүү. Адам баласынын жүрүш-турушуна кайдайдыр бир сенек болуп калган баарлашуунун түрүн сунуштоо ойго келбеген иш. Ал зарылчылыктан жаралып, кырдаалга жараша ишке ашат. Көбүн эсе баарлашуу процесси инсандын жалпы маданиятынын, адамгерчилигинин, адептүүлүгүнүн жалпы эле ыймандуулугунун чектеринде ишке ашып барат. Эң негизгиси инсандын адептүүлүк сапаттары өсүп баруусу керек. Адепти башы саламдашуудан башталат. Ким адептүү болсо ошол биринчиден болуп саламдашат. Экинчи тарап алик алат. Ошону менен баарлашууга жол ачылды, эки жактык мамилелерге чыйыр салынды.

Саламдашуунун тартиби ар башка элдерде ар түрдүүчө. Саламдашуунун көптөгөн түрлөрү бар. Кээ бирөө «саламатсызбы» десе кээ бирөө «кандайсыз» деп гана коет. Кээ бири «сак саламатсызбы» десе дагы бирөө «эсен-соосузбу» дейт, дагы бири «малы жаныңыздар аманбы», «арыбаңыз» деп саламдашат. Бирок кылымдар бою сакталып келе жаткан үрп-адат боюнча «ассалому алейкум» деп саламдашканыбыз туура болчудай. Себеби кыргыздар ислам динин таанышат. Мусулман диндегилердин жалпы дүйнөлүк саламдашуусу бир тилде, араб тилинде жүргүзүлөт. «Ассалому алейкум», «мен сизге тынчтык каалаймын» деген маанини берет. Алик алган же жооп берген киши «ваалейкума-ассалам» же болбосо «мен да сизге тынчтык каалаймын» деп жооп берет. Мындай караганыбызда өтө жөнөкөй бир сөз, башка каалоолордон анчейин деле айырмасы жок, бирок касиети улуу.

Ал элдерди жакындаштырат, туугандаштырат, сүйлөштүрөт, бирин-бири урматтоого, сүйүүгө багыттайт. Инсандардын биринин-бирине болгон жылуу достук сезимдерин ойготот. Баарлашуу үчүн зарыл болгон негизди түзүп берет. Ислам шарияты боюнча бир киши экинчи кишиге үч күндөн ашык капа болуп жүрүүгө тыюу салынат. Шарияттын далилдөөсү боюнча ким биринчи болуп салам айтса сооптун көпчүлүгү ошого жазылат. Саламды кабыл албаган күнөөкөр болот. Байкалып тургандай жүрүш-туруштун бул нормалары инсанга саламдашуунун же болбосо баарлашуунун бир формасын сунуштап турат.

Башка инсандар менен жүрүш-түруштун жана адептүүлүктүн белгиленген чектеринин деңгээлинде таанышууга, баарлашуунун башталышына жол ачат. Анын да өзүнө таандык тартиптери жана жөрөлгөлөрү бар. Ошол салттуу жөрөлгөлөрдү сактоо да инсандан

коомдун адеп-ахлагын урматтоо менен мамиле жасоону талап кылат.

Баарлашуунун өздүк мүнөзүн ачуучу, өзүнө таандык стилдик өзгөчөлүктөрү бар. Баарлашуу катуу талаптарды коюу менен, эркин көрсөтүү аркылуу уюштурулушу мүмкүн. Бирок мындай баарлашууга себеп болбосо, натыйжалуулугу төмөн болот. Андай баарлашуулар көпчүлүк учурларда оң натыйжаларын бербей калуусу мүмкүн. Бул сыяктуу мамилелер кайчы пикирлердин жаралышына алып келип, мамилелерди татаалдантат. Жумшактык менен жасалган мамиле көпчүлүк мезгилде баарлашууга жагымдуу жагдай жаратканы менен, чын-чынына келгенде оппонентиңдин кооптонуу сезимин пайда кылып, коргонуу инстинктин ойготуусу мүмкүн. Ошого карабастан жумшак мамиле баарлашууга жагымдуу жагдай түзөт.

Башка адамга жылмайып коюу да сизден ага жакшы мамиледе экендигиниздин белгиси. Андай маанай инсандын  жакындашына алып келип бири-бири менен түздөн-түз байланышууга мүмкүнчүлүк түзөт жана жакындашууга, мамиле жасоого, кайрылууга жол ачат. Кайрылуунун назиктиги да адамдарды бири-бирине тартып баарлашуунун пайдалуу болушуна шарт түзөт.

Муңайыңкы маанайдагы  баарлашуу эки жакка тең кыялдануу сезимдерине берилүү менен мамилелерди уюштурууга жол ачат. Көпчүлүк мезгилдерде талкуулануучу негизги маселе экинчи катарга сүрүлүп калуусу мүмкүн. Кээ бир учурларда талкуулануучу маселе өзүнүн зарылчылыгын жоготуп,  максатсыз баарлашууга айланып да кетет. Баарлашуу жараянында оппонентиңдин көңүлүн алагды кылуу максатында күлүп жүрүшүң да мүмкүн. Бирок себепсиз эле күлө берген да жарабайт. Себеби аңгемелешкен адамың себепсиз күлкүлөрүңдүн себебин билбегендиктен

чочулап калуусу мүмкүн. Көпчүлүк учурларда аңгемелешкен адамыңды ойго салып, баарлашуунун жемиштүү болбой калуусун камсыздайт. Этияттык менен жүргүзүлгөн баарлашуу, эгер ал ар тараптан жакшы болжолдонгон болсо, сөзсүз өзүнүн жакшы натыйжаларын берет. Түшүнүү менен жүргүзүлгөн мамиле эки жактык баарлашууну кызытып, биргелешкен ишмердүүлүктөргө, келечектеги аткарыла турган долбоорлорду ишке ашырууга демилгелүүлүк, чыгармачылыктарга чоң башталыш берет. Албетте андай баарлашуулар экономикалык, илимий-техникалык, жаңы технологиялар, иштиктүү кабарлар менен негизделген болсо, максатка ылайыктуу болмок. Жарокерленип жасалган баарлашуу көпчүлүк учурда ишенбестиктерди жаратат. Оппонентиң сенин мамилеңден сактанат. Баарлашуунун жыйынтыгына ишенбейт. Айтылган сөздөрдүн тактыгына күмөн санайт. Ушулардын негизинде либералдык мамиледе болуп калат. Көбүн эсе баарлашуунун жыйынтыгын белгисиз мөөнөткө созуп коет. Жагынуу жана жарокерленүү стилдик мүнөзү жагынан бир катардагы кубулуштар. Баарлашууда экөө бирдей таасир берет. Баарлашууда жестин, мимиканын, бою-башыңды кармоо ж.б. пайдалануунун мааниси чоң. Ал инсандын артисттик талантынын бир белгиси. Алар баарлашууга көрк, темп, маани берүүчү компоненттер болуп эсептелет. Кээ бир учурларда аларды орду-орду менен пайдалануу өтө жакшы пайда берет. Каралып жаткан маселенин мүнөзүнө жараша динамика берип турат. Укмаксан болуу менен жасалган мамиле көбүн эсе баарлашуунун тез аяктоосуна алып келет. Андай баарлашуу кызыбай жатып өчөт. Себеби биринчиден, аңгемелешкен адамыңды жүдөтөт, экинчиден, баарлашуунун оперативдүүлүгүн камсыздай албайт, үчүнчүдөн, баарлашууда антипатиясы пайда болот, аны жоюунун жолу кайдыгерлик мамилени четтетүү болуп

эсептелет. Аз сүйлөп көп укканда аңгемелешүүчүндүн урматына ээ болуп, баарлашуу кызыкчылыгын жаратат. Баарлашуу мезгилинде «мен анткем», «мен минтем», «мен» деген сөздөрдү азыраак колдонгон жакшы. Ошондуктан орус элинде «я» акыркы тамга деп коюшат. Ал эми кыргыздарда болсо «Өзүн мактагандан өлөгөнчө кач» дешет.

Биз баарыбыз бири-бирибизге окшобойбуз. Ар кимдин адамдык өзгөчөлүгү, касиети ар түрдүүчө. Баарлашуунун кээ бир учурларында кайчы пикирлер жаралып калат. Андай кырдаалдарда кээ бир сөздөрдүн маанисине жеткилең түшүнө бербегендигибизден же болбосо жеке инсандык кызыкчылыктарыбызды коргоого жасаган аракеттерибизден пайда болот. Ошондой пикир келишпестиктер өзүндү талаптагы деңгээлде кармай билүүң, баарлашууну токтотууга алып келет. Эки популярдуу көз караш түзүлүп калган мезгилде да, чындыкка жеткенден кийин, оппоненттердин бирин-бири түшүнүүсү камсыз болуусу, андан ары да баарлашуунун тыгыздалуусуна шарт түзүшү мүмкүн. Кээ бир учурларда ушундай кырдаал түзүлөт, эч кандай мамилелешүүгө мүмкүн болбой калат.

(М: Сизди алдады, сизге карата уят сөз айтты, сизге акыйкатсыздык көрсөттү же сизди шылдыңдады ж.б.у.с.) Албетте андай мезгилде баарлашуу убактынча токтотулат. Андай аркы диалогдун созулушу мүмкүн болбой калат. Оппонеттер эки тилде сүйлөшө башташат. Мындай абал эки жактык баарлашууну чектөөгө алып келет.

Эки жактык баарлашуунун натыйжалуу болуусу үчүн бир топ шарттар керек, ал элементардык маданиятты талап кылат.

Биринчиден: оппонеттин далилдөөлөрүн, оюн сезүү.

Экинчиден: өзүн-өзү кармай билүү, токтоолук, өзүн-өзү бийлик жүргүзгөн абалда кызууланбай сүйлөшүүлөрдү алып баруу, өзүнүн эмоциоалдык абалын жылоолоп туруу.

Үчүнчүдөн: өзүнүн мамилелерин аныктоо, жамандоого же тийишүүгө, кытмарланып сүйлөөгө какшыктоого өтпөө зарыл.

Талаш-тартыштарда биринчи, кезекте принципиалдуу пикир келишпөөчүлүктөрдү аңдоо, ошондой эле оппоненттин эмнени каалап турганын так аныктоого жетишүү. Эгерде аппоненттер кимиси туура айтып жаткандыгын далилдей албаса, баарлашууну токтотуп кийинкиге калтырган оң. Эки жак тең өз далилдөөлөрүнүн негиздерин талдоого алып чын-төгүнүнө жеткенден кийин, маселени чечүүгө киришүү мүмкүн.

Мындай кырдаалда «Ачуу душман акыл дос», «Шашкан шайтандын иши» - деген кыргыз элинин макалдарын жетекчиликке алуу менен аракеттенген талапка жооп берет.

Баарлашуу маданиятынын маселелери ар бирибиздин турмушубуздагы зарыл отрибуттардын бири. Ага маани бербесек рухубузду сараңдатып, маданиятыбызды төмөндөтүүгө алып барат. Натыйжада, чечиле турган маселе өзүнүн логикалык натыйжасына жетпей, баарлашуунун продуктивдүү аякташын көпчүлүк учурларда камсыздай албайт калат.

## 2. МАМИЛЕ ЖАСОО ЖАНА ПИКИР АЛМАШУУ МАДАНИЯТЫ

Мамиле жасоо маданиятынын өзүнүн чеги жана тартиби бар. Ал инсандын баарлашуу жана мамиле жасоо тажрыйбасына барып такалат. Канчалык адам баласы баарлашуу маданиятынын өнүгүү теңденциясын, акыркы жетишкендиктеринин деңгээлин

билип, аны амалиятта продуктивдүү пайдалана билсе, ошончолук анын инсандар аралык мамилелери гумандуу болуп, ага көз көрүнө чоң кадыр-барк алып келет. Мамиле жасоонун системасы түзүлүп, дайыма жолго коюлса, ал ар дайым көндүмдүүлүккө айланат. Андай абал ар кандай инсандын баарлашуу стилин калыптандырат. Инсандын баарлашуу процессинде мамиле жасоо жана пикир алмашуу стилинин калыптануусу ага өтө чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. Стиль – бул жекече сапат, кайталангыс мүнөзгө ээ касиет. Стиль деген түшүнүк грек тилинен алынып, кыргыз тилине которгондо «адам» деген түшүнүктү берет, же болбосо жеке адамдын өзгөчөлүгү, анын өзүнө жарашыктуу инсандык көрүнүшү. Мамиле жасоо жана пикир алмашуу жараянында ар кандай инсандын өзүнө гана таандык, кайталангыс, өзүнө жарашыктуу баарлашуу стилинин болгону жакшы. Антпегенде Дагестандын улуу акыны Расул Газматов айткандай «белгилүү стилге ээ болбогон жазуучу буудай тааласында адашып чыккан кодурга же арпага окшоп калат. Аны эч ким билбейт да, таанибайт да» деген түшүнүк. Бул сөз жазуучулар жөнүндө айтылган менен мамиле жасоо жана пикир алмашуу маданиятын билбеген инсандарга да түздөн-түз тиешеси бар. Сүйлөшө алганды, мамиле жасаганды жана пикир алмашууну билбеген инсан баарлашуу жараянында талаптагы деңгээлди камсыздоосу күмөн. Ага анын баарлашуу жараянын уюштура албай негизги жана кошумча маселелерди аныктай албагандыгы себеп болот.


Инсандын мамиле жасоо стилинде анын жогорку маалыматтуулугу, маданияты, интелектуалдык деңгээли, ой жүгүртүүсүнүн масштабдуулугу, көз карашынын такшалгандыгы инсандарга жасаган сергек жана аяр этияттуулук менен жасаган мамилелеринен көрүнүп туруусу зарыл. Мамиле жасоодо, пикир

алмашууда жан дүйнөгө тынчтык бербеген рухий дүйнөңдү козгогон негизги ойлор айтылып, угуучуга жогорку көркөм сөз аркылуу жеткирилсе жакшы болот. Себеби андай баарлашуунун өзүнүн эстетикалык даамы, сулуулугу бар. Баарлашуу жараянында сөздүн жагымдуулугунун мааниси бараандуу. Сөз болсо инсандын жан дүйнөсүнөн оргуштап атылып чыгат. Эгерде мамиле жасоо, пикир алмашуу оппоненттерди ар тараптан канааттандырган болсо гана ишке ашат.

Инсандагы орошон ойлорду сыртка чыгарып, пикирлешиңдин жан дүйнөсүн дүрбөтүү үчүн көркөмдүк жагынан калыптанган, ар тараптан өнүккөн, чеберчиликке ээ, ийкемдүү тил зарыл. Тил-баарлашуу механизмин аракетке келтирет. Жатык тилди пайдалануу менен мамиле жасоо жана пикир алмашуу көркүнө чыгат. Кыргыз эли «кептин башы кызыл тил» дешип коюшат. Чындыгында да «кызыл тил» аракетке келгенде гана сөз же кеп пайда болот. Тил-дейт Жээнали Шериев Бишкек-Ош, 2001-жылы басылып чыккан «Адабият таанычтык» деген китебинде - бул, ар бир элдин байлыгы, ал белгилүү максатка ылайык аракетке түшөт, ошол аракетке түшкөндө ал кеп түрүнө өтөт. Белгилүү бир ойду жана түшүнүктү эрежеге баш ийдирүү менен сүйлөп же жазып берүүнү кеп дейбиз. Демек кеп дегенибиз – аракеттеги, кыймылдаган тил. Тил деген сөз казынасы. Тил – бул же тигил элдин жалпы сөз байлыгы, закондору, эрежелери. Мамиле жасоо жана пикир алмашуу маданиятын калыптандырууда тилдин жана кептин маанисинин канчалык деңгээлде зарыл экендигин жогорудагы тастыктоодон сезсек болот.

Бүгүнкү мезгилде мамиле жасоо, пикир алмашуу, жандуу баарлашуу техника каражаттарынын жардамында ишке ашып келе жатат. Анын багыттары жана мүнөздөрү ар түрдүүчө. Пикир алмашуунун жазма жана оозеки түрлөрү бар. Жазма түрүндө кат, макала,

илимий макала, ар кандай мазмундагы кайрылуулар, жазма түрүндөгү суроолор болсо, ал эми оозеки пикир алмашууда мимика, ымдоо, жаңсоо, көздү кысуу, бетти тырыштыруу, башты чайкоо, кашты керүү, бешенини тырыштыруу ж.б.у.с. (колдорунду сермөө, башынды иретсиз кыймыл–аракетке келтирүү ж.б.у.с.) пайдаланылат. Пикир алмашуунун түрлөрүн канчалык чеберчилик менен амалияттык аракеттерибизде колдонсок, ошончолук пикир алмашуу көркүнө чыгат. Эсте каларлык болот. Пикир алмашуунун булагы, сүйлөшүүнү туура, негизги багыты боюнча уюштурууда турат. 2004-жылы Бишкекте басылып чыккан «Кеп маданияты» китебинде профессор, Т. Ашырбаев мындай дейт «сөз түз, өтмө, кыйыр, каймана, көп маанилүү, образдуу маанилерди билдирүү менен адамдын пикир алышуудагы негизги каражаты болуп эсептелет». Мындан тыянак чыгарсак, сөз болбосо пикир алышуу да болбойт деген маанини берип жатат. Баарлашуу ийгиликтүү болушу үчүн адабий тилди үйрөнүү менен анын таамай айтылышын камсыздообуз керек. Ошондо гана пикир алмашуунун маданиятына жете алабыз. Пикир алмашуунун вербалдык эмес (үнсүз) түрү да бар. Оппоненттердин ортосунда жандуу пикир алмашуу болбогону менен вербалдык эмес баарлашуусу да болот. Ал көз, сезим, сезүү жана ар кандай кыймыл-аракеттер аркылуу ишке ашат. Заманыбыздын көрүнүктүү орус педагогу И.П.Подласый 2002-жылы Москва шаарында басылып чыккан «Педагогика» деген китебинин 270-бетинде вербалдык эмес баарлашууну төмөндөгүдөй схемада көрсөткөн:




Жогорудагылардын баары мамиле жасоону жана пикир алмашуунун зарыл компоненттери болуп эсептелет. Вербалдык эмес баарлашуу учурунда көрсөтүлгөн компоненттерден кеңири пайдаланылса, толук кандуу баарлашуу жараяны болуп өтөт. Сөзсүз аны инсан өз башкаруусуна алуусу зарыл. Ушундай шартта таасирдүү болот, максатына жетет.

Баарлашуу стилине жараша мамиле жасоо жана пикир алмашуу боюнча инсандардын үч тиби болот:

1. Активдүү 2. Реактивдүү 3. Жогорку активдүү инсандар максатын жана эмнени каалагандыгын билет. Ошол багыт боюнча өз аракеттерин уюштурат. Иш уюштурууда жана баарлашууда демилгелүүлүктү

көрсөтөт, жекече байланыштарын бекемдейт. Максатка жетүү багытын бекем кармайт. Өзүнүн тажрыйбасына таянган түрдө мамиле жасайт, пикир алмашат. Реактивдик инсандагы ийкемдүү мамиле жасоого даяр, бирок анын ички дүйнөсү бошоң, өзүнө ишеними жетишсиз. Анын максаттары чаржайыт, көбүн эсе ага оппоненти жол көрсөтөт. Милдеттерин чочулоо менен ишке ашырат. Жогорку активдүү инсан көпчүлүк мезгилдерде коопсуздануу маанайында жашайт. Мамиле жасоо жана пикир алмашууда авторитаризмге жол берет. Баарлашууда болсо, чындыкка коошпогон моделин тандоого аракеттенет.

М: Мамиле же пикир алмашуу жараянында жакшы сүйлөгөндү жекирет. Адамдык сапаты боюнча «Өз билгенин билген, өтүгүн төргө илген». Мындай инсандар менен түзүлүүчү мамиле дайыма пикир алмашуунун аягына жетпей калуу коркунучунда болот.

Вербалдык эмес баарлашуунун бири проксемика же пикир алмашуудагы, мамиле жасоодогу аралыкты байкоо. Ал аралык норма боюнча жекече баарлашууда 45-120 см түзүүсү керек. Расмий баарлашуу болсо 120-400 см түзүүсү талап кылынат. Ал эми ачык жерде же аудиториянын ичинде болсо, ал көрсөткүч 400-700 см түзгөнү максатка ылайыктуу. Мына ушу нормативдик аралык сакталса, баарлашуу талаптагы продуктивдүүлүктү камсыздайт. Баарлашуунун субердинациясы сакталат.

Адам баласы пикир алмашуу, жандуу мамиле жасоо менен кабарларга ээ болот, жаңылыктар менен таанышат, ийгиликтер жаратып, жаңылыктын жарчысы боло алат. Баарлашуу аркылуу инсан үй-бүлөсүндө айлана чөйрөдө, коомдук жерлерде информация берүү менен ошол эле учурда информация таратуучу ролду аткарат. Баарлашуу же пикир алмашуу чеберчилигине ээ инсан ар дайым элдин жактырган адамы. Баарлашуу - бул эки же андан көп инсандардын сөз өстүрүү

мүмкүнчүлүктөрү болуп эсептелет. Мында пикир алмашышат. Акыл калчашат, тыянактар чыгарышат, негизги идеяларынын болжолдуу багыттарын аныкташат. Пикир алмашуу жараяны адам коомунун түрдүү сфераларын өз ичине камтып, пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүнүн жол-жоболору талкууланат, багыттары аныкталат, көрсөтмөлөр даярдалат. Пикир алмашуу эс-тутумдарды козгоп ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрдү жандантып, эрктик аң-сезимдерди курчутуп, максаттуу аракеттерге күүлөнтөт.

Баарлашуу-информация алмашуу дегенди түшүндүрүп, маалымат берген- коммуникатор, ал эми маалымат алуучу реципиент болуп эсептелет. Жогоркудагы эки түшүнүктүн тынымсыз алмашышынан инсандар аралык мамилелерде, коомдун жашоосунда өнүгүү камсыз болуп турат. Инсандардагы пикир алмашуулардын бузулуусу, мамилелердеги канааттанбаган сезимдер адам баласын ар түрдүү психикалык жагымсыз абалдарга дуушар кылышы мүмкүн. Ошондой абалга кабылып калбаш үчүн инсандар мамиле түзүүдө, карым-катнаш жараянында максаттарын көз алдына келтирүү аркылуу аракет кылуу оң натыйжасын берет. Пикир алмашуу аркылуу инсандар көптөгөн аткарууга кыйын болгон көйгөйлөрдү чечишет. Адам баласынын ойлоо, кабыл алуу сыяктуу касиеттери жана пикир алмашуу негиздеринде байыйт, ага чейин белгисиз болгон кабарлар менен толукталат. Өз кезегинде ал андан аркы боло турган инсандык мамилелердин жаңы дэңгээлге көтөрүлүүсүнө шарт түзөт.

Орус окумуштуусу Г.Н. Андреева баарлашуу өтө татаал экендигин, ал көп катмардан тураарын» айтып, аны үч багытта түшүндүргөн:

1. **Коммуникация** түшүнүгү латын сөзү болуп кыргызча мааниси «байланыштырам» - деген маанини түшүндүрөт. Коммуникация адамдардын өз ара

байланыштарынын шайма-шайлыгы. Бардык жагынан керек болгон уюштуруу каражаттары шаймандары. Мындайча айтканда инсандардын маалымат алмашуусу, бири-бири менен байланыш түзүүсү, бирин-бири аракеттендирүүсү же болбосо инсандарды пикир алмашуу жана мамиле жасоо жараянына ар тараптан даярдоо.

2. **Интеракция**-пикир алмашуу жана мамиле жасоо аркылуу бири-бирине таасир берүүсү, ал таасирлердин натыйжалары менен аракеттенүүсү. Ошондой эле башкаларга да таасир берип, аларды да аракеттендирүү. Башкалардын да таасирине кабылып, анын аракеттери аркылуу ошол таасирлерди колдой баштайт. Ал таасирлер аркылуу инсандар достошот, касташат, урушат, сүйүшөт, жакындашат, алысташат. ж.б.у.с.

3. **Перцепция**-адамдар баарлашуу жараянында бири-бирине жакындап, таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот. Баарлашуу жөнүндөгү кабарлар менен мүмкүн болушунча жакындан таанышууга ээ болот. Такталган маалыматтар боюнча инсандарга мамиле жасалат же ошол процессте ага болгон көз караштар өзгөрүүгө дуушарланат. Ушул маалыматтардын негизинде ага болгон мамилелер жөндөлүп, такталып, аныкталып, андан кийин гана ишеним артылат. Пикир алмашууда жогорудагы үч деңгээл да бирдей талапка жооп берет. Ошондой болгон учурда пикир алмашуу ар бир инсан менен бирдей же болбосо инсандын коомдогу ээлеген ордуна маани бербеген абалдагы баарлашуулар болуп өтөт. Анын аягы акыйкатчылыкка алып келет. Мамилелерге стабилдүүлүк берет. Ишенимди бекемдейт. Ар кандай инсандын жогорку максаттарга уюштурулгандыгы, өзүнө койгон жогорку инсандык талап, адамдарга болгон урмат-сый, алар менен дайыма мамиледе болуусу, каалоосу сөзсүз оппоненттеринин ага болгон

кадырлоосун арттырат. Натыйжада алар менен мамиле жасоо, пикир алмашуу, жыйынтыгында үзгүлтүксүз мүнөзгө ээ болуп кетүүсү мүмкүн. Себеби болуп турган жакшы мамилелер сөзсүз адамды өзүнө тартат. Мындай мамилелер турмуштук татаал мамилелерди айкындоо, талдоо, божомолдоо, процессинде өзүнүн маанилүүлүгүн көрсөтөт. Инсандын айлана-чөйрөсүндөгү жалпы калкка бирдей мамилелери анын аброюн көтөрүп, ага болгон мамилелерди бекемдеп, баарлашуунун максатын арттырат. Маалим болгондой инсандар аралык мамилелердин үч түрү бар.

Алар демократиялык, авторитардык жана либералдык болуп бөлүнөт. Инсан, инсандар аралык мамилелерде жана пикир алмашуу жараянында мамиле түзүүнүн түрлөрүнөн кеңири пайдаланууну уюштурганы жакшы. Ал мамилелердин ар бирине өзүнө жарашыктуу натыйжа бере турган кесиеттери бар. Ал касиеттер вервалдык (жандуу) же вервалдык эмес (жансыз) мамилелерде айкын көрүнөт. М: Кээ бир инсандарды дайыма көзөмөлдөп, тынымсыз мамиледе болуп турсаң гана белгилүү бир даражада тапшырылган милдеттерди аткарат. Ал эми кээ бирлери болсо, унчукпай койсоң аракеттене баштайт. Ошентип мамиле жасоо жалаң гана инсандын психикалык абалын байкоо менен ишке ашса, андан натыйжа болот. Инсандар менен туура мамилени уюштуруу үчүн кээ бир учурларда башкаруу маданиятына да маани берүү зарыл. Мындай жөндөм менен демилгелүүлүктү көрсөтсө болот. Мамиле жасоодо көбүн эсе демократиялык мамилени тандап алган өз натыйжасын берет. Демократиялык, либералдык, авторитардык мамилелер кандай гана шартта болбосун түзүлгөн кырдаалга жараша болот. Өз учурунда жогоруда белгиленген мамилелер актуалдуулугун жоготпойт. Себеби ушулардын баары мамилелерди туура уюштурууга арналган. Мамиле

жасоочулар канчалык өзүнүн каралып жаткан мамилелер боюнча маселелер боюнча компонентүүлүгүн көрсөтө алса, ошончолук түзүлгөн мамилелер жемиштүү болот. Мамиле жасоодо жана пикир алмашууда эки жакты тең кызыктырган мамиле болсо макулдашуулар тез чечилет. Эч качан «мен билемин», «башкача болуусу мүмкүн эмес» же болбосо «Менин коомдогу ээлеген ордум мага укук берет» - деген ойдон алыс болгон жакшы. Көбүн эсе андай мамиле инсанга кадыр-барк алып келбейт. Тескерсинче анын аброюн түшүрүп, мамилештеринин санын сейректетет. Ошондой абалга түшүп калбаш үчүн, ар кандай инсан мамиле жасоо жана пикир алмашуу маданиятынын негизги талаптары менен таанышып, окуп-үйрөнүп, интеллектин өнүктүрүп баруусу зарыл.

## 3. СҮЙЛӨӨ МАДАНИЯТЫ

Кандай сүйлөөнү билүү ар кандай адамга керек. Эгерде сүйлөөнүн искусствосун билбесең аңгемелешиңди өзүңө тарта албайсың, сүйлөө маданиятыңызды да көрсөтө албайсың. Сүйлөөнүн искусствосу аны образдуу, формасы жагынан таасирдүү, мазмуну боюнча кызыктуу кылып сүйлөсөң, аңгемелешкен адамың сага тартылат. Сени менен аңгемелешүү кандайдыр бир канааттанууну алып келет. Адамдын сүйлөшүүсүнө карап анын жалпы маданиятынын деңгээлине баа берилет. Сөздөрдү бири-бирине кынап, уккулуктуу кылып, маанисине көңүл бурган абалда айтса, кызыктуу эсте калаарлык болот. Айрыкча аңгеме учурунда адабиятта жок сөздөрдү кошуп сүйлөгөн жарабайт. Себеби, ал сөздөр сөздөрдүн акыр-чикири. Акыр-чикир кошулуп айтылган сөз кулакка сыйбайт. Аңгемелешкен адамыңдын маданияты жетиштүү болсо, ал сенден тез эле тажайт. Сөзүңдү уккусу келбей калат. Сөздү сүйлөп

жатканда басым жана интонацияны өз ордуна коюп сүйлөбөсөң, улуттук тилдин тамтыгын чыгарсаң, ал да угуучуну чарчатат.

Сөздөрдү оор жана жеңил сөздөрдөн экиге бөлсөк болот. Биринчисине аңгемелешиңе тааныш күндөлүк жашообузда, турмушубузда пайдаланып жүргөн сөздөр. Экинчисине болсо сейрек учуроочу сөздөр. Жөнөкөй сөздү угуучу рухуна сиңире алат, ал эми мурда укпаган же болбосо сейрек уккан сөздөрдүчү? Аны сөзсүз түшүндүрүү, синонимдерин таап түшүндүрүү зарыл. Сөз конкреттүү түрдө болуп, предметтүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, ирettүүлүк талап кылынат. Жогорудагы талаптар аткарылбаса сөздүн ажары ачылбайт, түшүнүктүү болбойт.

Сөздүн стили анын максатына жана мазмунуна шартталган. Ар бир айтылган тыбыш, сөз, так угулуусу керек, бул жараянда сүйлөөчү өзүнүн сүйлөө темпин өтө аярдык менен багыттап баруусу зарыл. Тез сүйлөнгөн, акырын сүйлөнгөн сөз да таасирсиз болуп калат. Ар кандай адамга аңгемелешкен учурда аңгемелешиңдин кабыл алуу жөндөмү кандай денгээлде, психикалык өзгөчөлүктөрүнө маани берген абалда сүйлөшүүнү алып барса, ошончолук эки жактык мамиле жакындашат, тыгыздашат. Өз оюңду угуучуга жеткиликтүү, түшүнүктүү кылып айтып берүү ар бир адамдан белгилүү бир даражада жөндөмдүлүктү талап кылат. Ал өзүнчө эле жаралбайт. Аны үйрөнүү керек. Бул багытта окумуштуу ким-ал китеп. Тилдин жатыгына жетишүү сөзсүз китепти көп окуу менен байланышкан. Китеп менен биринчи кезекте сүйлөө речибизди байытсак, экинчи кезекте адептүү болууга шарт түзөт. Мындайча айтканда дүйнө карашыбызды байытат. Адептүүлүк касиеттерибизди бекемдейт. Ошондой эле китеп окуганда жөн эле окубастан үндү чыгарып окуган андан да жакшы. Кээ бир өтө таасирдүү цитаталарды атайын даярдалган блокнотко

көчүрүп алуу керек. Убакыт-убактысы менен ошол блокнотту ачып цитаталарды кайра-кайра окуп, жаттап алса жакшы болот. Аңгемелешкен мезгилдерде ошол цитаталардын кээ бирлеринен пайдаланса, сөз бай болуп, эсте калаарлык болот. Пайдаланат экен деп эле катары менен эле китептерден алган цитаталарды айта берсек да болбойт. Себеби ал цитаталардын аңгемелешүүнүн темасына дал келгени, дал келбегени болот. Эң негизгиси ар бир тамганы так, жеткиликтүү абалда айтуу зарыл. Эгерде сүйлөө речибизде кээ бир жетишпестиктер болсо, аны машыгуу аркылуу четтетүүгө аракеттенген оң. Ошону стилистикалык жактан түшүнүктүү кылып айтуу да катуу талаптардын бири. Эгер тилиң чүчүк болсо, ал талапты аткара албайсың. Андай кемчилдик (дефект) органикалык жетишпестиктин айынан болсо, аны оңдогонго болот. Аракет гана талап кылынат.

М: Кээ бир адамдар «р» тамгасын айта алышпайт, «р» дештин ордуна «й» дешип коюшат, «бар» дештин ордун «бай» дешет. ж.б.у.с. Мындай жетишпестикти көп мезгилде көнүгүү аркылуу жоюп кадимкидей сүйлөсө болот.

Сүйлөшүү маданияты таза сүйлөөдө турат. Мындайча айтканда адабий тил менен байланыштуу болот. Эгер «таак», «понимаеш», «бар эмеспи», «ошентип», түшүнүктүүбү, кызды-чувиха, жигитти-чуван дегендей сөздөрдү кошо берсек, ой аралашып кетип максатына жетпей калуусу мүмкүн. Ар бир киши ээн-эркин тилдин лексикалык байлыгынан пайдалануусу керек, өзү айтып жаткан сөзүнүн маанисине жетүүчү, анын стилистикалык сулуулугунан пайдалануусу зарыл. Башка сөздөрдүн айкалышына маани берсе талаптагыдай болот.

Сүйлөшүүдө ашыкча лексикалык сөздөрдү пайдалана берүү да түшүнбөстүктөрдү жаратат.

Башкача айтканда алар жаңы-жаңы кабарларды алып келбейт, баягы эле маанисиз сөздөр болуп калат.

Сүйлөө маданияты сүйлөм түзүүнү билүүгө да байланышат. Сөздөрдү орду-орду менен туура жайгаштыруу сүйлөмгө көрк берет. Ар кандай синтаксистик ката, так эместик, сөздүн маанисин түшүнүүгө тоскоол болуп, натыйжалуулугун төмөндөтөт. Сөздөрдүн туура эмес жайгашышы стилистикалык катачылыктарга жол берет. Мындан тышкары сөздөрдүн логикалык катачылыктары да болот. Ар бир адам сүйлөшүүлөр жүргүзүү алдынан оптималдуу сүйлөшүү формасын же вариантын тандап алуусу зарыл. Ошондо гана ал өз оюн, аңгеменин мазмунун аңгемелешкен адамына кыска жана түшүнүктүү кылып жеткирет. Мына ушул максатта ал өз сөзүн таасирдүү, жеткилең, эмоционалдуу абалда угуучуга берет.

Сүйлөшүү мезгилинде эски сөздөрдү пайдалануу да кызыксыз. Анын ордуна макалдатып айтылган сөз таасирдүү болот. Кыргыз эли турмуштун ар түрдүү кырдаалдарына жараша жаратып келген макалдары бар. Макалдардан сөздүн багытына жана маанисине жараша пайдаланганы жакшы. Элдик жомоктордон мисалдар келтирсе да ашыкча болбойт.

Сүйлөө маданиятын билбеген кээ бир инсандар өздөрүнүн сөздөрүнө өзү да түшүнбөгөн көптөгөн чет элдик сөздөрдү кошушуп алышат. Тескеринче мамлекеттик тилди байытууга, анын тазалыгына, тактыгына, маааниլүүлүгүнө, таасирлүүлүгүнө жетишүү керек. Качан гана биз сүйлөөнүн маданиятына талаптагы деңгээлде жетише алсак, ал сөзсүз сүйлөө маданиятыбызды жогорулатат. Сүйлөө маданиятынын маанилүү формасы болуп бирөөгө кайрылуу эсептелет. Ар бир адамдын бири-бирине кайрылуу формасы бар. Ал көнүмүш болуп калган тартипте ишке ашырылат. Башка коомдун кайрылуусу бизге башкача учуроосу

мүмкүн. Бирок, өздөрүнө билинбейт, себеби алар жаштайынан ошондой кайрылууга көнүп калышкан. Ар бир элдин жашоо шартына карап, өздөрүндөй кайрылсаң капа болушпайт. Ал эми башкача кайрылсаң аларды тамашалагандай же мыскылдагандай туюлушу мүмкүн. Бирөөгө сөз айткандан мурда ушундай өзгөчөлүктөргө да маани берүү зарыл. Айрыкча сөздүн мүнөзүнө маани берген оң. Сүйлөө жараянында тилдин поэтикалык каражаттарын орду-орду менен пайдалануу да сөздү байытып, ажарын ачат. Сүйлөөдөгү эвфемизм (грекче жагымдуу сүйлөө) жагымсыз айтылган адепсиз туура эмес, катуу одоно сөздөрдү жумшартып жана сөздөр менен гармонияда айтылышын камсыздайт. Натыйжада андай сөздөр адамдын көңүлүн калтырбай, чочутпай, эмоциясын дүүлүктүрбөй, кадимки эле турмуш-тиричиликте айтылып жүргөндөй таасир калтырат. Сүйлөөнү туура уюштуруу сүйлөө маданиятынын негизи, фундаменти. Сүйлөөнү билүү адам коомун жана башка жан-жаныбарлардан ажыратып турат. Адам аң-сезими жана сөзү менен баалуу. Бул боюнча байыркы грек ойчулу Аристотель мындай деген «Кеп бул адам ишмердүүлүгүндө жашап, өмүр сүрүүсүндө аба менен суудай керектүү стимул. Ансыз адам жашоосу барксыз, элессиз, татымсыз». Сүйлөшүүсүз жашоонун кызыкчылыгы супсактанып калат. Жашоонун кызыкчылыгы кетет, маанисин жоготот. Сүйлөшүү аркылуу гана инсан өзүнүн эмоцияларын жылоолоп, көйгөйлүү ички-муңунан арылып, психикалык абалын көзөмөлдөйт. Оозеки сөздүн таасирдүүлүгүнө тил аркылуу да, тилсиз да жетишүүгө болот. Тили бар тили менен тили жок (дудук) кыймыл-аракети, ымдоо, жаңсоо аркылуу жетишет. Жалпы тил табышуу каражаттары изделет, табылат, пайдаланылат.

Сүйлөө маданиятын сактоо үчүн сөздүн искусствосун же болбосо сөздүн көркөмдүүлүгүнө, таасирдүүлүгүнө жетишүү зарыл. Өз оюңду жеткиликтүү жеткире билүү үчүн түшүнүктүү түрдө, убакытты үнөмдөө менен жеткиргенге аракеттенген туура болот. Ошол эле учурда ойду образдуу кылып, мазмунун тереңдетип, формасын уккулуктуу жана жагымдуу сүйлөө бул сүйлөө маданиятынын жогору экенинен кабар берет. Сүйлөө жараянында бир өңчөйлүккө жол берген жарабайт. Сөздү да пайдаланууну билүү зарыл. Айрыкча сүйлөө жараянында өзүбүзгө түшүнүксүз болгон чет элдик сөздөрдөн алыс болгонубуз жакшы.

М: Бир бала ар кандай сөздүн аягына «ну, что, же, жаль» - деген орус элинин сөзүн кошуп коет экен. Бир күнү атасы аварияга дуушар болуп ооруканага түшүп калыптыр. Атасын көргөнү барып «өлбөй калганыңыз жакшы болгон экен» деп, аягында «ну, что, же, жаль» деген сөздү кошуп коюптур. Баласына эмне деп айтарын билбей атасы мостоюп кала бериптир. Ошол баладай болуп калбасак эле болду. Сүйлөшүп жаткан учурларда кыскартылган сөздөрдү көп колдонгон да болбойт.

М: КГПИ (Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институту, ЖАГУ (Жалал-Абад мамлекеттик университети, ОМРС ( Окутуунун модулдук-рейттингдик системасы) ж.б.у.с. Бул кыскартылган сөздөр тааныш эмес аудиторияда пайдаланылбагандыгы жакшы болот. Мындай шартта жандырмагы менен сүйлөгөн жакшы. Сөздүн түшүнүктүүлүгү, таамай айтылышы, тилдин көркөмдүүлүгү, адабий деңгээлинин тактыгы сүйлөө маданияты болуп эсептелет. Түшүнүктүү сүйлөө үчүн, мазмундуу ойлоо зарыл. Сөздүн негизи ойдо жаралат. Сөз мазмундуу болсун десек, анда оюбузда мазмундуу түзүлүшү зарыл. Негизсиз ой жаралбайт. Негизге ээ

болуу үчүн негиздүү жүйөөлөр керек. Негиздүү жүйөөгө ээ болуу үчүн реалдуу турмуштун таасирлерине муктаж болобуз. Андай ой учкундары обьективдүү дүйнөнүн кубулуштарынан жаралат. Ал тилибиздин байлыгына жараша чөйрөгө тарайт. Сүйлөгөн сөзүбүз негизсиз болсо, болжолдонгон максатка жетпейт. Негизсиз нерсени тил да жарата албайт. Тил канчалык бай болбосун, ойдо болбогон чындыкты жаратып бере албайт. Ошондуктан сүйлөө мезгилинде оюбузду тактап, негиздеп тууралыгына ишенип алуубуз зарыл. Эгерде негиздей албасак, жакшысы, аз сүйлөп, көп укканыбыз жакшы.

Сүйлөө маданиятында дикцияны сактоого маани берүү керек. Ал үчүн вестибулярдык аппараты (сөз, эрин, тиш, тил, таңдай, тамак, жетим тил) аракетке келтирип, команданын так аткарылуусун камсыздайбыз. Аппараттын кимиси өз милдетин жеткилең аткарбайт экен, ошол жерде айтылып жаткан сөздүн бузулуп мааниси кетет. Ошондой болбосун үчүн ар бир сөздү так, анык айтууга аракеттенүү зарыл. Айтылуучу сөз катуу көзөмөлдө болсо гана толук айтылып угуучуга жетет. Сүйлөшүүдө интонациянын мааниси чоң, анын да өзүнө жараша ыкмалары бар. Ал сөздүн айтылышын тескейт, мүнөзүн аныктайт, эгерде маани берилбесе, айтылган сөз оппонентиңдин ырайын оңго, солго буруп коюусу мүмкүн. Же көңүлүн көтөрүп, ой чабыттарын көкөлөтөт, же өксүтүп маанайын төмөндөтөт.

Баарлашуу жараянында сүйлөмдүн көркөмдүүлүгүнө жетишүү, аны байытып, көңүл көтөргөндөй ырайга жеткирүү ар кандай сүйлөшкөн адамдардан талап кылынат. Ансыз сүйлөө маданиятынын керектүү, талаптагы шарттары аткарылбайт. Ал боюнча 2004 – жылы Бишкек шаарынан басылып чыккан Т.Аширбаев, А. Айтмамбетовдордун «Кеп маданияты» деген китебинде мындай деп жазылган:

Кептин көркөмдүүлүгүнө жетишүү үчүн төмөнкүдөй шарттардын болушу зарыл.

1. Ойдун өз алдынчалыгы;
2. Айтып же жазып жаткан кепке көңүл коштук, кайдыгерлик кылбоо;
3. Тилди, тил каражаттарын жакшы өздөштүрүү;
4. Кептик стилдик өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү;
5. Системалуу түрдө көркөмдүүлүккө машыгуу;

Жогорудагылардан тышкары инсанга сүйлөө маданиятын ашыруу үчүн табигый жөндөм, талант, шык, тынымсыз аракет керек. Ал үчүн сөз өстүрүү искуствосу менен тынымсыз алектенүү зарыл. Жан дүйнөсүндөгү эсте тутуу, эрктик, кабыл алуу, сезүү касиеттеринин бир гармонияда болуусун камсыздоосу талап кылынат.

Ар кандай маданияттуумун деген инсан өзүнүн ар тараптуу өнүгүүсүндө жеке өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, жалпы өнүгүүсүнүн катарында сүйлөө маданиятына маани бербесе болбойт. Себеби сүйлөө маданияты да рухунун абалын көрсөтүп, жалпы инсандык маданиятын толуктап, жүрүү-туруусун көркөмдөп турат. Айрыкча кыргыз элин «сөз баккан» эл, ар бир сөзүңө маани берип турат. Сүйлөө жараянында бир азга четке чыгып, негизги темадан же багыттан тайганыңды байкаса, сени менен кийинки боло турган мамилелер, баарлашуулар, пикир алмашуулар, сүйлөшүүлөр өтө дыкаттык менен талданып, үйрөнүлүп андан кийин гана улантылат. Ар бир инсандын жогоркуларды эске алуусу келечекте ийгиликтердин жаралышына алып келүүсү мүмкүн. Ошол ийгиликтерди сизге каалайбыз.

# 4. БААРЛАШУУ ЖАРАЯНЫНДА ӨЗҮН-ӨЗҮ БАШКАРА БИЛҮҮНҮН МААНИСИ.

Баарлашуу алдынан сөзсүз өзүңө ишенүүң керек. Баарлашуу натыйжаларын аң-сезимиңде чайкап, анын болжолдуу натыйжалары боюнча маалыматты эске алуу зарыл. Себеби баарлашуу процессинде ар кандай инсан өз максатын, каалаган мүдөөсүн ишке ашыруу багыты боюнча аракет жасайт. Инсандын алдында чечилүүнү талап кылган мүчүлүштөрдүн чоң тобу өз кезегин күтүп турган болот. Ал мүчүлүштөр инсандын жан дүйнөсүнүн чыңалышын кара күчтү, психикалык стабилдүүлүктү жана адептүүлүк нормаларын сактоону талап кылат. Андай сапаттарын ишке салуу үчүн инсанга кандайдыр бир жалпы эрудициясын жөндөп, сезимталдык жөндөмдүүлүктөрүн кыймылга келтирүүчү өзгөчө динамикалык күч зарыл болот. Ал аны кайдан алат. Албетте өзүн-өзү башкара билүү аркылуу ишке ашырат.

Адам баласы уникалдуу бири-бирине окшош болгон, кайталангыс, табияттын өзгөчө продуктасы. Жаратылышынан адам затынын мүмкүнчүлүгү чексиз. Эгерде ал ошол мүмкүнчүлүгүнөн акыл-эси менен пайдалана алган болсо, анда өзгөчөлүгү бири менен биринин кең дүйнө жөнүндөгү пикир алмашуусу. Адам ой жүгүртө алгандыгы жана дүйнөсүнүн абалын көзөмөлдөп, аны керектүү багытка буруу жөндөмдүүлүгү же болбосо аутогендүү машыгуулар жүргүзүү психикасын, акыл-эс менен башкара билүүсү зарыл. Өзүн-өзү башкарууда пайдалуу убакытты бөлүштүрө билүүнүн мааниси чоң. Бул багытта ар бир көз ирмемди өз пайдасы үчүн пайдаланууну уюштуруу, анын негизинде мүмкүн болушунча жакшы кыялдарга берилүү, сүйлөө, мамиле маданиятынын жогору даражаларына жетишүүнү самоого далаалаттанган абал талапка жооп берет. Аутогендик

тетиктерди учурунда жай-жайында пайдалануу жолдорун системалаштыруу аркылуу, эки жактык мамилелердин негизинде түзүү аракеттери болгондугу максатка ылайыктуу. Мындай абал сөзсүз баарлашуу маданиятын көтөрөт жана көз көрүнөө аңгемелешүүнүн, ийгиликтүү мазмундуу болуусуна алдын ала шарт түзөт.

Зарыл учурда өзүн-өзү башкара билүү өтө татаал маселе. Көпчүлүк мезгилдерде инсандар мындай кырдаалга атайын даярданышпайт. Качан гана баарлашуу жараяны жүрүп, чындык алдында гана эстерине келишет. Күтүлбөгөн абалдан чыгуу жолдорун издей башташат, кээ бир адамдардын баарлашууга жашаган салкын мамилеси мындай абалга дуушар кылып, туңгуюкка каптап коет. Себеби андай инсандар алдындагы жан дүйнө сыноосуна даярдыксыз келип калышат. Натыйжада баарлашуунун рахатына батуу мүмкүнчүлүгүн толук пайдалана алышпайт. Андай баарлашуу толук кандуу руханий канааттангандык сезимдерин алып келе албай калат.

Анын себеби эмнеде биринчи кезекте «төгөрөгү төп келген, келишкен адам» бул жарыкта жаралбаган. Бул тууралуу В. Левн «өзүнүн өзүн-өзү башкара билүү бул искусство» деген китебинде мындай дейт: «Бардык жерде жана дайыма өзүн башкара билген адам баласы жок, ошондой эле эч качан өзүн башкара албай турган адам да жок». Демек баарлашууну туура уюштуруу инсандын өзүнөн жана өзүн башкара билүүсүнө байланыштуу болот. Ал эми өзүн-өзү башкаруу үчүн эмне кылуу керек? Сөзсүз руханий дүйнөңдү жөндөө боюнча такай илимий машыгууларды алып барып, көнүгүүлөрдү өткөрүп туруу зарыл. Машыгуу, көнүгүүлөрдү өткөрүү алдында өзүңдүн жекече өзгөчүлүктөрүңдү изилдеп, анын күңгөй-тескейлерине маани берип, психикалык абалыңды тактап алуу зарыл. Айрыкча темперамент, мүнөз, кабыл алуу, сезүү, сезим,

эрктик өзгөчөлүктөрүңдү талдоого алган жакшы. Себеби баарлашуу жараяныңдагы өзүңдүн обьективдүү аракеттериңе көп нерселер байланыштуу болот. Мындайча айтканда ар кандай адам баласы өзүн-өзү көзөмөлдөөгө акыл-эси жайында болсо, кудурети жетет.

Эгер адам баласы журуу-туруусун, маданий деңгээлин, адептүүлүгүн оңдой алганга күчү жетсе, анда ал эмне себептен кээ бир кырдаалдарда өзүнү-өзү көзөмөлдөй алат, ал эми кээ бир мезгилдерде көзөмөлдөй албай калгандыгын талдап, аны жоюу боюнча иш чара жүргүзө алат. Талдоо үчүн эмнелерди билген оң?

1. Өзүңдүн кылык-жоруктарынды башкаларга же болбосо идеялыңдагы инсандын жүрүү-туруусуна, маданиятына, мамилесине жана башка ушул сыяктуу асыл сапаттарына салыштырып көрүү.
2. Алдыңа койгон максатыңды даана билүү. Бул багытта ийгиликке жетерээриңе, ийгилик болоруна, тандаган багытыңдын өзгөрбөөсүнө чын дилден ишенүү.
3. Эки жактык мамилени же мамилелердин нугун буруп, максатына жетүүнүн жолдорун аныктоо.
4. Мамилелер мезгилинде пайда болуп жаткан же түзүлүп келе жаткан кырдаалдарды аңдап, аны мүчүлүшкө айландырбоого аракеттенүү.
5. Баарлашыңды билүү, изилдөө, үйрөнүү чексиз нерсе экендигин жадыңдан чыгарбоо.
6. Шартына жараша мамиле жасоого үйрөнүп «селге каршы сүзгөн» ийгиликке алып келбөөсүн ойдо тутуу.
7. Өнөктөшүң жөнүндөгү кабарларды кенен-кесир билүүгө аракеттенүү.
8. Өнөктөшүңдүн дүйнө туюм деңгээлинин абалы менен тааныш болууга аракеттенүү.

9. Өзүңдүн баарлашууга даярдыгыңды байкоо.

Жогорудагыларды талдоо аркылуу өнөктөшүңдү гана эмес өзүңдү да кээ бир деңгээлде билип аласыз, аны башкарууга жөндөмүң артат.

Инсан табышмак, ачылбаган сыр, адам жөнүндө көптү билип алдык дегенибиз менен али биле элегибиз өтө көп, адам затынын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү али алдыда турат. Мына ушул үйрөнүлө турган маселелерде баарлашуу маданиятына маани берүү зарыл. Себеби, биздин адам баласы менен жасаган баарлашуубузга көп нерсе байланыштуу, аларга күндөлүк жашоо турмуш, үй-бүлөдөгү атмосферага, психикалык абалыбыз, ишке жөндөмдүүлүгүбүз, активдүү аракеттерибиз, мамилелерибиз ж.у.с.

Баарлашуу алдынан баарлашуунун ийгиликтүү болуусуна ишенүү, баарлашуу толкунун сөзсүз жөндөп кете алууга өзүңдү даярдооңдун мааниси чоң. Ал үчүн баарлашуу деңгээлинин толкунуна өз абалыңды күүлөөгө жетишүү зарыл. Өз кезегинде бул абал жан-дүйнөңө кандайдыр бир көрсөтмөнү же буйрукту талап кылат. Ал буйрукту берүү үчүн буйругуңдун туура болооруна, ар тараптан өзүңдү-өзүң ишендирүүң зарыл. Башкаруу жараянында өзүнө ишенип, аткарып жаткан ишиңдин оң экендигине толук бойдон ишенсең, ал мезгилде ийгилик өзү сени издеп табат. Ал эми ошол деңгээлде психакалык абалыңды сүйлөй алууга, мамилелер аралык чындыкка негиздөө эки жактык мамилешүүгө алып келет. Өз кезегинде ал чечилүүнү талап кылган мүчүлүштүктөрдү күн тартибинен алып коюуга шарт түзөт. Ал дегендик эки жактык мамиле ишке ашты деген маанини берет же болбосо толеранттуу мамилелерге жөндөмдүлүктүн белгиси болот.

Жогоркудагылардын баары, сөзсүз өзүн-өзү башкара билүүсүнө байланыштуу болот. Белгилеп

өткөнүбүздөй ал үчүн өзүнө-өзү көңүл коюу, абдан ишенүүнү талап кылынат. Мындай касиет тынымсыз машыгуудан жана ауторинг өткөрүүдөн кийин керек болсо, өзүн-өзү гипноздоодон жаралат. Айрыкча бул багытта XX-кылымдын 20-30 жылдарында немец психотерапевти доктор Шульцтун иш тажрыйбаларынан гипноз менен иштөө жолун тапкан. Ушул багытта бир топ ийгиликтерге жетише алган. Ал невроздорду айыктыруу үчүн өзүнчө машыгуу жолдорун иштеп чыккан. Убакыттын өтүүсү менен ал тажрыйбалар «аутогендик машыгуулар» же болбосо «аутотренинг» деп аталып калган. Бул багытта Ждейкобсондун бошоңдоо жолу, КУЭ, Аструрельдердин өзүн-өзү ишендирүүнүн ыкмалары, орус илимпоз, педагогдору Бехтеров, Рувинскийлердин эмгектерин белгилесек болот. Жогорудагы илимпоздордун эмгектери көп жагынан бири-бирине окшош. Мааниси: ар кандай инсан өзүн-өзү башкара билүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Ал үчүн, эң негизгиси, өзүн бошоңдотуу аркылуу, дене башынан эркин дем алуусуна жетишүү, керек мезгилде аракеттенүү жөндөмдүүлүгүн жогорку натыйжа бере турган абалын камсыздоо болуп саналат.

Баарлашуу алдындагы «эмне болуп кетээр экен?», «антсемби, минтсемби» деген болжомолдоолор, жүрөксүнүүлөр, же тагыраак айтканда корккондук, өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө ишенбестик жаңы кооптонууларды жаратып, өз алдынча чечилип кете турган мааниси да чечилбей калуусу мүмкүн. Бул жерде инсандан бир аз гана эрктик импульс зарыл болуп, ошону пайда кыла турган түрткү сезим зарыл болот. Эгерде ошол түрткү сезимди ишке киргизе алсак, ал эрктик сапат менен коштолуп турса, сөзсүз, анын жан дүйнөбүзгө ырахат багыштаган натыйжасы болот. Ошондуктан баарлашуу башталар алдынан бүдөмүк ойлор менен коопсуздана берген жарабайт. Мүмкүн

болушунча ырайлык деңгээлди оптимисттик деңгээлге күүлөп аракеттенген туура болот. Баарлашуунун натыйжасы боюнча кооптонуу кээ бир мезгилде көзөмөлдөн чыгып кетип, ыңгайсыз абалга дуушар кылып коюу коркунучу бар.Себеби, көзөмөлдөн чыккан деңгээл, көпчүлүк мезгилдерде акыл-эске баш ийбей, мээ мейкиндигин башкара албай калат. Ушундай мезгилдерде ойлонулбай жасалган иштерге жол берилип кетиши мүмкүн. Мунун негизи баш аламандык ойдун бир бүтүмгө келбегендигинен жана максаттар аныкталбагандыктан келип чыгуусу мүмкүн. Мындай мезгилдерде аксакалдарыбыз «астафурулла», «сабырдын түбү сары алтын» дешип коюшкан. Ошентип өздөрүнүн кызуулануулларын басышкан. Азыр эле илимге таянып, аутотренинг аркылуу өзүбүздүн психикалык абалыбызды тең тараза абалга алып келгенге аракеттенебиз. Элдик тарбияда сабырдуулукка ыктап, өзүбүздүн эмоциалдык абалыбызды жөндөп келген болсок, азыр эми андай абалга илимий мамиле жасаганга шарт бар, илимий булактарды жетишээрлик деңгээлде бар десек аша чапкандык болбосо керек. Инсандын эрктик сапаттарын бекемдөө, анын кескин аракеттерге жол ачуучу багыт, бул аутотренинг багыты. Канчалык аутотренинг менен алектенсек, анын ички табигый сырын психикалык абалыбызды жөндөөгө багыттай алсак, ошончолук баарлашуу процессин ийгиликтүү жана жемиштүү өткөрүүгө ыктай алабыз.

Ауторининг адамды ар түрдүү кырдаалдарда өзүн кармай билүүгө, мамилелерин көзөмөлдөөгө, ырайлык деңгээлинин өзгөрүүлөрүн байкап турууга, пайда болгон мүчүлүштөрдү ийгиликтүү жана пайдалуу чечүүгө жакындан жардам көрсөтөт. Ошондуктан инсандын өзүн-өзү башкаруудагы аракеттеринде аутотренингдик маанисин көзгө көрүнөрлүк. Аутотренингди өздөштүрүүчүлөр үчүн В. Леви төмөндөгү беш принципти сунуштайт:

1. Ички тапшырма,
2. Өлчөмдүү фонатизм,
3. Чочулоого жол бербөө,
4. Аутотренинг менен машыгууга убакыт бөлүү

5.Өзүңүзгө ишенүү, бардыгы сиздин өзүңүздө болот.

Жогорку көрсөтүлгөн беш принципти сактоо менен өзүн-өзү башкаруу боюнча аутотренингди уюштура алган инсан эки жактык мамилелерди эрктүү уюштура алат. Аутотренингдик көнүгүүлөр инсанды көздөгөн максатына жетүү үчүн психикалык жана адептүүлүк жактан даярдануусуна жол ачат. Аны кээ бир учурларда пайда болуучу аверсивдүү (англис тилинде avezsion- иренжүү), абалдардан сактайт. Мындай абал көбүн эсе эки жактык мамилелерде пайда болуп, оюң ордунан чыкпай, сен күткөн натыйжа болбой калган мезгилде пайда болот. Мындай абал инсанды катуу эрктик толгонууларга, алып барат. Дене боюңдун абалын чыңалтып, стресс абалдарына алып баруусу мүмкүн. Ушундай мезгилдерде сөзсүз аутотренинг өткөрүү сунуш кылынат. Андай чыңалууга өз мезгилинде чара көрүлбөсө, адам баласын эрктик талаасынан чыгарып жиберүүсү мүмкүн.

## 5. ОРАТОРДУК ИСКУССТВО.

«Сөздүн башы кызыл тили» дешет кыргыздар. Рухуңдагы баалуу ойлорду тил аркылуу гана бере аласың. Баарлашуу жараянында тилдин өнүккөндүгү аны аң-сезимдүү пайдалана билүү эки жактык мамилелерди түзүүгө түздөн-түз жардам берет. Адамдын нерв системасындагы экинчи сигналдык система, бул тил, оюңду башка кишиге тил аркылуу жеткирип берүү мүмкүнчүлүгү. Адам баласынын жаныбарлардан айырмачылыгынын бир жагы ушунда турат. Эми ошол тилди туура пайдалануу жана

натыйжалуу пайдалануу, инсандын аң-сезимдүү жашоосунда анын маданий деңгээлине кирет. Тилди пайдалануу адам баласынын жүрүү-туруусундагы эстетикалык маданияты. Кээ бирде адамдар эки инсандын бирин-бири кемсинтип кордошкондуктарын көрүшүп, аны айтып берип жатып «Апей, тигинин оозунан ак ит кирип, көк ит болуп чыгып жатты» дешип калышат. Же болбосо аларды сүрөттөөдө алардын оозунан чыккан сөздөрдү образдуу туура сүрөттөп «ак» жана «көк» иттерге теңешип жатышат. Ошол сөздөрдү агартып, көгөртүп жаткан эмне? Ал тил. Эгер ошол мезгилде экөөнүн бирөөнүн тили тыйылганда чатак ырбап отуруп, ошондой деңгээлге жетпейт болуучу. Бул жерден биз кызыл тилдин мүмкүнчүлүгүн, анын жөндөмүн, анын курчтугун байкап жатабыз. Тилди ooздуктабаса ал бир топ күтүлбүгөн жайдайларды жаратып коюусу бышык.

Кыргыз эли кадимден тилге маани берип, тилдин пирлери болгон акындарыбызды урматташып, сыйлашып келишкен. Тилдин сактоочусу да казыначысы да акындар болушкан, бүгүн да ошондой, эл болсо алардан үлгү алышкан. Сөз өстүрүүдө эки акындын айтышуулары теңдеши жок ролду ойногон. Куйма кулактар, эстеп калуу жөндөмү өнүккөн инсандар айтышууларды эки, үч жолу укканда эсине сакташып калышкан. Акындардын айтыштары, насааттары, санаттары, үлгү ырлары кийинки муундарга ошолор аркылуу тараган. Ар бир мезгилдин өзүнүн акыны, өзүнүн куйма кулактары чыккан. Мезгилдин өтүүсү менен жаңы сөздөрдүн пайда болуусу менен акындардын мурастары жаңы мазмундарга толукталып, кийинки муундун рухий дүйнөсүн байыткан.

Байыркы Грецияда убакты-убактысы менен даанышмандардын ой-бөлүшүүлөрү, философиялык ой жүгүртүү таймаштары, жашоо тиричилик сунуштары

таштан курулган ареналарда, амфитеатрларда өткөрүлүп турулган. Ал жерлерде бүткүл дүйнөгө тааанымал болгон ойчулдар ой бөлүшкөн. Алардын катарында Хионийди, Цицеронду, Сократты кошсок болот. Алар жаратылыш берген табигый акыл эстери менен Рим менен Грециянын элдерин таң калтырышып, алардын кээ бирлерин байыркы грек элдери «кудайлар» дешип да коюшкан. Себеби алар сөз чебери, чечендик менен гана чектелип калбастан, табигый илимдер менен да алектенишкен. Анын себебинен элге насаат сөздөрүн айтышып, эрте жаздан баштап эмне болоорун, эмнеге маани берүү керек экендиги тууралуу, көзү ачыктык менен алдын ала айтышкан. Көбүн эсе алардын айткандары, эскертүүлөрү туура чыккандыктан, эл аларга биротоло ишенишип, алардын айткандарына агылып келишкен. Ал философтордун арасынан б.з.ч. 106-43 жылдары жашап өткөн Марк Туллий Цицерондун эл арасындагы кадыр-баркы өтө бийик болгон. Чечендик (сөз чебери) өнөрү байыркы Римде атайын окутулган, аны «Риторика» сабагы дешип коюшкан. Ал мектептерден көрүнүктүү сөз чеберлери өсүшүп чыгышкан. Бул мектептерде сөз үйрөнүү менен катар байыркы гректердин «Одиссея», «Илиада» жана башка ушуга окшогон элдик эпостору жаттатылган. Чечендик турмуштагы түрдүү жагдайларды көркөмдөө менен оозеки баяндоо болгон. Алар, чечендиктин да маданиятын сактоону билишкен. Бул боюнча Цицерон мындай деген «Чечен эмнени айтуу керек, кайсы жерде айтуу керек, кантип айтуу керек деген үч нерсени ойлонуу зарыл»-деген. Азыркы бийик трубиналардан өздөрүнүн чечендигин көрсөтүүгө аракеттенишип жүрүшкөн саясатчылар жогоркудагы сөзгө маани беришип коюшча жаман болбойт эле.

Орто Азияда болсо падышанын сарайында жашоо баалуулуктары боюнча ар дайым түрдүү багыттагы философиялык полемикалар өткөрүлүп турган. Аны

«деван» дешип коюшкан. Бул жерде адамдын коомдогу орду жөнүндө гана сөз болбостон, ошол маселелер философиялык аспектер аркылуу каралып, инсандын жашоо максатынын маселелери талкууланган. Ал эми илимдин көптөгөн спектрлери талданып, даанышмандардын сунуштары берилген, акындар өздүрүнүн чыгармаларын окушуп, архитекторлор курулуш түрлөрү жана стилдери жөнүндө кеңири пикир алмашышкан.

Жогоркуда белгиленгендердин баары иш чара катары адамды заманына жараша жашоого үйрөтүү багытын көздөгөн. Сөзсүз ал өз учурунда максатын ишке ашырууда өз таасирин тийгизген.

Ошондой иш чараларда өзүн көрсөтүп, интеллектуалдык деңгээлин, эрудициясын ишке салуу үчүн ар бир инсандан, азыркы мисалда илимпоз, даанышмандан талдануучу маселени ийне-жибине чейин билүү жана жеткилең түрдө айтып берүүгө тил керек болгон. Ошол жөндөмүн ашыруу максатында инсан машыгууларды системалык түрдө өткөргөн жана ага жетише алган. Аларды ораторлор дешип коюшкан. Оратор бул – сөз чебери, сөз сүйлөөнүн устасы, сөз түзүү боюнча конструктор, максатын айкын түшүндүрүп бере алган инсан.

Азыркы заманда мындай кубулушту молдолордун жүрүш-турушун байкашыбыз мүмкүн. Алардын көпчүлүгү Курандын аят, сүрөөлөрүн жат айтуу максатында дайыма машыгуулар өткөрүп, угуучуну өзүнө тартып алуу боюнча куранды «кырааты» менен окуу, тон же болбосо үндүн бийиктиги созулуусу боюнча дайыма машыгуулар өткөрүшөт. Угуучу үчүн кызыктуу болуу менен Мухаммед пайгамбардын хадистеринен (айткандарынан) мисалдар келтиришет. Ушулардын баары ораторлук исскуствону өнүктүрүү үчүн жүргүзүлгөн аракеттер болуп саналат. Аны бардык эле адамдар үйрөнө албайт, жөндөмүнө

жараша өздөштүрөт. Ораторлук искусство ар кандай адамга зарыл. Баарлашуунун натыйжасы адамдарга ораторлук искусствосуна жараша болот. Себеби, оратор канчалык талкууланып жаткан маселе боюнча обективдүү түшүндүрүү жөндөмүн көрсөтө алса, ага болгон мамиле жана ишеним артат. Анын жактоочулары көбөйөт. Ораторлун курч тилдүүлүгү, ар кандай маселени ишенимдүү, аргументтештирип түшүндүрүп берүүсү, угуучуну ыраазы кылып канааттандырат. Ораторлун негизги ишенген аргументи чындыкка таянуусу, факт-көзгө саяр нерсе, аны менен куралданса далилдөө негиздүү болуп, угуучунун көңүлүнө толот.

Ораторлун негизги куралы–тил. Тил канчалык өнүккөн болсо, ал оюн аудиторияга төкпөй-чачпай, негиздеп бере алат, натыйжасы жакшы болот. Оратор тилди да, мимикасын да, элестерин да чеберчилик менен пайдалана алса жакшы натыйжалар берет. Алардан тышкары оратор же чечен эмнеси менен өзгөчөлөнүп туруусу зарыл ?

1. Сөздү чукугандай таба билүү жөндөмү менен:
2. Акустиканы, үндү туура пайдалана билүү менен:
3. Өзүн коомдо кармай билүүсү, адептүүлүгү менен:
4. Түзүлгөн жагдайга жараша тилдик каражаттарга маани берүүсү менен:
5. Сөздү таразалай билүүсү менен:
6. Артисттик жөндөмгө ээ болуусу менен:
7. Басым жасоо ирмемдерин сезүү менен:
8. Абстрактуу жана реалдуу ой жүгүртүүлөрү менен:

Андан тышкары оратор элдин алдында өзүн кармай билүүсү, мыкты сапаттарын, жүрүү-туруу, адептүүлүк касиеттерин көрсөтө алуусу негизги маселелердин бири. Оратор өзүнүн чыгууларында түзүлгөн шарттарга карап, анын коммуникациясын

уюштура алуусунда да мааниси чоң. Себеби бул да оратордун чеберчилик атрибуциясынын бир жагы. Ошондой эле оратордун адамдык сапаты менен кошо жалпы масса менен тил табышуу, алардын көңүлдөрүн толугу менен өзүнүн бийлигине оодарып алуу жөндөмү да зарыл касиеттердин бири.

Оратордон чечендик, кырдаалга байланыштуу пландаштырбаган окуяларда чечүүгө даяр болуусу талап кылынат. Анын дагы бир касиеттеринин бири тактыгы сезе билүүсү. Тил дегенибиз угуучунун эмнени айтуусуну каалап жатканын, анын көзүнөн, кыймыл - аракетинен айттырбай туруп билип туруусу. Тактын сактай билүү, абройдун сакталуусу.

Оратордун дагы бир искусствосу баарлашып жаткан массанын адептүүлүк-психологиялык температурасын же болбосо абалды сезип туруусу. Ошого жараша талкууланып жаткан маселени башка багытка буруп кетүү жөндөмү. Ошондой эле өзүнүн психологиялык абалын эч качан көз жаздымдан чыгарбоо. Оратордун эң негизги сапаты аудиторияны ээлеп, масса менен жалпы тил табышууну уюштуруусу болуп эсептелет.

## Пайдаланган адабияттар:


1. Алимбеков.А.Кыргыз этнопедагогикасы. 1996. I бөлүк.
2. Аширбаев Т. Айтманбетов А. Кеп маданияты. Бишкек, 2004-ж.
3. Апресян Г.З. .Ораторски искусство М. 1972 г.
4. Алиев А. Духовые наследия средневековых ученых-энциклопедистов средней Азии. Ош, 2002.
5. Бардин С.М. Этика взаимных отношений М. 1969 г.
6. Баева О.А. Ораторское искусство и деловое отношение. Минск. 2000 г.
7. Владимир Леви «Өзүн-өзү башкара билүү бул искусство» Фрунзе 1975 ж.
8. Гольдин Е.В. Речь и этинет М. 1983 г.
9.Жусуп Баласагын. «Куттуу билим » М НИК 1993-ж.
10. Жээналы Шери уулу Адабият тааныткыч. Бишкек-Ош. 2001-ж.
11. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. Бишкек, 1997-ж.
12. Исаков К. «Куттуу билим» трактатындагы этникалык парадигмалардын философиялык негиздери Ош 2005 ж.
13. Имом Мухиддин Захарие ибн Шараф Нававий «Кырк Хадис» Ташкент. 2005 й.
14. Зарецкая Е.Н. Риторика М. 1999
15. Кармышаков С «Көркөм сөз күчү» Фрунзе. 1978 -ж.
16. Кайкавус Кабусname Ташкент. 1972 й.
17.Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери Бишкек. 1993ж.
18. Маккамов У «Одаб ахлох собаклари» Ташкент. 1994 й.
19. Марксисткая этика пад.ред. А.И. Титаренно М. 1976.
20. Сафаров Р.М. Правило хорошего тона – Ташкент. 1993.

21. О советском этикете Сборкин статет Ленинград. 1972 г.
22. Шериев Ж. Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты Бишкек 1992 ж.
23. Чоротегин Т.К. Махмуд Кашкари жана анын «Девани луга тат-түрк» сөз жыйнагы Бишкек. 1997ж.
24. Чотонов Ө «Ыйман сабагы» Бишкек. 2003 ж.
25. Юрганов Ю.Б. Красота общения Минск. 1983 г.

Мазмуну


Баш сөз………………………………………………………… 3

I ГЛАВА

Этика илиминин тарыхы, негизги багыттары жана этаптары.

1. Этика илими жана жүрүш-туруш этикасы жөнүндө……….. 5

3. Этиканын негизги багыттары жана этаптары………………. 29

II глава.

Адеп-ахлактын жана адептүүлүктүн милдеттери жана структурасы.

1.еп-ахлактын коомдун турмушундагы орду, маңыз-мааниси, мазмуну, максаты, милдети……………………………………. 33

2. Адеп-Ахлактын жана адептүүлүктүн негизги милдеттери…. 40

3. Адеп-ахлактык аң-сезимдин структурасы……………………. 44

III глава

Жүрүш-туруш этикасынын гармониялык тарбия берүүдөгү орду.

1.Тарбиялоо, адептүүлүккө тарбиялоо, өзүн-өзү тарбиялоо.. 53

2. Жүрүш-туруштагы инсандын ички жана сырткы маданиятынын биримдиги…………………………………………. 60

3. Инсандын мамилесиндеги сулуулук………………………. 64

4. Адеп –ахлак жана адептүүлүк мамилелеринин негиздери…. 68

5. Кийинүүнүн маданияты……………………………………… 71

IV глава

1. Ыйман - коомдун идеалындагы инсанды калыптандыруучу.

Ыймандуулук жана азыркы заман жүрүш-туруш этикасы… 78

2. Ыймансыздык жана анын түшүнүктөрү............................... 91

3. Инсандын өзүнүн жүрүш-турушун көзөмөлдөй алуусу жана өзүн-өзү башкара билүүсү................................................ 101

V глава

Кыргыз элинин коомдук-тарыхый өнүгүсүндөгү калыптанган жүрүш-туруш этикасынын өзгөчөлүктөрү.

Кыргыз элинин жүрүү-туруу этикасындагы элдик тарбиянын ролу………………………………………………….. 107

1.Азыркы заман цивилизациясынын кыргыз элинин жүрүш-туруш этикасына жана адеп-ахлактык нормаларына сиңиши, жаңы сапаттык өзгөрүүлөрдү жаратуусу……………………… 111

2.Кыргыз Республикасы көп улуттуу жана көп тилдүү мамлекет……………………………………………………… 116

VI глава

Педагогун кесиптик этикасы.

1.Педагог - инсан катары…………………………………… 119

2. Педагогдун ишмерүүлүк сапаттары………………………….. 122
3. Педагогдун жүрүш-туруш маданияты……………………… 126
4.Педагогдун кийинүү маданияты…………………………….. 128
5. Жаш адистин этикасы………………………………………… 131
VII – глава
Жүрүш-туруш этикасындагы жана эстетикасындагы баарлашуу маданияты.
1.Баарлашуунун түрлөрү, категориялары, формалары, стилдери…………………………………………………………… 138
2.Мамиле жасоо жана пикир алмашуу маданияты…………….. 152
2. Сүйлөө маданияты…………………………………………… 161
3. Баарлашуу жараянында өзүн-өзү башкара билүүнүн мааниси…………………………………………………………… 169
4. Ораторлук искусство………………………………………… 175
Пайдаланган адабияттар……………………………………. 181

**Миталипов Камалидин Миталипович,**
**Касымов Тыныбек**

# Жүрүш-туруш этикасы, эстетикасы жана баарлашуу маданияты

## (назарияттык бөлүк)

Тех.редактору Акылбек.Тойчубаев
Корректору: Ыкыбал уулу Элдияр

Терүүгө берилди 16.09.2012. Басууга 29. 10. 2013 ж.
Кагаздын форматы 84х60. 11,5 б.т. Буйрутма №89. Нускасы 500.
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.